Кырг
4
К 89

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

С. КУДАЙБЕРГЕНОВ

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ СӨЗ ӨЗГӨРТҮҮ СИСТЕМАСЫ

ФРУНЗЕ—1957

## КИРИШ СӨЗ

Грамматикалык категорияларды изилдөө тилдин негизи бо-п эсептелген негизги сөздүк фонду жана грамматикалык тү-лүш менен байланыштуу. Тилди ыраатуулукка келтирүү үчүн лдонулуучу сүйлөмдөгү сөздөрдүн өзгөрүү жана айкашуу си-емасы грамматикалык түзүлүш болуп эсептелет. Тилдин грам-тикалык түзүлүшүндө мындай ыраатуу, маанилүү мүнөз рүүчү грамматикалык каражаттардын бири болгон сөз өзгөр-ү системасы сан, жөндөлүш, жакталыш жана таандык кате-рияларын өзүнүн ичине алат.

Грамматикалык категориялар тил үчүн мүнөздүү нерсе болуп птелет да, алардын грамматикалык мааниси сөздөрдүн өзгө-шүнөн жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн айкашууларынан көрүнөт. эми грамматикалык формалар болсо сөздөрдүн конкреттүү олочкасында жана сүйлөмдөрдө бул жалпы категорияларды лдирүүчү каражат (средство) катарында эсептелет. Граммати-лык категориялар абстракциянын продуктусу катарында тил-н тарыхый узак өсүшүнүн жана тилдин грамматикалык тү-үшүнүн өркүндөшүнүн натыйжасынан түзүлгөн

Сөз түркүмдөрү маанилерине карата лексикалык гана эмес, ону менен бирге, лексико-грамматикалык топ да болуп эсеп-ет. Ошондуктан алар лексико-грамматикалык топ катарын-бири биринен өздөрүнүн мааниси жана морфологиялык белги-и боюнча айрылганы менен, өздөрүнө тийиштүү болгон грам-икалык жалпы категориялар боюнча белгилүү группага ригишет; алардын грамматикалык маанилери ошол категория-аркылуу берилет. Сөз түркүмдөрүнүн атоочтор группасы ндык, жөндөмө жана сан категорияларынын бардыгы менен нөздөлсө, этиш группасы мамиле этиш (залог), түр (вид), ай, чак жана жак категориясы менен мүнөздөлөт. Бирок пысынан ушундайча болуп бөлүнгөнү менен бул эки груп-а кирүүчү сөз түркүмдөрү да жогорку көрсөтүлгөн грам-икалык категорияларды тейлөө жагынан бирдей эмес. Ми-ы, сан атооч атооч группасына киргени менен сан жана таан-категорияга ээ эмес. Жөндөмөлөргө гана ээ. Сын атооч

заттын сынын, өңү-түсүн көрсөтүп, сүйлөмдө аныктоочтук
дет аткаруучу сөз болгондуктан буларда да жогорку атоо
грамматикалык категориялардын болушу мүнөздүү эмес. Э
де сын атоочко бул грамматикалык категориялардын мү
жалгана турган болсо, анда алар субстантивдешет (заттаны
Айрым изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, атооч группасына
тоочтор да кирет. Бирок ал жогорку көрсөтүлгөн грамматика
категориялардын бирине да ээ эмес. Ат атооч сандык категор
ээ. Бирок ат атооч—атоочторду атабаганы менен аларды кө
түүчү, алардын ордуна колдонулуучу сөз. Ошондуктан са
категория логикалык жагынан алганда буга да анчалык
нөздүү эмес. Зат атооч затты көрсөтөт, зат бирөө же бол
көп болушу мүмкүн. Ошондуктан заттын сандык идеясын г
матикалык форма аркылуу көрсөтүү баарынан мурун зат а
ко тиешелүү.

Кыргыз жана башка түрк тилдеринде грамматикалык ро
жоктугу. сан боюнча көпчүлүк учурда орус тилиндегидей б
дайыма ээрчише бербөө көптүк категорияга да таасирин ти
бей койгон жок. Натыйжада көптүк категориясынын сфе
биздин тилде орус тилине караганда алда канча тар. Анын ү
көпчүлүк учурда биздин тилде көптүктүн грамматикалык ф
сы аз колдонулат. Анткени кээ бир зат атоочтор формас
юнча жекелик түрдө турганы менен, мааниси жагынан тиги
бул заттын коллективдик уруусун билгизип, жалпыланган т
нүктү берет. Көптүк форманын аз колдонулганынын экинчи
себеби аныктоочу сан атоочтон болгондо анын аныктал
дайыма жекелик түрдө болот да, сан жагынан ээрчиш
(Салыштыр: эки китепке—двум книгам ж. б. ).

---

## I. САН КАТЕГОРИЯСЫ

Сан категориясы сөз өзгөртүү системасындагы грамматикалык категориялардын негизгилеринин бири болуп эсептелет.

Кыргыз тилинде сан категориясына атайын арналган адабияттар жок. Бирок, ошентсе да, сан категориясынын көптүк түрүнүн негизги берилүүчү жолдору И. А. Батманов тарабынан кыскача иштелген. Автор өзүнүн эмгегинде[1] көбүнчө сан категориясынын түзүлүшүнүн лексикалык жана синтаксистик жолдоруна токтолуп, морфологиялык жолуна аз көңүл бурган. Мында автор көптүктүн морфологиялык мүчөсү *-ларга* гана токтолуп. көптүктүн идеясын билдирүүчү башка мүчөлөргө токтолбогон. Жогоруда көрсөтүлгөн жолдордун ичинен эң баййркысы деп лексикалык жолду туура көрсөткөн. Бирок ошентсе да, автордун эмгеги Н. Я. Маррдын каталарынан да кур эмес; бул жөнүндө автордун ат атооч „биз“ менен сан атооч „бирди“ байланыштырганын караңыз[2].

Сан категориясы боюнча буга окшогон кыска маалыматты К. Дыйкановдун зат атоочко арналган изилдөөсүнөн да табабыз[3]. К. Дыйкановдун берген маалыматы бул маселе боюнча кыргыз тилиндеги башка маалыматтардан өзүнүн түзүлүшү боюнча айрылат. Автор орус тилиндеги грамматикалык традицияны колдонуп, жекелик түрдө гана колдонулуучу же көптүк, жекелик жана көптүк түрдө колдонулуучу зат атоочтор деп үч группага бөлгөн. Тигил же бул группага кирүүчү сөздөрдү негизинен лексико-семантикалык мааниси боюнча бөлүштүргөн да, мүмкүн болушунча аларды тактаган. Бирок, ошентсе да, көптүк категориясынын негизги берилүүчү жолдору жана жалпы эле сан категориясынын сөз өзгөртүү системасындагы алган орду жана ролу көрсөтүлбөгөн.

Сан категориясы мектеп грамматикасында грамматикалык категория катарында өзүнчө берилбестен, „Зат атоочтун жеке-

---

[1] И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. 11, Фрунзе 40, 17—19 бет.

[2] И. А. Батманов. Аталган эмгек, 11, 17—18 бет.

[3] К. Дыйканов. Имя существительное в киргизском языке. Фрунзе 55 г.

лик жана көптүк санда айтылышы“ болуп, зат атоочко байланыштырылып берилет. Натыйжада жекелик сан менен көптүк идеянын өз ара байланышы, көптүк сандын берилүүчү негизги жолдору көрсөтүлбөйт. Көптүк сан жөнүндө көбүнчө толук эмес маалымат берилет да, көптүктүн синтетикалык жол менен берилиши катарында *-лар* мүчөсү гана эсепке алынат.

Сан категориясы жөнүндөгү маалымат башка түрк тилдеринин адабияттарында да бар, бирок буларда да маселенин изилденилиши түрдүүчө.

Атайын арналган абияттардан А. Г. Гуломовдун[1], Г. А. Никифировдун[2], К. Грөнбехтин[3] эмгектерин көрсөтүүгө болот.

Сан категориясы жөнүндөгү маселе мындан башка Н. К Дмитриевдин, Н А. Баскаковдун, А. Н. Кононовдун, Н. П. Дыренкованын, Л. Н. Харитоновдун ж. б. эмгектеринде да каралган. Кыргыз тилинде сан категориясы орус тилиндегидей лексико-грамматикалык категория эмес[4], таза грамматикалык категория болуп эсептелет. Анткени сан категориясы аркылуу биздин тилде сөздүн лексико-семантикалык мааниси дифференциялан-байт.

Сан категориясынын эң негизгиси болуп көптүк категориясы эсептелет. Сандык идея сан атооч, ат атооч (ат атооч аркылуу сандык идея этиштин жактарына да таралат), этиштин грамматикалык категорияларынан кайталама түр (*чапкыла*) кош мамиле этиш (*жазышты*) жана лексико-семантикалы категория катарында жалпылыкты билдирүүчү зат атоочтор таралат. Сандык идея жогорку көрсөтүлгөндөрдөн башка сы атоочтун салыштыруу жана күчөтмө даражаларында да боло

Сандык идея жекелик жана көптүк болуп грамматикалы эки формада берилет.

## I ЖЕКЕЛИК САН

Кээ бир зат атоочтор көптүк түрдө колдонулбастан, жала гана жекелик түрдө колдонулат. Бул сан жагынан болгон ө төчөлүк көбүнчө реалдык маанисине байланыштуу сан боюнч саналбай турган же болбосо жалпы эле сандык түшүнүккө туу келбеген зат атоочторго таандык.

Жекелик түрдө колдонулуучу сөздөргө лексикалык төмө кү группалар кирет.

---

[1] Өзбек тилиде куплик категориясы, Ташкент, 1944.

[2] О значениях аффикса-*лар* в якутском языке, Тюркологический сбо ник, № 1, 1951.

[3] Der türkische Sprachbau, Kopenhagen, 1936.

[4] Караңыз: Н. С. Поспелов. Соотношения между грамматическ категориями и частями речи в современном русском языке. Вопросы язык знания, 1953. 3 бет. В. В. Виноградов. Русский язык, 1947, 155 бет.

1) Жаратылыштык кубулуштарга байланыштуу болгон түшүнүктөрдү билгизүүчү зат атоочтор: *жаан, кар, бороон, бурганак, чагылган, жарык, асман, ай, көк* (небо). *аяз, суук, түш, таң, шоокум, шамал, караңгы, жел, түтүн, буу, туман, мунарык ж. б.*

2) Ай жана жылдын мезгилдерин билгизүүчү зат атоочтор: *январь, февраль, март, апрель, май, июнь, июль, август сентябрь, октябрь, ноябрь, декабрь; жаз, жай, күз, кыш ж. б.*

3) Кээ бир заттардын аттарын билдирүүчү сөздөр: *суу, нан, каймак, камыр, кант, кум, кумшекер, буудай, бал, бетеге, муз, күмүш, күл, көмөч, кебез, алтын, жууран, жем, тер* ж. б.

Сан боюнча жалгыздан саналбай турган жогорку келтирилген атоочтордун кээ бирөөлөрүнө *-лар* мүчөсүнүн жалганышы мүмкүн Бирок мындай учурда көптүктүн мааниси берилбестен, ал группага кирүүчү бир өңчөй заттардын түрлөрү берилет. Мисалы, *буудай* десек жалпы эле буудай жөнүндөгү түшүнүк берилсе, ал эми *буудайлар* дегенде жалпы эле анын составына кирүүчү түрлөрү жөнүндөгү түшүнүк берилет. Ошо сыяктуу эле *уу* дегенде да сан жагынан саналбай турган маанидеги заттык түшүнүк берилет. Ал эми „*суулар* ташкындап жатат“ дегенде жогоркудай анын түрлөрү жөнүндөгү түшүнүк эмес, ар кайсы жердеги суунун ташкындалышы жөнүндөгү түшүнүк берилет.

4) Кыймыл атоочтор[1]: *жашоо, чагуу, бычуу, бөлүү, агартуу, ачылыш, табуу, сапыруу, сөгүш, куюу, каттоо, келиш, кетиш, жоюу, бышылдоо* ж. б.: кыймыл-атоочторфдун ичинен лексикалашып кетип, заттык мааниге өткөндөрү көптүк формада колдонулат. Мисалы: *суроолор* берилди, *түзөтүүлөр* киргизилди ж. б.

5) Абстрактуу маанидеги атоочтор:

а) грамматикалашкан абстрактуу маанидеги атоочтор: *жашылык чыгармачылык, бактысыздык, балалык, азчылык, көпчүлүк, адамчылык, адамгерчилик, токчулук, тиричилик, коолдук, коолсуздук, марксизм, социализм, коммунизм* ж. б.

б) лексикалык жагынан абстрактуу маанидеги атоочтор: *чын, чуу, бук, бейгек, бырк, бараң* (зрелость), *атак, акыл, эс, кайгы, капа, өч, эсеп, дарман* ж. б.

6) Мейкиндик маанисиндеги жардамчы атоочтор: *аст, үст, алд. арт, баш, арка, ара. тыш, сырт, жан. жак* ж. б. Бул жардамчы атоочтор (служебные имена) көбүнчө үчүнчү жактын таандык мүчөсү менен бирге мейкиндик маанисинде колдонулат. Булардын уңгусуна көптүктүн мүчөсү *-лар* эч убакта жалганбайт

7) Адамдын же айбандын дене мүчөлөрүнүн аттарын билгизүүчү сөздөр: *боор, алакан, таңдай, моюн, колко, коюн, карын, кабак, ооз, мурут, ичеги* ж. б. атоочтор көбүнчө жекелик

---

[1] Кээ бир башка эмгектерде кыймыл-аракеттин аттары деп берилген.

түрдө колдонулат. Мисалы: эки көзү тең ооруп турса да, „көздөрүм ооруйт“ дебестен, „көзүм ооруйт“, „кулактарым укпайт“ дебестен, „кулагым укпайт“ же болбосо „бутум уктап калды“ деп айтылат. Мында „бут“ деген жуптукту көрсөтүүчү зат атооч жекелик түрдө турганы менен, мааниси жагынан бир эмес, эки бутту да билгизет. Ошондуктан так көрсөтүү зарыл болсо сан атоочту кошуп, „бир бутум уктап калды“ же „эки бутум уктады“, „төрт бутунан аксады“, астынкы эки бутунан аксады“ болуп айтылат.

Эскертүү: Адамдын же айбандын дене мүчөлөрүнүн аттарынын кээ бирөөлөрүнө *-лар* мүчөсүнүн жалганышы мүмкүн. Бирок мында *-лар* мүчөсү заттардын көптүгүн билдирүү үчүн эмес, кошумча башка маанилерди билдирүү үчүн колдонулат (Бул жөнүндө *-лар* мүчөсүнүн билгизген маанисин караңыз).

8) Адамдын жана айбандын атына коюлган энчилүү аттар жана географиялык терминдер: Асан, Абыл, Керим, Аккула, Тайтору, Москва, Пекин, Фрунзе, Алма-Ата, Ысык Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл ж. б. Адамдын атына коюлган энчилүү аттарга да айрым учурда көптүктүн -лар мүчөсү жалганат. Мисалы: *Алышерлер* келишти. Бирок „Алышер“ көптүк формада турганы менен, „Алышердин“ керт башынын көптүгүн көрсөтпөйт. Анткени жалгыз индивидумдун көп болушу эч мүмкүн эмес. Бул форма *-лар* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу „Алышер“ жана ага окшогон башка адамдардан да турган коллективдик түшүнүктү билдирет.

9) Этиш менен кошулуп составдуу баяндоочтук милдет аткарган учурда зат атооч жекелик түрдө колдонулат. Мисалы, *баш бол, көз сал, кулак сал. кол кой* ж. б.

## II. КӨПТҮК САН

Көптүк категориясы, башка түрк тилдериндегидей, кыргыз тилинде да сан категориясынын ичинен негизгиси болуп эсептелет

Көптүк категориясынын мааниси лексикалык жана грамматикалык каражаттардын жардамы менен берилет.

### 1. Көптүк категориясынын лексикалык жол менен берилиши

Айрым сөздөр өзүнүн семантикасы боюнча сандык мааниге ээ. Мындай сөздөр жекелик түрдө туруп, көптүктүн идеясын билдирет. Лексикалык жол көптүк маанинин грамматикалык каражаттар аркылуу белгилешине чейинки байыркы жолдордун бири болуп эсептелет[1].

[1] И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка вып., II. 19 бет. В. И. Цинциус. Множественное число имен в тунгусо-манчжурских языках. Уч. зап. Ленинградского ун-та, серия филологических наук, в. X, 1946 113 бет.

Бул пикир мындан да тагыраак жана кеңирээк К. Грөнбех тарабынан белгиленген. Бул жөнүндө ал байыркы убакта заттардын көптүгүн билдирүү үчүн түрк тилдери грамматикалык эмес, лексикалык жолду колдонгон. Түрк тилдеринде энчилеме аттан башка атоочтордун баары тигил же бул заттын кирген уруусун билгизет. „*Ат*“ биринчи иретте бир же көп атты эмес, анын уруусун, б. а. башкалардан айрылуучу топту билгизген[1] дейт. К. Грөнбехтин бул айтканы кыргыз тилине да туура келет. Анткени бизде да энчилүү аттардан башка көпчүлүк зат атоочтор өзүнүн конкреттүү мааниси менен бирге жалпы коллективдик түшүнүктү да көрсөтөт. Грамматикалык формасы жагынан жекелик түрдө турганы менен, алардын кээ бирлери маани жагынан көптүктүн идеясын билгизет. Мындай жекелик түрдө туруп, жалпы (коллективдик, уруулук маани) маанини билдирүү түрк эмес, башка тилдерге да мүнөздүү.

Көптүк категориянын лексикалык жол менен берилишине жалпылама (собирательное) маани берүүчү зат атоочтор кирет. Мындай зат атоочтор өздөрүнүн семантикасы боюнча жалпыланган түшүнүктү берип, контексттен тышкары турса деле көптүктүн идеясын берет. Мындай зат атоочтор бир өңчөй заттардын бир бирине окшоштугунун негизинде алар жөнүндө жалпыланган маанини берет. Жалпыланган маанини берүүчү зат атоочторго төмөнкүлөр кирет:

а) Жекелик формада туруп, сан боюнча саналбай турган зат атоочтор. Мисалы, *мал, куш, калк* ж. б. Буга окшогон зат атоочтордун жалпыланма маанide колдонулушун төмөнкү мисалдардан ачык көрүүгө болот: „Мал“ жыйналды. Мекеменин айланасын „мал“ басты. Миң-миңдеген кой, эчкилер, уй, жылкыларды батыргандай короо табылды. „Төрт түлүк мал“ чубатууга түштү

(Кең-Суу, II.).

„Куш“ экиге бөлүнөт,
Ирети менен келинет.
Жол-жобосу айтылып,
Анык көзгө көрүнөт.
Жырғап жатат „суу кушу“,
Көлгө барып ойноду.
Суудан болду коргону,
Буга эч жамандык болбоду

(Тоголок Молдо).

*Эл-журтту* сагынасың. *Калайык—калк* колхоз болсо, биз да болобуз. Бүбүш столуна олтуруп, ишине киришти деген кабарды угушуп, *журт* анын үстүнө келишип, учурашып—кол беришет.

[1] Кара: К. Grönbech. Der türkische Sprachbau, Kopenhagen, 1936, 53 бет.

б) Жалпылама маанидеги сөздөрдүн составдык бөлүкчөс[ү] катарында эсептелинүүчү конкреттүү зат атоочтор да өз алдынча коллективдик, уруулук түшүнүктөрдү билгизүү аркылуу көп[тү]түктүн идеясын билгизет. Бирок жогорку пункуттагы *мал* сыяктуу жалпы маани билгизүүчү атоочтордон булардын айырмасы, биринчиден, булар тигиге караганда тар маанини берет, экинчиден, булардын көптүктү же жекеликти билдиргени көбүнчө сүйлөмдүн контекстинен билинет. Буларга жалпынын бөлүкчөсү катарындагы *кой, эчки, уй, кой, жылкы* сыяктуу заттык маанидеги сөздөр кирет. Мисалы, сүйлөмдөн тышкары өзүнчө турганда *„ат“* конкреттүү бир зат жана малдын бир түрү, коллективи уруусу жөнүндөгү түшүнүктү да берет. „Атам колхоздун *коюн* багат“ дегенде „кой“ формасы жагынан жекелик түрдө болсо да, атам колхоздун бир коюн эмес, бир канча коюн багат деп түшүнөбүз.

Ошентип, жекелик түр менен жалпылама маанидеги сөздөр сырткы формасы жагынан окшош келет. Бул кыргыз (түрк) тилинде гана эмес, монгол, тунгус-манчжур тилдеринен да кезигет. Мындай формалардын бир-бирине окшош келиши башта жекелик сан жамдама сан менен окшоштурулганын, андан кийин жекелик жана жамдамадан жекелик сандын жана көптүктүн ар түрдүү түрлөрүнүн чыгышын көрсөтөт.

в) Уруу, урук, улуттун, элдин аттары грамматикалык жагынан оформить этилбесе да көптүктү билдирет. Бирок өзүнчө белгилүү бир группа болуп эсептелбестен, группанын (бүтүндүн) бөлүгү болуп эсептелсе, анда эсепке алынган зат атоочко *-лар* мүчөсү жалганат. Мисалы, Кыргызстанда *уйгурлар да* жашайт.

„Тынчтык“ деп бардык элге,
Айтабыз *орус* тилде.
Алыспы же жакынбы,
Элдердин жакындыгы;
*Францvз, негр* дагы,
*Индустар* алыстагы
Ачылып бардык жагы,
Бул тилден таалим алды
(Мирза Турсун Заделен).

## 2. Көптүк категориясынын грамматикалык жол менен берилиши

### Синтаксистик жол

Көптүктүн мааниси жогорку көрсөтүлгөн лексикалык жолдон башка айрым сөздөрдүн бири-бири менен айкашуусу аркылуу синтаксисттик жол менен да берилет. Буларга кош сөздөр кирет.

1. Эки компоненти экөө тең маани берүүчү кош сөздөр. Булардын компоненттери бир өнчөй түшүнүктөрдү билгизгени менен, өздөрүнүн лексикалык маанилери башка-башка. Бирок купталып айтылганда жалпыланган маани берет. Мисалы, *ата-эне, ага-ини, жууркан-төшөк, ит-куш* ж. б.

а) Карама- каршы кош сөздөр. Мында бир компонент экинчи компонентке мааниси жагынан карама-каршы келет. Мисалы, *чоң кичине, улуу-кичүү, кары-жаш* ж. б. Мында карама-каршы кош сөздөр да жалпылыкты билдирет. Мисалы, *„кары-жаш, улуу-кичүү“* дебей келишти дегенде бардыгы келишти деген маани түшүнөбүз.

б) Көптүктүн мааниси кайталама кош сөздөр аркылуу да берилет. Мындай сөздөрдө бир компоненттин өзү фонетикалык жагынан өзгөрүүлөргө учурабастан кайталанып айтылат.

Көптүктүн маанисинин кайталама кош сөздөр аркылуу берилишинин бул категория үчүн атайын грамматикалык мүчөлөр боло электен мурунку жолдордун бири болуп эсептелет.[1] Көптүктүн маанисинин кайталама кош сөздөр аркылуу берилиши кыргыз тилинде өтө кеңири колдонулат. Бир эле негиздин кайталанышы көпчүлүк сөз түркүмдөрүнөн кезигет. Бирок, ошентсе да, кайсы сөз түркүмүнүн кайталанып жаткандыгына карата алардын сандык идеялары түрдүүчө болот.

Эгерде зат атооч кайталанып, экинчи бир зат атоочтун алдына келсе, анда кайталама кош сөздөр заттын көптүгүн билдирет. Мисалы, *короо-короо* кой, *чанач-чанач* кымыз.

Тоюткорубуз толук, *үймөк-үймөк* сары кыр чөптөр бир жылдан экинчи жылга ашып калып турат (Гүлжан).

*Машина-машина* кылып кездемелерди алып келип, колхозчуларга берип жатышат (Муса).

Эгерде чакчылдар же болбосо тууранды сөздөр кайталанып айтылса, алар этишке таандык болуп, кыймыл-аракеттин кайталанганын билгизет. Мисалы: Эшикти бирөө *тарс—тарс* урду. Атын *чолтоң-чолтоң* теминип, жөнөп кете берди. *Сүйлөй-сүйлөй* чечен болот, *көрө-көрө* көсөм болот ж. б.

2. Бир компоненти маани берип, экинчиси мааниси бербөөчү кош сөздөр да көптүктүн маанисин билдирет. Мындай кош сөздөрдүн бирөө экинчисине тыбыштык жагынан окшош, же болбосо окшош эмес болушу да мүмкүн. Мисалы, *көйнөк-көнчөк, кир-кок жолдош-жоро, коңшу-колоң, кыз-кыркын, кийим-кечек, дары-дармек, өгүз өлөң, жип-шуу; койчу-колоң, кул-кутан, арык-торук, абысын-ажын, тай-тулак, азык-тү-*

---

[1] Н. К. Дмитриевдин Грамматика башкирского языка деген эмгегинин 221 бетин жана А. Н. Кононовдун Грамматика турецкого языка деген эмгегинин 43 бетин кара.

лүк; *эт-мет, сүт-мүт, өгүз-мөгүз, жолдош-молдош, ат-ма* *китеп-митеп* ж. б.

Лексикалык жол аркылуу берилген көптүктүн мааниси н гизинен санды так көрсөтпөй жалпысынан гана көрсөтөт. Көптүктүн санынын так көрсөтүлүшү көбүнчө сан атоочтор аркылуу болот. Мында да сан атоочтун түрлөрүнүн маанисине жараша көптүктүн идеясы так, чамалама, жамдама ж. б. сыяктуу болуп көрсөтүлүшү мүмкүн. Бирок, ошенткени менен, өзүнүн семантикасы боюнча сандык мааниге ээ болуучу сөздөрдүн көптүктү билдиргенине караганда сан атоочтордун билдирип аздыр көптүр тагыраак болот. Көптүктүн маанисин билдирүү сан атоочтун түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

а) Эсептик сан атооч: *беш, жети, отуз, кырк, элүү* ж. б. Сан атоочтун бул түрү аныктоочтук милдет аткарган учурда аныктагыч заттын санынын көптүгүн көрсөтөт. Айыл чарба шаймандыры: *45 соко, 91 мала, 15 араба;* бардык колхозго түшкөн чарбаларда *175 боз үй, 18 там үй,* жыгач үйлөрү ба үй эмеректери тизмеде. Осмон тизмени окуду. Бардык орголоп кон малдар: *кой, эчки 5700, 2 төө, 2050 жылкы, 1500 бо* мал; канаттуулар: *1560 тоок; каз, өрдөктөн* жок. Элүү т турпан тал бар (Кең-Суу II). Мындагы бир өзгөчөлүк сан атоочтордун өзү эле заттын санын көрсөтүп тургандыктан, аныктагычтарга көптүктүн *-лар* мүчөсүнүн жалганышынын зарылдыгы болбойт.

*Эскертүү:* Сан атооч менен зат атоочтун айкашуусу аркылуу кошмок сөздөр түзүлөт. Бирок мындай учурда алардын көптүк идеясын билдиргенине караганда лексикалык бир бүтүн сөз катарындагы мааниси басымдуулук кылат. Мисалы, *алты ба кан, беш жылдык, тогуз кумалак* ж. б. Мындай кошмок сөздөрдө сан атооч өзүнөн кийинки затынын көптүгүн билдирбестен, кыймыл-аракетке байланыштуу болгон түшүнүктөрдү берип калган учурлары болот. Мисалы, *беш атар мылтык, жети түн* ж. б.

Азыркы эсеп системасында көп кезикпеген эски формалар да кыргыз тилинде калдык катарында сакталгандыгы байкалат. Булар да көптүктүн идеясын билгизет. Мисалы, Т. Сыдыкбековдун „Темир" деген повестинен төмөнкүдөй кызык форма учурайт: „Калыбектин оозунан бул жооп берилгенден кийин, анын чакан үйүнүн төрүндө *бирдин үчү* болуп олтурушкан кишилер топторун бузушпай орундарын түзөп олтурушары менен, деген госуп баягы кумгандан Гүлай булардын колдоруна суу куйду" (32 бет).

Эсептик системанын бул формасы колдонулуп келе жаткан башка формалардан, биринчи иретте, бирдик менен ондуктун алган орду боюнча айрылат. Анткени колдонулуп жүргөн эсептик системада адегенде ондук, андан кийин бирдик коюлат. Ал эми жогорку келтирилген мисалда, тескерисинче, адегенде „бирдик" луу кийин „бештик" коюлган. Мындай алган орду жагынан караганда кыргыз тилиндеги бул форма байыркы түрк тили

эсептик системасынын өзү болбосо да, окшоштугу боюнча эске салат. Бул форма Чүй өрөөнүндө, көбүнчө, ордодо игет. „Бирдин үчү" деген эсеп чүкө боюнча эсептегенде чүкөгө бир киши үч жолу атат. Демек, бул жагынан анда „бирдин үчү" деген эсептик система беш дегенди билет. Бул гипотезаны Калыбектин үйүндө ошол кезде олтурган мдын аты, саны боюнча да ырастоого болот; үйдө Калыбек ы менен, Темир энеси менен жана Гүлай болгон, башкача анда, беш киши отурган болучу.

Бирок проф. К. К. Юдахиндин „Кыргызча-орусча сөздүгүндө" жогорку эсептен башка „бештин үчү" деген форма да игет, маанисин „25" деп берген. Эгерде мындагы „үчтү" да ш" деп алып, аны беш менен көбөйткөндө, жыйырма бешти гилейт. Бул эсеп жөнүндө К. К. Юдахиндин макаласы да [1]. Сөздүк боюнча алып караганда жогорку эсептик система дын эсебине да колдонулган жана заттын санын чамалап рсөтөт. Мисалы, *бирдин үчү* эле малы бар — у него немного та (три — четыре, пять — шесть голов). Демек, мында да дик байыркы түрк тилиндегидей бештиктен мурун келип ту . Салыштыр: байыркы түркчө *беш жигирми* (букв. один к дцати) — он беш. Бул келтирилген фактыларга караганда горку *бирдин үчү, бештин үчү* дегендерди эсептин өзүнчө птик системасы (своеобразная пятеричная система счета) деп оого туура келет; структурасы боюнча да байыркы түрк тинин эсептик системасына өтө эле жакын. Бул кийинки счет үү тилдерден сары уйгур тилинде жана калдык катарында уттардын кары адамдарынын жаш саноосунда да сакталган: *пте хомуттан иккитин ыллым* — от семидесяти моих я взял, т. е. мне 62 года.[2]. Сан атоочтон кийин аныкталгыч луп түшкөн зат атоочтун жекелик түрдө колдонулушу азыр- монгол тилдеринде да бар. Бирок XIII кылымдагы монгол линин эстеликтеринде аныктоочу жалаң гана сан атоочтон эмес, шка атоочтордон болсо дагы аныкталгычтар менен формал- жагынан ээрчишкени байкалаат. Мисалы, *дөрбөн коүд, пөрт үүл* (дар), *саүид окта.* Кийинки тексттерде мындай ээршүүлөр жок[3].

Сан атоочтордун кээ бирөөлөрү элдик уруу жана уруктарын аттарынын негизине да жаткан да, зат атооч катарында ыл алынып, көптүктүн грамматикалык мүчөсү жалгануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Мисалы, бурят-монголчо *„найман-*

---

[1] Кара: К. К. Юдахин. Киргизское үч—пять, Труды Московского института востоковедения, Сб. II, 1940.

[2] Л. Н. Харитонов. Современный якутский язык, Якутск, 1947, бет.

[3] С. А. Козин. К вопросу о показателях множественности в монгольском языке, Уч. Зап. Ленинградского государственного ун-та, серия филологических наук, вып. X, 1946, 122 бет.

„Жок“ деген модалдык сөз да үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганган „сан“ жана „эсеп“ деген зат атоочтор ме бирге айтылган учурда заттын санынын көптүгүн көрсө Мисалы, анын малынын эсеби жок.

Ушул эле „сан“,эсеп деген зат атоочторго жоктукту бил зүүчү-сыз мүчөсү жалганган учурда да көптүк маани берил Мисалы, *кою ээепсиз, ую сансыз.*

Аяк-башын чогултуп,
Эсебин Эсен алыптыр.
Кайып канды кан кылды,
Тартуусуна келгени
*Эсеп-сансыз мал* кылды
*Эки миң үй танадан*
Нени аясын Кайып кан

(Манас).

## Морфологиялык жол

Көптүк категориясынын морфологиялык жолу уңгуга ж негизге көптүктү билдирүүчү мүчөнүн жалганышы аркылу уюштурулат.

Көптүк категориясы да жеке жана конкреттүү сөздөрд абстракцияланган категория болуп эсептелет[1].

Көптүк категориянын формалдык белгиси болуп *-лар* мүч сү эсептелет. Анын чыгышы жөнүндө тюркологиялык адабия тарда бирдиктүү пикир жок[2].

Кыргыз тилинде көптүктүн морфологиялык мүчөсү *-лар* у гунун аягындагы үндүү, үнсүзгө карата *-лар,-дар,-тар* болуп эки түрдүү өзгөрөт. Уйгур тилинде жана түркмен тилинин бир диалектилеринде *-лар* мүчөсүнүн аяккы „р“ тыбышы түшү „-ла“ формасында да колдонулат. Мисалы, түркменче „*о бардыла*“—*алар* барышты.

Башка түрк тилдеринде *-лар* мүчөсү алардын ар биринин фонетикалык өзгөчөлүгүнө байланыштуу *-нар,-зар* формасын

---

[1] Мисалы: А с а н, А б ы л, К е р и м. А с а н да бала, А б ы л да ба К е р и м да бала, булардын ар бири конкреттүү жекече индивидум, з Булар жалпы окшоштуктарынын, балалык касиеттеринин, негизинде жалп сынан „бала“ деп аталат. Эми ушу „бала“ деген сөзгө *-лар* мүчөсүн к шуп, „балдар“ деп көптүк түрдө айтсак, эсте конкреттүү А с а н да, А б да эмес, жалпы эле абстракцияланган заттык түшүнүк эске алынат. Ош тип, жеке жана конкреттүү сөздөрдөн абстракцияланып отуруп, алард жалпылыктарынын—заттык окшоштуктарынын негизинде мындан *лар* м чөсү зат атоочтун көптүк түрүн түзөт деген грамматикалык эреже кел чыгат.

[2] Кара: В. А. Б о г о р о д и ц к и й. Введение в татарское языкознан Казань, 1953, 167 бет, А. Н. К о н о н о в. Грамматика турецкого язы 40 бет (I сноска).



колдонулат. Аягы мурунчул „м, н, ң“ менен бүткөн сөзгө *-лар* мүчөсү жалганганда, үнсүздөрдүн алга ээрчишүү ну боюнча мүчөнүн башындагы „л“ тыбышы „н“ ге өтөт *лар* формасынын ордуна *-нар* формасы пайда болот:

шорчо *-лар,-тар,-нар:*
*тем—темнер*—убакыт(тар),
*ин—иннер*—ийиндер,
*аң—аңнар*—айбандар;
хакасча *-лар,-нар,- зар* (<*зар*<*заар*<*зыар*<*-зың+ар*<*зың+лар* [1]):
*хозан - хозаннар—коендор,*
*хум—хумнар—кум* (*дар*),
*аң—аңнар—айбандар*;
якутча *-лар, тар,-дар-нар:*
*хатың—хатыңнар—кайыңдар*;
ногойчо *-лар,-нар: күн—күннөр*;
кара калпакча*-лар,нар: тон—тоннор;*
гагаузча *-лар,нар: гүн—гүннер*;
азербайжанча*-лар, нар: гүн—гүннер*;
башкырча *-лар, -дар,-зар: тай—тайзар.*

Түрк тилдеринин ичинен якут тилинен башкасында *-лар, р* же болбосо*-лар,-тар,-нар* (*-дар*) болуп *-лар* мүчөсү се же он эки түрлүү өзгөрөт. Ал эми якут тилинде болсо *р,-тар,-дар,-нар* болуп он алты түрлүү өзгөрөт.

Кээ бир түрк тилдери кыргыз тилинен айырмаланып,*-лар* чөсү артка ээрчишүү законуна баш иет. Кумык тилинде *л*>*лл.* Мисалы, *куналлар* (<*кунан + лар*) ж. б. Мындай етикалык окшоштук түркмен тилинин кээ бир диалектилен жана карачай-балкар тилдеринен кезигет.[2]

Көптүктүн *-нар* формасы монгол тилинен да кезигет. Са тыр монголчо *аха—аханар, нөкөр Маркс, Энгельснер*—тощи Маркс и Энгельс[3]; *экенер*—женщины (эке—мать). Мон тилинин кээ бир наречиелеринде, мисалы, батыш монгонын мурунку речинде *-лар* формасы да кездешет: *дел—шу деллер*—шубы, *абалаба*—охотился,*абалабалар*—охотились. ок бул *-лар* формасын кээ бир изилдөөчүлөр монгол тилине к тилинен кирген деп карашат. Ал эми түрк тилдеринде-

---

В. Г. К а р п о в. Изъявительное наклонение в хакасском языке (Автореферат), М., 1955, 2 бет.

Бул салыштыруулар аталган түрк тилдеринин грамматикаларынан ды.

Д. А. А л е к с е е в. О некоторых показателях множественности в бурят-монгольском языке. Сб. трудов по филологии, вып. I, 1948, 123 бет. т-монг. гос. научн. иссл. ин-т культуры и экономики.

343

123117

ги *-лар* дын эле бир варианты *-нар* монгол тилинин өзүнүк тарында эсептелинет. [1].

Бул *нар* мүчөсүнүн ордуна бурят-монгол тилинде көб *-над* колдонулат. Ал (*-над*) көптүктүн *-нар* мүчөсүнүн аяккы тыбышы түшүп, анын ордуна көптүктүн мүчөсү *-д* ко *-над* болгон формасы болуп эсептелинет. Мисалы *багшан* мугалимдер, *бөөнөд*—шамандар (Муну менен кыргыз тилин „бөө" деген сырдык сөздү салыштыр). Бурят-монгол тил *-нар* мүчөсү *аха—аханар,эхе-эхенер* сыяктуу адамга байла туу болгон аз сандуу сөздөргө гана жалганат. Демек, бул ж нан алганда *-нар* мүчөсүнүн колдонулушу түрк тилдерин раганда монгол тилдеринде ченемдүү деп айтууга болот. тирилген фактылар *-нар* мүчөсү *-лар* мүчөсүнүн бир вари экендигин жана түрк тилдериндеги *-нар* формасы менен мо тилиндеги *-нар* жана *-лар* формасы генетикалык жагынан д экендигин көрсөтөт. Бирок *-лар* формасы монгол тилинин речинде гана сакталып калган да, анын ордуна *-нар* вари колдонулуп калган.

Бул *-лар* мүчөсү көптүк категориясын гана уюштурба башка кошумча маанилерди билдирүү үчүн да колдонулат. дай маани билдиргенин ал жалганган сөздүн семантикасы кылуу белгилөөгө болот. Алар төмөндөгүлөр:

1) *-лар* мүчөсүнүн негизги мааниси—заттын көптүгүн диргендиги.*-лар* мүчөсү заттын сан жагынан белгисиз б көптүгүн билдирет.

„Ал тигине. Аскача борчуктун түбүндө *эчкилерин* жа турбайбы" деди Салыя (Тилек).

Үстөл бетин таттуу бышырылган *бөлкөлөр*, печенье, так салынган *далинкалар*, сары май, бал, каймак ку ваазалар ээлешкен (Кең-Суу).

Байланган *музоо* мөөрөп, *иттер* улуп, эңкейген *ке чалдар*, бешиктеги *балдар* ыйлап, айыл арасы чууга т (Каныбек, I).

2) *-лар* мүчөсү убакыттык түшүнүктөгү жана сан ат жалганганда жашка жана убакытка байланыштуу болгон шүнүктөрдү болжолдоп көрсөтөт.

Жашы *элүүлөргө* барып калган, чарчы бойлуу, жээрд кал (Каныбек, I).

*Август айларында* конференция өткөрүлөт ж. б.

3) Ченелүүгө мүмкүн болгону менен, сан жагынан с бай турган заттарга *-лар* мүчөсү жалганганда ал заттын түгүнөн мурун алардын ар кайсы жерден орун алганд же алардын ар түрлүүлүгүн же мезгил боюнча бирдей тигин көрсөтөт.

---

[1] Г. Д. Санжеев. Сравнительная грамматика монгольских я 135 бет.



*Күнгө жаткан камектин кабыгындай бүрүшкөн өңдөнүп, рдын берки бетиндеги кокту, колоттор көрүнсө, эски ш короонун кырындай болуп аркы аскалуу „карлар" кө- нөт* (Тилек).

*Алар үйгө кетели дей алышпай же баланча тарапка рсак, издегенди табабыз дей алышпай томсоруп, кокус рө калабызбы деген үмүт менен ар кайсы „кумайларды", калардын арасындагы керүүлөрдү караган болушат* (Ти- к).

*Өзөн-өзөн аккан„суулар", аны бойлоп өскөн кайың ме- н тал жыш экен* (Унут. күндөр) (заттын ар кайсы жерден ун алгандыгы). Жогорку келтирилген сүйлөмдөрдө *-лар* мү- сү өзү жалганган сөздөрдүн (*карлар, кумайлар* ж. б.) ар р бөлүкчөлөрдөн турган көптүгүн эмес, жалпыланган, ар рдүү болсо да топ-тобу боюнча мейкиндиктен орун алган- гын көрсөтөт.

4) *-лар* мүчөсү адамдын атын билгизген зат атоочторго жал- нганда, алардын коллективин билгизет.

*Көчөдө эч ким жок. Эмне үчүндүр „Эркебайлар" да ке- жатышат* (Тилек).

*Бир убакта бирөө бирөөнү басканда, „Сабырлар" качы- п сала беришти* (Тилек).

*Кийинки күнү кечинде, „Зуннахундар" тойдон келди* анибек, II).

5) Экинчи жактагы беттеме ат атоочтун жекелик түрүнө *ар* жалганганда сылыктыкты билдирет. Бул көбүнчө оозеки чте өзүнөн улуу адамды кадырлоодо колдонулат. Бирок фор- сы жагынан көптүк, мааниси жагынан жекелик сылык бол- ну менен, эгерде ат атооч сүйлөмдө ээлик милдет аткарса, ын баяндоочу ээнин формалдык белгисине карата көптүк рмада колдонулат. Мисалы, *силер*(<*сен* + *лер*)*бардыңбы* бол- стон, жалгыз киши болсо да, *силер бардыңарбы* деп кол- нулат.

6) Өздөрү тигил же бул заттын түрү же тобу боюнча жал- ланган маанини берүүчү бирөнчөй мүчөлөргө (заттарга), *ар* мүчөсү жалганганда, ал заттын ар бир түрү (уруусу же бу) сан жагынан бөлүнүүгө мүмкүн болгон көптүктү көр- төт.

Тескей тараптагы көрүнүш таптакыр башка. Узун-узун *ар- лар*, татырандай кубарган *шилбилер*, кактагандай кызарган *тиндер*, коондун камегиндей көгөргөн *эчки талдар*, але- ем чөп жагылган отту көсөгөндөй карарган *моюлдар*, бүт несине ун сүртүнгөндөй болгон жапайы *теректер*, табы ме- н ыштаган көөкөрдөй мөлтүрөгөн *карагаттар*, кээ жерде *гайлар* менен тең тайлашып чыккан *табылгылар* жана баш- түркүм жыгачтар өскөн (Тилек). Кайдадыр чубашып барып ле жаткан *кумурскалар*, жөргөлөгөн *коңуздар*, кыбыраган

*курттар*, куушуп ойногон *көпөлөктөр*, чыркылдаган ч *чыктар* бардыгы тең жазгы эмгектин камында жүргөндөй ( лек).

Дүйнө жүзү кең *талаалар*, керилген *сайлар*, жалама *дөр*, жайык *беттер*, дыңкылоон жаткан *кокту-колоттор* гиз дене жазып, күн нуруна кең сооруларын кактай бери (Кен-Суу II).

Эгерде *-лар* бир-бирине жакын болгон бирөнчөй мүчө дүн аяккысына жалганса, анда ал саналган заттардын ар рынин санына карабастан, аларды бир бүтүн катарында жа лап көрсөтөт.

*Эчки*, *теке*, *аркар*, *кулжалар багжайышып*, алдыла нан чыга калуучудай болушуп, жүрөктөрү дүк-дүк этет (Ти

Көлдүн айланасына өскөн *камыш*, *балгын*, *жекендер* дүн көрүнүшүн кубултуп, көркөмдүгүн арттырат (Каныбек

7) Адамдын же айбандын органдарынын мүчөлөрү форм жагынан жекеликте турганы менен мааниси жагынан көп идеяны да билдирет. Ошондуктан буларга *-лар* мүчөсү ж ганганда көптүктү билдирүү үчүн эмес, башка оттеноктор ү колдонулат:

а) дене мүчөлөрү бир кишиге таандык болсо, мында бүтүн болуп эсептелген заттын бөлүнгөндүгүн билдирет.

Кийзбайдын ырайы саруулап, жалпак бетине келишкен бакжайган кара *сакалдары* бириндеп, *муундары* токтоно бай, *колдору* титирей берди (Кең-Суу, II ).

Анын эткелдиктен салаңдаган богогу, бортойгон кичине к *дору*, багалчак *буттары* чедирейген курсагына чөнеп койг дой көрүнөт (Тилек);

б) дене мүчөлөрү көпкө таандык болуп айтылса, мын учурда *-лар* бирөнчөй дене мүчөлөрүнүн көптүгүн көрсө

Түлкүбек менен Зуннахун *чыканактарына* жаздык кой руп жанатайып, отургандардын суроосуна жараша жооп рүүдө (Каныбек).

Балдардын жүрөгү дүкүлдөп, бүткөн *бойлору* чымыр *кулактары* чуулдап, бир түрдүү боло башташы (Тилек).

*Муруттарга* калдайган муздарды төңдуруп, табияттын к түү азабы менен күрөшүп жаттык (Унут. күндөр).

*Буттары* узун, саал жүндүүрөөк карасур, бозомтук акчыл сур улактар таштан ташка секирип оюн салышат, а дын татынакайлыгына эл кубанышаты (Тилек).

*-лар* мүчөсүнө байланыштуу *-ңар* формасына да токт көтүү керек. Кыргыз тилинде башка түрк тилдериндеги с туу экинчи жактын көптүк түрүнүн мүчөсү ошол жактын т дык мүчөсүнө окшош келет (*бардыңар*, *атыңар*). *-ңар* ф масы *-ң* жана *-лар* мүчөсүнүн кыскарган формасы *-ар* дан рат. Мунун толук формасы *-лар* экендигин кээ бир башка т тилдеринен (казак) жана кыргыз тилинин өзүнүн эле матер



ынан да көрүүгө болот. Оозеки тилде „бардыңар“ дегендин рдуна (силер) „бардыңдарбы“ деп да колдонулат.

Үчүнчү жакта турган этишке адабий тилде *-лар* мүчөсү жалганбайт. Кээ бир түрк тилдеринде жана кыргыз тилинин түшүк диалектисиндеги ичкиликтерде *-лар* мүчөсү этишке үч түрүү жол менен жалганат.

1) Үчүнчү жакта туруп, келер чакты билгизүүчү жөнөкөй этишке жана азыркы учур чакты билгизүүчү татаал этишке калганат. Мааниси жагынан алар кош буйрук этиштин көптүктү билгизген маанисине барабар.

Абасы ыстык, ошого көк чай *ичеттер*.

Өз ыктыяры менен ойноп *жүрөттөр*.

Мындай форма Оштун көпчүлүк райондорунан кезигет. Формалдык жана мааниси жагынан чакчыл *-а* келер чакты билгизген менен *-ыш* + *а* + *т*, = *а* + *т* + *тар* болуп келген учурда сүйлөмдүн контекстине жараша алар кээде кыймыл-аракеттин мурда болуп жана азыркы убакка чейин созулуп кежатканын да билдириши мүмкүн. „Абасы ыстык, ошону үчүн көк чай *ичеттер*. Кемпирлер чайды катуу демдеп *ичишет*“ (обычно и сейчас). Салыштыр: татарча *килэлер* (кырг. келишет— учур чак).

2) Өткөн чактын үчүнчү жагына уланат. *Өлтүрдилэр* ж.б. Салыштыр: *кондулар*, *миндилер*, *кеттилер* (В. В. Радлов. „Образцы“ Y).

3) Үчүнчү жакта турган „экен“ деген жардамчы этишке калганат.

Эрмек болуп „*турат экендер*“ (Фрунзе р-ну). Эртеге бараарга „*барышат экендер*“ (Мырза-Аке р-ну). Бозо „ичет экендер“ (Кара-Суу р-ну). Салыштыр: башкырча *инэлэр*—кырг. алар эле.

Көптүк идеяны жак мүчөнүн *-к*, *-быз* деген түрлөрдү да билдирет. Бул мүчөлөр биринчи жактын көптүк түрүн уюштурат ча, шарттуу, каалоо ыңгайларында жана чак категорияларында колдонулат. Мисалы, *барсак*, *бардык*, *бара жатабыз* ж. б.

Көптүк идея *-лар* жана жак мүчөлөрүнөн башка төмөнкү мүчөлөр аркылуу да берилет, бирок алар көптүк сандын морфологиялык көрсөткүчү болуп эсептелбейт.

1) *-ыш*. Бул кош мамиле этиштин мүчөсү болуп эсептелет. Кыймыл-аракетке бир канча субъект катышкандыкты көрсөткөндүгү аркылуу көптүк идеяны жалпылоо, биргелешүү планында билдирет. Кыргыз тилинде мунун мааниси башка түрк тилдериндеги үчүнчү жактын өткөн чак формасына *-лар* мүчөсүнүн жалганып билгизген мааниси менен барабар (*бардылар*—*барышты* ж. б.).

Активдер да жер баспай, секирип ойногон аттардан тандап-тандап *миништи* (Кең-Суу, II).

Чымчыктар *чыйпылдашып*, чегирткелер *чырылдашат* (Тилек).

Бадачы уюн айдап, жайытка жөнөдү. Бадага уй айдап ген келин, кыздар,балдар жана кемпирлердин бир катары рүнө *бара жатышты* (Тилек).

Кош мамиле этиштин -*ыш* формасы аркылуу берилген нини „күчөтүү“ үчүн кээ бир түрк тилдеринде -*ыш* ка -лар чөсү жалганса, кыргыз тилинде айрым учурда ага -*ыш* тын жалганышы мүмкүн. Өтмө этиштен өз ара биргелешүү масы (форма взаимного действия) түзүлүп, алардын кыйм аракети объектиге багытталарлыгы, өтпөс этиштен мыл-аракеттин биргелешүү формасы (форма совместного) зүлүп, кыймыл объектиге багытталбастан аракетке катыш субъектилердин биргелешип гана катышкандыгынын көрсөт тургандыгы каракалпак тилинин материалынан Н. А. Баск тарабынан кылдаттык менен байкалган. Бул мамиле этиш айрым формалары өзүнчө этиш сыяктуу болуп, мүчөнүн эк чи ирет жалганышына негиз катарында кызмат кыл Айрым учурда мүчөнүн жалганышы аркылуу алардын баш кы мамилелик маанисине кошумча оттенок кошулат.

1) Бирок ал келе жаткандарды тосуп Сабыр тургандык алар кайра отко *киришишти* (Тилек, 101 бет).

2) Сакалдуу-көкүлдүүлөр жакшы бозонун, семиз эт кабарын алышкан соң, деле чакырбаган жамандар да учур да арбак конгон абийирдүү „журт ээси“, „баш-көзү“ бо жүргөн Саадаттын эшигинин алдына *топтошушту* (Кең-С I, 89 бет).

3) Короо кайтарган кыз-келиндер таң атканча дүрбөш бирине бири барып убалалашып жүрүп, эртең чогулуп ышк га чыгууну *макулдашышты* (Каныбек, 161).

Жогорку айтылгандар түшүнүктүү болсун үчүн кийин эки мисалды алып көрөлү. Мындагы *макулдаш* (<*маку* *+ла+ш*), *топтош* (<*топ+ла+ш*) экөө тең өтмө эт башка бир субъект менен сен бирдемени макулдаш, бирдем топтош болуп, алардын кыймыл-аракети түздөн-түз объект багытталган. Кийин ал этиштик негизге айланып, *мак* *даш+ыш* (*ты*) болуп ага экинчи ирет -*ыш* жалганганда, нерсе жөнүндө субъектилер өз ара бири-бири менен келишк диги, көптүгү көрсөтүлүп турат. Башкача айтканда, кыйм аракет бир нерсе жөнүндө субъектилердин өздөрүнө багыт лып, бирине бири объект болгон сыяктуу болуп турат. Салы тыр *сүйлөшүштү—сүйлөштү*. Топтош деле „макулдаш“ сы туу -*ыш* мүчөсүнүн жалганышы үчүн негиз болуп турат. рок мында мамиле этиштик формасынын баштапкы маани өзгөргөндөй көрүнөт. Анткени биринчи „топтош“ этиштик гиз катарында субъектилердин биргелешүүсүн (эл *топтош* же болбосо бирине бири жардамдашкандыгын көрсөтсө, *то* *тошушту* мамиле этиштик мааниде субъектилердин өздөрүн чогулгандыгын, көптүгүн (биргелешкендигин) көрсөтөт.



2) -*гыла*. Этишке жалганып, кыймыл-аракеттин кайталаныын (многократность действия) көрсөтөт. Бул мүчө форма жагынан буйрук ыңгайдын көп адамга кайрылгандагы чөсү менен окшош келет. Мисалы, *баргыла*. Булардын буйк ыңгайдын же кыймыл-аракеттин кайталоо маанисинде айлгандыгы сүйлөмдүн контекстине карата аныкталат.-*гыла* мүсү аркылуу кыймыл-аракетти кайталоо маанисинде айтылн этиш көп адамга кайрылуу үчүн айтылган учурда ага дагы р-*гыла* мүчөсүнүн жалганышы мүмкүн. Мындай учурда биринчи-*гыла* менен экинчи-*гыла* нын кызматы бирдей болбойт. исалы, *чапкыла—чапкылагыла* ж. б.

3) -*ла*. Бул да жогоркудай мааниде колдонулат. Мисалы:

*карма—кармала*,
*жалма—жалмала*,
*сыйпа—сыйпала* ж. б.

4) -*ылда* (<ыл+ла). Бул да жогоркудай мааниде колдонулат. Мисалы:

*тарс—тарсылда*,
*күрс—күрсүлдө*,
*жылт-жылтылда* ж. б.

5) -*ыз*, -*з*. Көпчүлүк изилдөөчүлөр тарабынан көптүктүн айыркы мүчөсү катарында каралат. Бул мүчө, алардын пикири боюнча, беттеме ат атоочтордун көптүк түрүндө жана деенин жуп мүчөлөрүндө кездешет. Мисалы, *биз* (<*би+з*), *из* (<*си+з*)[1]; экинчи бир пикир боюнча *би+си→биз*, *и+си→сиз*; уйгур тилинде *келиң+из*, *келиң+лер* — приодите[2]. Бизде бул форма сылыктык мааниде колдонулат. Монол тилинде би—мен, си //чи// ши—сен. Булардан көптүк мүчөөрү аркылуу бид/нар/—биз, та/нар/—сиз (дер) болуп бул атоочордун көптүк түрү түзүлөт.

-з мүчөсү, мүмкүн, байыркы убакта көптүктүн грамматикалык мүчөсү катарында колдонулгандыр. Бирок кээ бир мүчөөр мурунку көптүк маанисин жоготуп, азыркы түрк тилдериние жекелик санда колдонулган сыяктуу азыркы кыргыз ж. б. үрк тилдеринде *биз*, *сиз* өңдөнгөн атоочтордон анын көптүкү билгизүүчү баштагы грамматикалык ролу эч сезилбейт. ул сөздөрдөгү көптүк маани азыр лексикалык маанисинен ана байкалат.

Беттеме ат атооч *биз* төмөнкү мааниде жана учурларда олдонулат.

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 221 бет. А. Н Кононов. Грамматика узбекского языка, 1948, 125 бет.
[2] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, М.—Л., 52 бет.

а) *Биз* деген беттеме ат атооч эч кандай жалгануусуз
руп эле коллективдик жалпыланган маани берет. Мындай уч
*биз* деген түшүнүктүн ичине кирген индивидумдар бир б
катарында эсептелет жана сүйлөөчүнүн өзү да ошол коллек
ге кирет. Мисалы: Биз тынчтыкты каалайбыз! ж. б.

б) Сылыктык үчүн „мен" дегендин ордуна да колдону
Мисалы: *Биз* менен сиздин пикирибиз келише албады ж
Ошондуктан „биз" беттеме ат атоочтун биринчи жагынын
лык көптүк түрү деп да аталат.

„Биз" менен бирге айрым учурда „биздер" формасыда
донулат. Экөө тең көптүктү билдирет. Бирок „биздер" ж
пыланган коллективдин бөлүнөрлүгүн жана сылыктыкты
көрсөтөт.

Ошондой эле беттеме ат атооч „сиз" да азыркы кыр
тилинде экинчи жактын жекелик түрүнүн сылык формасы
луп гана эсептелет. „Биз"ден мунун айырмасы мында эч к
дай көптүктүн мааниси жок. Ошондуктан мунун көптүк т
*-лар* мүчөсү аркылуу „сиздер" болуп айтылат (Мисалы, *сиз*
*келдиңиздерби?*). Тескерисинче, беттеме ат атооч „биз" уш
формасында туруп эле көптүктү билгизет Ошондуктан ага -л
мүчөсүнүн жалганышы зарыл эмес; анын адабий тилде гр
матикалык көптүк формада сейрек колдонулушу да уш
байланыштуу болуу керек. *-лар* формасында колдонулга
да көптүккө караганда анда бөлүнөрлүк (членимость) ма
басымдуулук кылат.

Ошентип, кыргыз тилинде биринчи жана экинчи жакт
жекелик жана көптүк түрү болуп төмөнкүлөр эсептелет:

*мен, сен, сиз;*
*биз, биздер, силер, сиздер.*

Булардын ичинен „силер" кээ бир изилдөөчүлөрдүн пи
риндей „сиз" дегендин аяккы „з" тыбышынын түшүп калыш
нан [1] эмес эле „сен" дегендин „н" тыбышынын кыргыз тил
де *-лар* мүчөсү жалганганда түшүп калышына байланышт
болуу керек. Салыштыр казакча *сендер*, каракалпакча *сенле*

Грамматикалык формасы боюнча көптүк маанидеги баш
бир тилдеги сөздөр экинчи бир тилге лексикалык мааниси б
юнча гана өтөт. Анын баштапкы грамматикалык мааниси (ке
түгү) кийинки тилде билинбей калат да, көптүк үчүн а
кабыл алган тилдин көптүк мүчөсү кошулат. Мисалы: англ
тилинин -с мүчөсү аркылуу *рельс* (<rails) болуп көптүк ма
ниде айтылуучу сөздөр орус тилинде жекелик катарында к
был алынып, анын көптүгү үчүн *рельсы* болуп *-ы* мүчөсү к
шулган. Ал эми кыргыз тилинде болсо мындай сөздөргө -л

[1] Б. Юнусалиев. Проблема формирования общенародного кирг
ского языка, Вопросы языкознания, № 2, 1955, 33 бет.
[2] К. А. Боровков. Учебник уйгурского языка, 1935, 72 бет.

алганат. Мисалы, рельсилер ж. б. Ошентип, бул сөздө
формалдык жагынан грамматикалык үч мүчө бар болгону
менен, кыргыз тили үчүн алдыңкы экөө (англия тилинин -с,орус
тилинин -ы мүчөсү) көптүк маани үчүн эч кандай роль ойно-
бойт, бүтүн сөздүн составдык элементи катарында гана кабыл
алынат.

Орус тилинде көптүк мааниде колдонулуучу *финансы, кон-
сервы* сыяктуу сөздөр да кыргыз тилинде жекелик мааниде
колдонулат. Көптүк мааниси үчүн аларга да *-лар* мүчөсү жал-
ганат. Мындай учурда орус тилиндеги сөздөрдүн кээ бирөөлө-
рүнүн көптүктү билдирүүчү -ы // -и мүчөсү сакталса, кээ би-
рөөлөрүнүкү кыргыз тилине ылайык башка тыбышка өтөт же
болбосо ал түшүп калат. Мисалы:

*финансы—финансы + лар,*
*коньки—коньки + лар*
*консервы—консерва + лар*
*каникулы—каникул + лар,*
*ботинки—ботинки + лар,*
*галоши—көлөч + лар,*
*боты—боты + лар.*
*туфли—туфли + лар,*
*лыжи—лыжы + лар ж. б.*

Араб тилинде көптүк маанисиндеги сөздөр да [1] кыргыз ти-
линде жекелик мааниде кабыл алынышына байланыштуу же-
келик маанисинде гана колдонулат. Алардын мүчө аркылуу
жана ички филексия аркылуу болгон көптүк мааниси бизде
да жана тажик тилинде да эч сезилбейт. Алардын көптүк тү-
рү *-лар* мүчөсү аркылуу болот. Мисалы:

*улама* (олим—ученый), ученые, *букара* (факир—бедняк)—
бедняки ж. б.

Көптүктүн грамматикалык мүчөсү менен келген сөздөр да
бизде жекелик мааниде колдонулат.

*-от:* *айбанат* (хайван + ат),
*маалымат* (маалым);
*-он:* *мусулман* (муслим + он);
*баян* (бай + он);
*улан* (угул + он);
*яран* (яр + ан) ж. б.

Араб тилинде көптүк маанидеги кээ бир сөздөр бизде курал-
дык башка мааниге өтүп кеткен. „Аспап" араб тилинин ички
флексия закону аркылуу түзүлгөн „себеп" деген сөздүн көп-

[1] А. Г. Гуломов. Узбек тилиде куплик категориясы, 33 — 45 бет.

түк түрү болуп эсептелет[1]. Бирок кыргыз тилинде азыр пап" *себептин* көптүгү катарында эч сезилбейг, курал д башка мааниге өтүп кеткен.

Жогоркудай кубулуш эки тилдин ортосунда гана эмес, эле тилдин өзүндө да кезигет. Байыркы түрк тилдеринин теликтеринде көптүктүн башка мүчөлөрү менен бирге аз дө болсо да *-т* кезигет:

*куют*—мучения (< куюн—мучение, бизде кыйын), тарк титул (Апа таркан; огул таркан), *таркат* (таркандын кө түрү) [2].

Көптүктүн бул мүчөсү *(-т)* монгол тилинде *-т,-д* фо сында болуп, алиге кеңири колдонулат. Монгол тилинде байыркы түрк тилдеринде да бул мүчө уңгуга тикеден- жалганбастан, уңгунун аяккы „н", „р" тыбыштары түшүп, а ордуна жалганат.

Монголчо: *ноян—ноят*—князьдар,
*нөкөр—нөкөт*—жолдоштор [3]),
*хонин—хонид*—койлор,
*аяга—аягад*—аяктар [4].

Бул *-д* мүчөсү монголдун жазма тилинде сан атоочк жалганган. Мындай форма азыр сенек түрдө урууларды тары катарында гана колдонулат. Түрк тилдери мындай ку лушту билбейт.

Монголчо: *дөрбен*—төрт,
*дөрбет*-дербеты (дөрбендин көптүк түрү-дербеттер);
*минган*—мин,
*мингад*—мингаты (миңгандын көптүк түрү—мингаттар).

Байыркы түрк тилдеринде көптүктүн байыркы мүчөсү жалганган сөздөргө азыркы кездеги көптүктүн грамматлык формантыы катарында колдонулуучу *-лар* мүчөсүнүн ж ганган түрү да кездешет:

ол ики *тигитлер*[5]—ал эки канзада(лар)
*куюн—куют*—кыйноо(лор)
*эмгеклер-куюттар* (кош сөз) — оор күн; кытсыздык, кырсык, балакет, азап, кыйноо. Көптүк мүче бир эле сөздө мындай эки жолу келиши монгол тилинен кезигет. Мисалы, *-нар,-уд* жана *-д,-уд* мүчөлөрү аркылуу:

[1]. В. С. Расторгуева. Краткий очерк грамматики таджикского ка, приложение к Таджикско-русскому словарю, М., 1954, 537 бет.
[2]. С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 51 бет.
[3]. О. Бетлинг. О языке Якутов. Уч. зап. Имп. АН. вып. IV, том I, 380бет.
[4]. Д. А. Алексеев. Аталган эмгек, 128 бет.
[5]. Уңгусу „тигин" орусча принц—бизче канзада, падышазада, пад тукуму деген мааниде.



*адуд* (*хага-д-уд* — хандар (хаган-хан). Көптүк мүчөнүн гар келиши жөнүндө жогорку келтирилген мисалдардын неинде төмөндөгүдөй эки ыктымал болжолдоого келүүгө болот: 1) *-т* мүчөсү көптүк идеяны билгизбей калуунун башташ процессинде болуп ага азыркы тилдердеги (салыштыр *льсы—рельсилер*) көптүктүн экинчи мүчөсү *-лар* жалганышы мкүн;

2) биринчи мүчөсү билдирген көптүк идеяны күчөтүш үчүн алганышы да мүмкүн.

Түрк тилдеринин эстеликтериндеги экинчи бир кызык мале—аныктоочу сан атооч болгон аныктоочтук айкашууларда ыкталгычка көптүк мүчөсүнүн жалганышы.

Байыркы уйгур тилинин „Алтын ярук" чыгармасынан мил: ... маңа *төрт йеклер* якун келти—мага төрт дөө-периер) жакын келди (154 бет, 5 (20) сап). Тынгалы олурмышта улугы тигин *ики инилериңе* ынча тип тиди— *Эс* алганы урганда хандын баласынын эң улуусу кичүү эки иниси(лер)- мындай деп айтты (173 бет, 608 (16) сап).

Ол өдүн бу *үч тигинлер* ... Ал убакта бул үч канзадаар) (174 бет, 609 (13) сап).

... ол *ики ичлерин(е)* ... сөзлети—ал улуу эки ага (лар) сыайтты (175 бет, 615 (9) сап).

Сан атооч менен сан жагынан ээрчишүү азыркы түрк тилринен сейрек болсо да, турция тилинен кезигет. Мисалы, *аркадашлар*—үч жолдош (тор) *үч кардешлер* — үч бир уган(дар) [1].


*ыгар*), кээ биринде экинчи жактын көптүк түрү *-hыгыз* болуп сылык формада гана колдонулат. Буларда кыргыз тилиндегидей „сиз" экинчи жактын жекелик түрү катарында эмес, көптүк мааниде колдонулат. Мисалы, башкырча *сиз алган-hыгыз.* Проф. Н. К. Дмитриевдин пикири боюнча, бул мүчө (*-hыгыз*) эки мүчөдөн турат. Биринчи бөлүгү экинчи жактын жекелик түрүнүн фонетикалык жагынан өзгөргөн түрү болуп эсептелет (*-hыг*||*-hег*<*-hың*||*-hең*), а экинчи бөлүгү (*-ыз*) болсо көптүктү билдирүүчү байыркы форма болуп эсептелет. Кыргыз тилинде мындай конструкция этиштик баяндоочтордон кезигет. Мисалы, *сиз алгансыңыз*(<*алган-сың-ыз*).

Кыргыз тилинде экинчи жактын сылык түрүнүн көптүк формасы болуп *-сыздар* эсептелет. Бул дагы экинчи жактын жекелик түрүнүн сылык формасынын мүчөсү *-сыз* жана *-лар* болуп эки мүчөнүн кошундусунан турат. Мисалы, *сиздер баргансыздар* ж. б. Үчүнчү жактын өзүнө тиешелүү морфологиялык жак мүчөсүнүн жоктугуна байланыштуу үчүнчү жак кыргыз тилинде морфологиялык оформлениесиз айтылат. Бирок көптүк маани *-ыш* мүчөсү аркылуу берилет. Кээде анын колдонулбай калган учуру да болот (Бул жөнүндө „Сан категориясын" кара). *-ыш* мүчөсү үчүнчү жакта көптүк мааниде колдонулганда унгуга же негизге тикеден тике жалганат да, андан кийин *-ган* мүчөсү жалганат. Мисалы, *алар келишкен*|| *алар келген.* Булар мааниси жагынан бир, бирок оттеноктору башкача. Көпчүлүк түрк тилдеринде үчүнчү жактын көптүк мааниси үчүн *-лар* мүчөсү колдонулат Мисалы, алтайча *олор келген, олор келгендер*; өзбекче *улар келгенлер* ж. б.

Кыргыз тилинде этиштин *-ган* формасына *дыр* (<*тур*(*ур*) мүчөсү кошулуп, күдүк өткөн чак түзүлөт. Күдүк өткөн чак да жак мүчөнүн толук формасы боюнча өзгөрөт. Мунун жакталышында эч кандай өзгөчөлүк жок.

*Оң форма*

*жекелик түрү*

| | |
|---|---|
| 1 *жак* | *мен барган дыр-мын* |
| 2 *жак* | *сен барган-дыр-сың* |
| | *сиз барган-дыр-сыз* |
| 3 *жак* | *ал барган-дыр* |

*көптүк түрү*

| | |
|---|---|
| 1 *жак* | *биз барган-дыр-быз* |
| 2 *жак* | *силер барган-дыр-сыңар* |
| | *сиздер барган дыр-сыздар* |
| 3 *жак* | *алар барышкан-дыр* |

*Терс форма*

*жекелик түрү*

1 *жак* *мен барган дыр-мын*
2 *жак* *сен барган-дыр-сың*
*сиз барган-дырсыз*
3 *жак* *ал барган-дыр*

*көптүк түрү*

1 *жак* *биз барган-дыр-быз*
2 *жак* *силер барган-дыр-сыңар*
*сиздер барган-дыр-сыздар*
3 *жак* *алар барышпаган-дыр*

**Арсар келер чактын жакталышы**

Атоочтуктун *-ар//-ер* формасы баяндоочтук позицияда
мыл-аракеттин болушун арсар кылып көрсөтөт да, жак м
нүн толук формасы боюнча өзгөрөт. Мааниси жагынан кө
чекте боло турган же болбосо затка жалпы эле мүнөз
болгон кыймылды (белгини) билгизет.

Жакталыш схемасы төмөнкүчө:

*Оң форма*

*жекелик түрү*

1 *жак* *мен барар-мын*
2 *жак* *сен барар-сың*
*сиз барар-сыз*
3 *жак* *ал барар*

*көптүк түрү*

1 *жак* *биз барар-быз*
2 *жак* *силер барар-сыңар*
*сиздер барар-сыздар*
3 *жак* *алар барар*
*(барышар)*

*Терс форма*

*жекелик түрү*

1 *жак* *мен барбас-мын*
2 *жак* *сен барбас-сың*
*сиз барбас-сыз*
3 *жак* *ал барбас*



*көптүк түрү*

1 *жак* *биз барбас-пыз*
2 *жак* *силер барбас-сыңар*
*сиздер барбас-сыздар*
3 *жак* *алар барышпас*
*(барбас)*.

Кыргыз тилиндеги этиштин арсар келер чак формасы толук
сакталуучу этиштик формалар менен жак мүчөлөрү боюнча
ч кандай айырма жок экендигин келтирген схемалардан кө-
үгө болот.[1]

Түрк тилдери арсар келер чак (кээ биринде учур
ак үчүн да колдонулат) формасынын фонетикалык эволюция-
ы боюнча бирдей эмес. Көпчүлүк түрк тилдеринде кыргыз,
азак, өзбек, алтай ж. б. арсар келер чактын тескери формасы
*бас* болуп эң кийинки баскычы сакталса, кээ биринде (кара-
ай балкар, турция) *-маз/-мез* болуп ортонку баскычы сак-
алган. Орхон-енисей эстеликтеринде да „з": *билмаз* (Мелио-
анский). *Ал* эми үчүнчү бирөөлөрүндө (түркмен, азербайжан
илинде) анын баштапкы формасы „р" сакталган. Мисалы, түрк-
ленче[2]:

1 *жак* *бар-ма-р-ын*
2 *жак* *бар-ма-р-сың*
3 *жак* *бар-ма-р*

„р" тыбыш менен „з" тыбышынын алмашышы түрк тилинде
ана эмес, кыргыз тилинин өзүнөн да кезигет. Мисалы: ***аткар—
атказ, откор—откоз, өткөр өткөз*** ж. б.. Кийинки мисал-
дарга караганда тыбыштардын фонетикалык алмашуусу да сөз
жасоо ролун ойнойт деп эсептөөгө болот. Белгилүү өлчөмдө
„р" тыбышы менен „з" нын алмашуусу байыркы түрк тилдери
менен азыркы тилден да кезигет. Мисалы, азыркы түрк тил-
дериндеги таңгыч мүчө *-сыз* байыркы түрк тилдеринде *-сыра*
формасында да кезигет: *„кагансыратмыз"*[3] ж. б.

---

[1] Мындагы көңүл бура турган нерсе—закондуу түрдө *„барбармын"* де-
гендин ордуна „барбасмын" формасынын бардыгы. Тескери форма тү-
зүлгөн учурда келер чактын формасы -(а) р > з > с тыбышына өтүп кеткен.
Тарыхый жагынан алганда мындагы „с" тыбышы „з" нын катканаңга өтү-
шүнөн, ал эми „з" болсо арсар келер чакты уюштуруучу „р" тыбышы менен
алмашуунун натыйжасында (в результате чередования „р//з(с)") пайда бол-
гондугу белгилүү.

[2] Н. А. Баскаков. Об особенностях говора северо-кавказских турхме-
нов. Языки Северного-Кавказа и Дагестана. Сб. Лингвистических исследова-
ний, вып. II, 1949, 152.

[3] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, М—Л., 1951,
30 бет (16).

П. М. Мелиоранский. „Памятник в честь Кюль-Тегина" деген эм-
гегинде орхон-енисей эстеликтеринде -сыра менен бирге -сыз мүчөсү да

„р“ менен „з“ тыбышынын алмашышы монгол тили менен тилдеринде да жана кээ бир түрк тилдери менен чуваш деринде да болот. Бурят-монголчо *эхир*—кыргызча *эгиз*, голчо *бор*—кырг. *боз*, монголчо *үкер*—кырг. *өгүз*, бурят-*өөрө*—кырг. *өз* (ат атооч); чувашча *жалтар*—кырг. *жы*. чув. *хер* 1—край; 2—хер—калиться, закалиться, накаливать кырг. *отко кызаруу* (<*кыз+ар*); салыштыр *кызыл* (<*кыз*. *жашыл* (<*жаш-ыл*); 3—дочь—кырг. *кыз*. ж. б.

Бул келтирилген материалдарга окшогон фактылар тилдерин изилдөөчүлөргө атоочтуктун *-ар* формасынын кери түрүнүн фонетикалык эволюциясы жөнүндө жогорк пикир айтууга мүмкүнчүлүк берген.

Кээ бир түрк тилдеринде тескери *-ба*, *-ма* мүчөлөр кийин келүүчү *р~з~с* тыбыштары таптакыр сакталбай ка Башкыр жана турция тилдеринин биринчи жагында иш дайча болгон жана ал тилдердин биринчи жагында жак м нүн башкы элементи „м“ тыбышы гана калган. Мисалы, кырча *ал-ма-м*, турцияча *окумам*—кыргызча *окубасмын*, *басмын*. Ушинтип, кыргыз тили арсар келер чактын тес формасынын эволюциялык өсүшү боюнча эң кийинки бас та „с“ болгону менен, анын жакталышындагы жак мүчөнүн быштык комплексин толук сактап кала алган. Жогорку сөтүлгөн эки тилден кыргыз тили бул жагынан да айры

Атоочтуктун $\frac{\text{-ар}}{\text{-ер}}$ формасына байланыштуу дагы бир нерсени кетүү керек. Атоочтуктун „р“ формасынын кең үндүү ме келген түрү кыргыз тилинде дайыма келер чак үчүн колдо лат да, кууш үндүү менен келгени азыркы учур чак үчүн к донулат. Кийинки мааниде атоочтуктун бул түрү *жат*, *т* *отур*, *жүр* деген төрт этиште колдонулат. Башка этиште булардын айырмасы—өзүнчө туруп азыркы учур чакты т гөндүгү. Жогорку төрт этиштин учур чакты билгизген формасы болуп *жатыр*, *турур*, *отурур* жана *жүрүр* эсеп лет. Булардын мындай толук формасы байыркы түрк тилде нен жана азыркы кээ бир түрк тилдеринен да кезигет. Ми лы, байыркы уйгурча: „...төрте эрклиг кан *олурур*“ (кырг. туру, олтурат), *турур эркен* (кырг. туру) ж.б. Азербайжа ол даллада *дурур* (кырг. ал далдада туру).

---

кезигет: с а н с ы з, т о н с ы з, б у н с ы з ж. б. -с ы з мүчөсү менен -с мүчөсүнүн генетикалык жагынан жакындыгы жогоркудай лингвистика жол менен гана эмес, мааниси жагынан да жакындашат. Бул жөнүндө п П. Малиоранский мындай дейт: Бул мүчө (-сыра—С. К.) казак тилинен к тилген сөздөгү сыяктуу эле жеке (приватное) маанини билгизет. Ошен „каансыра“, „каганла (становится ханом)“ деген сөзгө карама-каршы ха жоготуу (терять хана), кансыз калуу (обезханить) дегенди билгизет.. С дөрдүн -с ы р а аркылуу жасалышын мен жоктукту, тангандыкты билгиз чү -с ы з мүчөсү менен жакындаштыргым келет. -с ы р а мүчөсү -с ы з + дан да келип чыгышы мүмкүн же болбосо мында „р“ жөн эле „з“ дан салган дейт (36—37 бет).



Кыргыз тилинде жогорку төрт этиштин ичинен „жат“ деген ардамчы этиште гана атоочтуктун формасы толук сакталган. Мисалы, *үйдө жатыр*. Калган үчөөндө атоочтуктун „р“ тыбышы түшүп, үндүүсү гана калган. Бирок тыбыштык комплексинин өзгөргөнүнө карабастан аларда азыркы учур чакты билдиришет. Мисалы: *үйдө жүрү*, *алдагы жерде туру* ж. б. (Бул этиштер жөнүндө „учур чактын жакталышы“ деген темада толугураак айтылат.)

### Айкын келер чактын жакталышы

Этиштин айкын келер чагы кыймыл-аракеттин жалпы эле боло тургандыгын же болбосо, анын сүйлөнгөн мезгилден кийин боло турганын көрсөтөт да, төмөнкүчө жакталат.

*Оң форма*

*жекелик түрү*

| | |
|---|---|
| 1 *жак* | *мен бара-мын* |
| 2 *жак* | *сен бара-сың* |
| | *сиз бара-сыз* |
| 3 *жак* | *ал барат.* |

*көптүк түрү*

| | |
|---|---|
| 1 *жак* | *биз бара-быз* |
| 2 *жак* | *силер бара-сыңар* |
| | *сиздер бара-сыздар* |
| 3 *жак* | *алар барышат.* |

*Терс форма*

*жекелик түрү*

| | |
|---|---|
| 1 *жак* | *мен бар-ба-й-мын* |
| 2 *жак* | *сен бар-ба-й-сың* |
| | *сиз бар-ба-й-сыз* |
| 3 *жак* | *ал бар-ба-й-т* |

*көптүк түрү*

| | |
|---|---|
| 1 *жак* | *биз бар-ба-й-быз* |
| 2 *жак* | *силер бар-ба-й-сыңар* |
| | *сиздер бар-ба-й-сыздар* |
| 3 *жак* | *алар бар-ыш-па-йт.* |

Кыргыз тилинде айкын келер чак толук эмес форма менен да колдонулат. Мисалы: *бара-мын*, *бара-м* ж. б. Тилдеги айрым фактыларга караганда кийинки куб уш катарында пайда бол-

гон жакталыштын толук эмес формасынын келечеги ке
эсептөө керек.

Кыргыз тилиндеги келер чак, кээ бир түрк тилдеринде
келер чактын „барамын“ сыяктуу азыркы формасы та
жагынан татаал формалардын кыскарган түрү болуп эсеп
*бара* (*турур*|| *турар*) *ман*; *бара* (*турур*|| *турар*) *сы*
*рат*|| *барады* (< *барадыр* < *барадур* < *бара турур*). Бу
цесстин калдыгы азыркы уйгур жана алтай тилдеринде с
ган. Мисалы: уйгурча *барадурман*, *барадурсан*, *бар*
алтай тилинде бул „тур“ деген этиштин атоочтук фо
(турур) дан „т“ элементи гана сакталган: *бар-а-д-ым*, *б*
*д'-ың*, *бар-а-т* ж. б. Бизде бул „т“ үчүнчү жакта гана
талган.

### Өткөн чактын *-чу* формасынын жакталышы

Бул *-чу* мүчөсү аркылуу кыймыл-аракеттин кайта
аркылуу узакка созулган же болбосо адатталган маан
өткөн чактын формасы түзүлөт. Бул формадагы этиште
баяндоочтук позицияда турганда жак мүчөсүнүн толук фо
сы боюнча өзгөрөт. Мисалы:

*Оң форма*

*жекелик түрү*

*1 жак мен барчу-мун*
*2 жак сен барчу-суң*
*сиз барчу-суз*
*3 жак ал барчу*

*көптүк түрү*

*1 жак биз барчу-буз*
*2 жак силер барчу-суңар*
*сиздер барчу-суздар*
*3 жак алар барышчу*

*Терс форма*

*жекелик түрү*

*1 жак мен барчу эмесмин*
*2 жак сен барчу эмессиң*
*сиз барчу эмессиз*
*3 жак ал барчу эмес.*

[1]. Н. К. Баскаков. Ногайский язык и его диалекты. М. Л., 93 бет



*көптүк түрү*

*1 жак биз барчу эмеспиз*
*2 жак силер барчу эмессиңер*
*сиздер барчу эмессиздер*
*3 жак алар барышчу эмес.*

Өткөн чактын *-чу* формасынын тескери түрүнүн берилиши
нүндө кыргыз тилчилеринин арасында бирдиктүү пикир жок.
А. Батманов жана Б. Орузбаева мунун тескери формасы
ес“ жана *-ба* мүчөсү аркылуу берилет[1] деп көрсөтүшөт:
*чумун*, *барбачумун*. И. А. Батманов кыргыз тилинде өткөн
тын *-чу* формасынын *-ба* мүчөсү аркылуу берилген терс
ү сейрек колдонуларын эскертет. Менимче, сейрек турмак
л келтирилген *барбачумун*, *жазбачумун* деген мисал-
жасалма. Кыргыз тилинде ушу сыяктуу эле *-чы* мүчөсү
ылуу буйрук ыңгайда сен *жазчы*, *келчи* болуп жумшар-
лган буйрук катарында колдонулуучу формалар да бар.
рок мындагы *-чы*, *-чу* мүчөлөрү менен өткөн чакты уюшту-
учу *-чу* мүчөсүнүн эч байланышы жок. Ошондуктан өткөн
тын *-чу* формасынын таңгыч мааниси „эмес“ деген жардам-
сөз менен гана аналитикалык жол менен берилет деш оң.
ак мүчө баяндоочтун составдык элементи болгон „эмес“ ке
лганат. „Эмес“ эч убакта жөнөкөй этиш менен айтылбайт.
баяндоочтук позицияда турган атооч же болбосо атоочтук
сиетке ээ болуучу этиштик формалар менен гана колдонулат.
л жагынан алганда өткөн чактын *-чу* формасын башта атооч-
к касиетке ээ болгон сөз катарында кароого туура келет.

Өткөн чактын *-чу* мүчөсү этиштик уңгуга же негизге ти-
ден тике жалганат. Кээде *-оо*, *-уу* мүчөлөрү аркылуу ую-
улган кыймыл атоочтун толук формасына, кээде анын бир
су түшүп калган формасына да жалганат, бирок бардык
урда алар баяндоочтук позицияда турганда жак мүчөнүн
лук формасы аркылуу өзгөрөт. Мисалы: *туручу*, *туруучу*
б.

Адабий тилдеги өткөн чактын *-чу* формасы көптүктүн би-
нчи жагында, Б. Орузбаеванын байкоосуна караганда,
сык-Көл областынын чыгыш бөлүгүндө сейрек түрдө *-чук*
рмасында да кезигет. Кыргыз тилиндеги *-чук* формасына
нетикалык жагынан байланышы бар формалар башка түрк
лдеринен жана монгол тилдеринен да кездешет. Б. Оруз-
ева тарабынан келтирилген фактыларга караганда, кыргыз
линдеги *-чук* өткөн чактын жана биринчи жактын көптүк
үрүнүн маанисинде колдонулат. Башкача айтканда, граммати-

[1] И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. III, 51 бет,
Орузбаева. Формы прошедшего времени в киргизском языке, 37,
бет.

калык бул эки маани бир эле формант аркылуу бери
рыхый жагынан мунун составындагы *-к* көптүктүн м
болушу мүмкүн. Бирок азыркы кыргыз тилинде *-чук* со
элементтерге бөлүнгүс морфема катарында колдонулат
мүчө менен өзгөрбөйт. Мисалы: Мен кичине кезде абам
луп жылыга жайлоого *чыкчук*. Көп балдар болуп чогу
рып, карагайдан сагыз *алчук*. Биз жайлоога чыгып жү
абам экөөбүз Каркыранын жармаңкесине *барчук*.[1]

Башка түрк тилдеринде *-чук* формасы кыргыз тилин
эле этиштин чагын көрсөтүүчү формант катарында кыз
лат, бирок алардын жагы жана жекелик, көптүк түрү
дүн ээсине карата түрлөнүп, морфологиялык оформлени
айтылат.

Б. Орузбаеванын эмгегинде *-чук* формасы Ысык-К
ластынын күн чыгыш бөлүгүндөгү бардык эле уруунун
дөрүнөнбү же болбосо белгилүү гана уруунун өкүлд
кезигеби бул маселе көрсөтүлбөгөн. Ушу сыяктуу эле
түлгөн территорияда адабий тилдеги *-чу* + *буз* менен
анын башкы формасы *-чук тун* сакталып калуу себеби
сөтүлбөгөн. Автор башка кээ бир түрк тилдеринде өз
түрдө колдонулуучу форманын кыргыз тилинде калды
рында *-чук* формасында сакталып калышын белгилөө
гана чектелип, ага байланыштуу болгон жогоркудай м
маселелерге токтолгон эмес. Ал эми эмне үчүн башка т
де *-чук* формасы баяндоочтук позицияда жак мүчөсү
айтылат да, кыргыз тилинде айтылбайт деп закондуу түр
рилүүчү суроо-*чук* мүчөсү менен байланышта кар
тийиш. Бир жагынан, Б. Орузбаеванын материалынын ж
сиздигинен, экинчи жагынан, *-чук* формасына тиешелүү
нимдүү материал өзүбүздүн колубузда жоктугунан жо
суроого так жооп берүү кыйын. Бирок, ошондой болсо д
формасынын тыбыштык комплексинин составынан „к" ты
түшүп, кыргыз тилинде ал *-чу* формасына айланып, *-чук*
со ошол эле мааниде анын архетиби катарында элдик с
речте сейрек болсо да сенек формада сакталып калган[2].
тирилген материалдарга караганда *-чук* тун составында
кээ бир түрк тилдеринде (хакас, тува) жактык баштапкы
нисинен *-чу*'нун составдык элементине айланып, башка
мүчөлөрдү кабыл алышы мүмкүн. Экинчи бирөөлөрүндө (
гыз) болсо *-чу* мүчөсүнө кошулуп сенек формада чак
жак маанисинде колдонулуп калып, ошондуктан ага жак
лөрүнүн жалганбай калышы мүмкүн деп болжолдоого б
Этиштин өткөн чагынын *-чу* формасы баяндоочтук
цияда „бол" деген этиш менен да айкашып айтыла

---

[1] Келтирилген мисалдар Б. Орузбаеванын жогоруда аталган эмге алынды.

[2] Ушу сыяктуу пикир жогорку эмгекте да айтылган.



дай учурда бул эки компонент биригип составдык баян-
ту түзөт да, „бол" анын связкалык бөлүгү болуп эсепте-
жак мүчөлөрү толук эмес формада „бол" го жалганат.
алы:

*мен барчу болдум,*
*сен барчу болдуң* ж. б. Мындай форма маа-

и жагынан дайыма болгон кыймыл-аракетти өткөн чактын
ектисинде көрсөтөт. Эгерде *-чу* мүчөсү жалганган этишке
кери формада турган „бол" деген жардамчы этиш кошулуп
ылса, келечекте болуучу кыймыл-аракет жөнүндө эскер-
катарындагы айтылган маани берилет. Мындай учурда
морфологиялык оформление аяккы компонентке (бол го)
ганат; баяндоочтун жагы өздөрүнө уланган мүчөлөр жана
лөмдүн ээлери аркылуу белгилүү болот:

мен *барчу болбоюн*
сен *барчу болбогун*
ал *барчу болбосун* ж. б.

Связкалык милдет аткаруучу жардамчы этиш „бол"-*чу* фор-
сындагы составдуу баяндоочто чоң роль ойнойт. Муну жар-
мчы этиш „бол" го байланыштуу болгон төмөнкү конструк-
ядан көрүүгө болот.-*чу* мүчөсү жалганган жардамчы этиш
ол" атоочтуктун „элек" формасы менен айкашкан учурда
ймыл-аракеттин иш жүзүнө аша электиги сүйлөөчү тара-
нан өткөн чактын аспектисинде көрсөтүлөт. Мында да жак
чө „болучу" формасындагы компонентке жалганат. Мисалы:

мен *бара элек болучумун,*
сен *бара элек болучусуң* ж. б.

ындагы „элек" ти көптүк мүчө *-к* жалганган „эле" нин „элек"
рмасы менен чаташтырууга болбойт. Биринчи „элек" чак-
лдардын $\frac{-а}{-е}$ й формасы менен бирге айтылып, атоочтуктарды
зөт. Анын башкы формасы болуп $\frac{-\text{галак}}{-\text{гелек}}$ эсептелет. Мисалы,
орчо *пargалак*, *келгелек* — кыргызча *бара элек, келе элек*
б. Ал эми экинчи „элек" болсо „эле" деген жардамчы этиш-
н көптүк түрү болуп эсептелет; ал генетикалык жагынан
*эди* //*эде, экен, эмес, эмиш* деген жардамчы этиштер менен
айланыштуу, түпкү уңгусу жагынан байыркы убактагы „эр"
быть) ден келип чыккандыгы белгилүү: *эди*// < *эде* (<*эрти*),
*кен* (<*эркен*), *эмес* (<*эрмес*), *эмиш* (<*эрмиш*)[1].

---

[1]. Атоочтуктун „элек" формасы ушул убакка чейин кыргыз тили боюнча
ипчүлүк жазылган грамматикалардан өз ордун ала албай келе жатат. Ал
атоочтуктун башка формалары сыяктуу өз ордун ээлөөгө тийиш

## Өткөн чактын -ып жана -ыптыр формасынын жакт

Бул-*ып* жана-*ыптыр* мүчөлөрүнүн этишке жалганы кылуу өткөн чак түзүлөт. Мектеп грамматикалары формадагы этиштер капыскы өткөн чак деп аталат. -ы *ыптыр* формаларынын берген маанилерин кыргыз ти „капыскы“ өткөн чак деген термин толук бойдон ку ала албайт. Ошондуктан мунун термини да такталу лап кылат. Өткөн чактын бул түрүнүн мүчөлөрү-*ы* *тыр* жана бул кийинки мүчөнүн тыбыштык комплекси тыбышы түшүп-*ыпыр* болуп кыргыз тилинде үч түрдү мада айтылат.[1] Бүткөн сүйлөмдүн баяндоочунун ми аткарган учурда,-*ып*,-*ыпыр*,-*ыптыр* формасындагы эти толук формадагы жак мүчөлөр жалганып айтылат.

1) *-ып* формасынын жакталышы

*Оң форма*

*жекелик түр*

1 *жак мен барыпмын*
2 *жак сен барыпсың*
*сиз барыпсыз*
3 *жак ал барыптыр*

*көптүк түр*

1 *жак биз барыппыз*
2 *жак силер барыпсыңар*
*сиздер барыпсыздар*
3 *жак алар барыптыр*

*Терс форма*

*жекелик түр*

1 *жак мен барбапмын*
2 *жак сен барбапсың*
*сиз барбапсыз*
3 *жак ал барбаптыр*

*көптүк түр*

1 *жак биз барбаппыз*
2 *жак силер барбапсыңар*
*сиздер барбапсыздар*
3 *жак алар барбаптыр.*

[1] Б. Орузбаеванын аталган эмгегинин 30 бетин кара.



2) *-ыптыр* формасынын жакталышы

*Оң форма*

*жекелик түр*

1 *жак мен барыптырмын*
2 *жак сен барыптырсың*
*сиз барыптырсыз*
3 *жак ал барыптыр*

*көптүк түр*

1 *жак биз барыптырбыз*
2 *жак силер барыптырсыңар*
*сиздер барыптырсыздар*
3 *жак ал барыптыр*

*Терс форма*

*жекелик түр*

1 *жак мен барбаптырмын*
2 *жак сен барбаптырсың*
*сиз барбаптырсыз*
3 *жак ал барбаптыр*

*көптүк түр*

1 *жак биз барбаптырбыз*
2 *жак силер барбаптырсыңар*
*сиздер барбаптырсыздар*
3 *жак алар барбаптыр*

3) *-ыпыр* формасынын жакталышы

*Оң форма*

*жекелик түр*

1 *жак мен барыпырмын*
2 *жак сен барыпырсың*
*сиз барыпырсыз*
3 *жак ал барыпыр*

*көптүк түр*

1 *жак биз барыпырбыз*
2 *жак силер барыпырсыңар*
*сиздер барыпырсыздар*
3 *жак алар барыпыр*

### *Терс форма*

*жекелик түр*

1 *жак* *мен барбапырмын*
2 *жак* *сен барбапырсың*
*сиз барбапырсыз*
3 *жак* *ал барбапыр*

*көптүк түр*

1 *жак* *биз барбапырбыз*
2 *жак* *силер барбапырсыңар*
*сиздер барбапырсыздар*
3 *жак* *алар барбапыр.*

Бул *-ып*, *-ыпыр* жана *-ыптыр* мүчөлөрү өткөн чакты турууччу мүчө болуп эсептелет. Бул жалганган этиште нөкөй сүйлөмдүн же болбосо кошмо сүйлөмдүн соста жак мүчөлөрү жалганып, бүткөн баяндооч болуп кызма лат. Бирок булардын ичинен *-ып* мүчөсү жалганган эт функциясы кең. Ал багыныччтуу кошмо сүйлөмдө да, баг сыз кошмо сүйлөмдө да баяндоочтук милдет аткарат. кийинки эки формадагы этиш мындай касиеттерге ээ э

Бүткөн сүйлөмдүн баяндоочтук милдетин аткарган чактык маанини *-ып* билдирет. Ошондуктан кээ бир оку туулар чакчылдарды чактык мааниси боюнча классифи лашып, аны чакчылдардын өткөн чак формасы деп а Мындай көз караш жалаң гана кыргыз тили боюнча жаз грамматикаларда эмес, тектеш башка кээ бир тилдердин матикаларынан да кездешет. Чактык маани деепричаст айрым формалары аркылуу берилгендигине карап, кыргы теп грамматикаларында орусча деепричастие — чакч деп аталган; бул термин жана деепричастиени чак боюнча сификациялоо да туура эмес. [1]

Чакчылдардын *-ып* формасы көпчүлүк түрк тилдеринд гону менен, кыргыз, казак, өзбек ж. б. тилдегидей бүткөн сүйлөмдүн баяндоочу болуп эсептелбейт. Деме жагынан алганда түрк тилдери *-ып* формасындагы эти дин жакталышы боюнча бирдей эмес деп эсептөөгө бол

Кыргыз тилиндеги жогорку көрсөтүлгөн үч форманын *-ыпыр*, *-ыптыр*) ичинен кийинки эки формасы тарыхый нан алганда морфологиялык составы жагынан туунду эсептелет. Булардын морфологиялык биринчи элементи кы түрк тилдеринин эстеликтеринен да кезигет. Мисалы, (кырг. деп).

[1]. Бул жөнүндө „Мугалимдер газетасынын“ 1955 жылкы 30 апр санын кара.



Өткөн чактын *-ып* формасы жакталган учурда мүчөнүн шкы структурасы өзгөрүүлөргө учурайт. Так айтканда, би нчи жана экинчи жакта баяндоочтук мүчө *-ып* формасына е жалганса, үчүнчү жактын эки түрүндө тең *-ып* тан кийин *ыр* элементи пайда болот. Муну кыргыз, казак, өзбек тил ринен байкоого болот. Булардын кийинки экөөндө *-тыр* мү сү толук формада да, же уйгур тилиндегидей болуп кыскар н формада да *-ыптыр* же *-ыпты* болуп биринчи эки жакта зикпегени менен *-ып* формасынын жакталышында үчүнчү акта гана *-ыпты* болуп кездешет.

Кыргызча:

*мен барып-мын*
*сен барып-сың*
*ал бар-ып-тыр.*

Өзбекче:

*мен уки-б-ман*
*сен уки-б-сан*
*у уки-п-ти.*

Казакча:

*мен алып-пын*
*сен алып-сың*
*ол алып-ты.*

Өткөн чактын *-ыптыр* формасын кийинки мезгилдеги бол он кубулуш деп кароого керек. Анткени мунун составында ы *-тыр* элементи тарыхый жагынан „тур“ деген этиш атооч уктун $\frac{-ар}{-ер}$-р формасындагы калыбынан кыскарган түрү болуп септелет.[1]

Мисалы, *барыптырмын* (<*бар-ып тур* (*- ур*) *- ман*). *-тыр* үчөсүнүн тыбыштык комплекси бардык эле түрк тилдеринде ирдей даражада сакталбаган. Кээ бир тилдерде толук формада олдонулса, кээ биринде толук эмес формада сакталып калган. Мисалы: I кыргызча *барыптырмын*,
түрхменче *барыптыр-ын*,
II казакча *битирипти*
уйгурча *килипти* болуп, бул тилдерде *-тыр* мүчөсүнүн „р“ тыбышы түшүп калган. Ал эми кээ бир түрк тил-

[1]) Н. А. Баскаков Об особенностях говора северо-кавказских турхменов. Языки Северного Кавказа и Дагестана, Сб. Лингвистических исследований, 2, 1949, 153 бет.

деринде *-ыптыр* мүчөсүнүн составындагы *-тыр* элемен
талбай калган, мисалы, алтай, шор, башкыр ж. б.

Уйгур тилинде да жогоркудай болуп *-ипти* жана *-ып*
мүчө болуп өткөн чактын бул формасы эки түрдүү бол
донулганы менен, кыргыз тили менен уйгур тилиндеги
чактын формасынын ортосунда айырма бар. Уйгур т
*-ипти* элементи бардык жак боюнча колдонулбастан, б
жана үчүнчү жакта болот да, экинчи жакта *-ти*, *-ту* эл
түшүп, жак мүчө *-ып* формасына тике жалганат. Ал эм
гыз, түркмен тилинде болсо *-ыптыр* мүчөсү үч жакта т
донулат. Мисалы, уйгурча

*мән килиптимән*
*сән килипсән*
*у килипту*
*биз килиптимиз*
*килиптук*
*с(и)лә(р) килипсла*
*ула(р) килипту.*

В. В. Радловдун „Образцысынын" V томунда *-ыптыр*
чөсү менен бирге анын казак тилиндегидей болуп кыс
*-ыпты* формасы да кезигет: *келипти*, *барыпты* ж. б. Бул
шогон фактыга карап, кыргыз тилинин кээ бир изилдөөч
„этот момент еще раз доказывает, что в XIX в. два вар
этой формы были характерным явлением для киргиз
языка"[1] деп XIX кылымда (1862, 1869) кыргыз тилинде
*тыр* менен бирге *-ыпты* формасы да жашаган деп далил
аракеттенишет. В В. Радловдун V томунда жогоркуга с
гон азыркы кыргыз тилинде кезикпеген айрым грамматик
формалар жана фонетикага байланыштуу болгон матер
бар. Мисалы:
й (ж): эпчи *йакта*, эр *йакта* 244 бет
ш (ч): *айшыгы* алтын туу экан 326.
-ады: эмчагим ийип *кетеди* 459.
Кабылан тууган Алманбет
Көкчө жакка *барады* 8.
-ның: *менің* мойлом ой ейлек
Сакалым *менин* кой елек 10.
-лар: *кондулар, турдулар, миңдилер, кеттилер.*
XIX кылымда кыргыз тилинде ушунун баары эле болгон,
рок кийин тигил же бул себептер менен жоюлуп кеткен
болбосо башкага өтүп кеткен деп эсептөөгө болобу?! Мен
че, болбойт жана В. В. Радловдун Кыргызстанга келген
тилинде *-ыптыр* менен бирге *-ыпты* формасы да жаш
деген Б. Орузбаеванын пикири да негизсиз. Биринчиден,
дин негизин, маңызын түзгөн грамматикалык түзүлүш

[1] Б. Орузбаеванын жогоруда айтылган эмгегинин 33 бетин



негизги сөздүк фондусу кыска убакыттын ичинде эле өзгөрүп
кетиши же болбосо анын айрым элементтеринин жоюлуп ке-
тиши мүмкүн эмес; экинчиден, Кыргыз тилинде XIX кылым-
дын орто ченинде чын эле эки форма жашаган болсо, *-ыптыр*
мүчөсү эмес, азыр кийинки мезгилдеги анын кыскарган фор-
масы *ыпты* сакталышы керек эле. Кыскасын айтканда, жогор-
куча Радловдун тушунда азыркы кээ бир мүчөлөрдүн „эки
түрү жашаган" экен же болбосо кыргыз тилинде ошол кезде
сөз башында „й" тыбышы колдонулуп, кийин ал „ж" тыбы-
шына өткөн экен деп кароодон көрө. менимче, В. В. Радлов-
дун айтуучусу кыргызга территория жагынан жакын турган
түрк элдеринин (казак, өзбек) тилинин айрым элементтерин ара-
лаштырып сүйлөгөн адам болушу мүмкүн, же болбосо В. В. Рад-
лов кыргыз тилинен жыйналган материалдарды талдаган учурда
анын ичиндеги өзүнө түшүнүксүз же болбосо так эмес жазылган
кыргыз тилиндеги кээ бир грамматикалык формаларды башка
тилдерге чалып жазып коюшу мүмкүн деп божомолдоо чын-
дыкка жакын болор эле.

### Этиштин -мак,-макчы формасынын жакталышы

Бул *-мак* жана *-макчы* мүчөлөрү аркылуу ниет ыңгай (фор-
ма намерения) [1] түзүлөт. *-мак* мүчөсү аркылуу атоочтук жана
жакчылдар сыяктуу эле этиштин туунду формаларынын бири
болгон кыймыл атооч да түзүлөт. *-мак*, *-макчы* мүчөлөрү аркы-
луу түзүлгөн сөздөрдүн ичинен кыймыл-аракеттин атын же
болбосо процессин билгизгендери кыймыл атооч болуп эсеп-
телет. Булар атоочтуктар сыяктуу эле этиштик жана атооч-
тук касиетке ээ. Мисалы: *Найза саймак—эрдиктен*,
*ат жоорутмак—тердиктен* ж. б.

*-мак* формасындагы этиштер кыймыл-аракетти билгизип,
өткөн сүйлөмдүн баяндоочу катарында колдонулганда, булар-
га жак мүчөлөрүнүн толук формасы жалганат. Алардын жак-
талыш схемасы төмөнкүдөй.

*Оң форма*

*жекелик түрү*

1 *жак* *мен бармак-мын*
2 *жак* *сен бармак-сың*
*сиз бармак-сыз*
3 *жак* *ал бармак*

*көптүк түрү*

1 *жак* *биз бармак пыз*
*сiлер бармак-сыңар*
2 *жак* *сиздер бармак-сыздар*
3 *жак* *алар барышмак*

[1]. Башка термин боюнча „долженствовательное наклонение".

### Терс форма

*жекелик түрү*

1 жак *мен бармак эмесмин*
2 жак *сен бармак эмессиң*
*сиз бармак эмессиз*
3 жак *ал бармак эмес.*

*көптүк түрү*

1 жак *биз бармак эмеспиз*
2 жак *силер бармак эмессиңер*
*сиздер бармак эмессиздер*
3 жак *алар барышмак эмес.*

Этиштин *-мак* формасынын *-чы* мүчөсү менен келге[н]
да жак мүчөнүн толук формасы боюнча өзгөрөт. *-мак*
*-макчы* формасынын ортосунда ниетти билдирүү жагы
айырма жок. Экөө тең кыймыл-аракеттин аткарылышы үч
гон ниетти көрсөтөт. Этиштин *-мак,-макчы* формасы кы
аракеттин келечекте иштелүүгө тийиш экендигин көрс
дүгү үчүн түрк тилдеринин кээ бир изилдөөчүлөрү аны
сатты келер чак"[1] деп да аташат:

1 жак *мен жазмакчы-мын*
2 жак *сен жазмакчы-сың*
*сиз жазмакчы-сыз*
3 жак *ал жазмакчы* (Ниет этишти
*чы* формасы да*-мак* формасы сыяктуу эле жакталган
анын жакталышынын парадигмасына токтолуунун зар
жок). Мунун терс формасы да „эмес" деген жардамчы с
кылуу берилет. Бирок „этиш + *мак* + *эмес*" формасына
ганда „... + *макчы* + *эмес*" формасы аз колдонулат.
*-макчы* формасынын терс түрүнүн жардамчы сөз „эмес"
берилиши башта анын кыймыл атооч сыяктуу мүнөздө экен
көрсөтөт.

Бул*-мак,-макчы* формасынын жогорку көрсөтүлгөн
луу схемасы көпчүлүк түркологдордун пикири боюнча
учур чагы болуп эсептелет[2]. А. Н. Кононовдун термин
юнча азыркы келер чак.

Этиштин бул формасынын өткөн чагы*-мак,-макчы* ф
сындагы этишке „бол" же болбосо „экен", „эле" деген

---

[1]) Қазіргі казак тілі, 15 бет.
[2]) Н. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. III,
В. М. Насилов. Грамматика уйгурского языка, Москва 1940,
А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка, 196 бет.



мчы этиштердин айкалышы аркылуу түзүлөт (бул жөнүндө
кен", „эле", „эмес" менен башка этиштердин айкалышы жө-
ндөгү бөлүктү кара).

Этиштин *-мак* формасы жогоруда айтылгандай түрк тилде-
нде негизинен ниеттик жана кыймыл атоочтук башка тер-
ин боюнча инфинитивдик (азербайжан, турция, түркмен, ку-
ык, карачай-балкар тилдеринде) мааниде колдонулат. Бирок
. К. Дмитриевдин айтууна караганда, башкыр тилинде *-мак*
*макчы*) ниеттик мааниде көбүнчө „бол" деген жардамчы
гиш менен бирге айтылат да, жак мүчө кийинки компонентке
алганат. Мисалы, *килмэкчи булам*. Мында кыргыз, казак,
збек, уйгур тилдери этиштин*-мак,-макчы* формасына баян-
оочтук позицияда жак мүчөнүн тике жалганышы боюнча ай-
ылат. Сибирдик түрк тилдеринде этиштин *-мак, -макчы* фор-
алары такыр кездешпейт. Бул жагынан алганда *-мак* форма-
ы түрк тилдеринде бирдей таралбаган деп кароого туура
елет.

Кыргыз тилинде этиштин *-мак* формасы ниеттик жана кый-
мыл-аракеттин атынын маанисинде колдонулганы менен кийин-
ки мааниде анчалык өнүмдүү эмес. Мунун ордуна биздин тил-
де көбүнчө кыймыл атоочтордун*-оо* жана*-уу* формалары кол-
донулат. Түрк тилдеринин ичинен *-мак* формасынын кыймыл
атоочтук маанисинде колдонулушу уйгур тилинде өтө күчтүү.
Мында кыргыз тилиндеги *-оо, -уу* формасынын жатыш жөнүндө
мөдө туруп жакталганы сыяктуу болгон окшоштук бар экен-
диги байкалат. Окшоштук уйгур тилинде *-мак* формасы жа-
тыш жөндөмөсүндө туруп жакталганында турат. Мисалы, уй-
гурча:

1 жак *мэн киммактамэн* (<*кил-мак-да мэн*) т. е. я делаю; сейчас я нахажусь в процессе делания)
2 жак *сэн киммактасэн* (<*кил-мак-да сэн*)
3 жак *у киммакта* (<*кил-мак-да*)
*Биз киммактамиз*
*сиз киммактасиз*
*с(и)лэ(р) киммактасла*
*ула(р) киммакта.*

Бул*-мак* формасынын жакталыш схемасын орунду көрсө-
түүчү атоочтордун формасы менен салыштырууга болот. Ми-
салы, *шаардагы, шаарда (мын)*. Бул эки форманын ортосун-
дагы айырма жөнүндө В. М. Насилов. „Если в таком образо-
вании мы наблюдаем роль местного падежа в отношении на-
хождении предмета в пространстве, то в примере спрягающе-
гося местного падежа на*-мак, -мек* мы установливаем нахож-
дение предмета во времени, т. е. в процессе самого действия,

в самой его длительности"[1] деп жазат. Биз кәлмәкт мы приближаемся, мы подходим (т. е. мы в состояни хождения). Уйгур тилиндеги *-мақ* формасынын жатыш мөсүндөгү баяндоочтук бул мааниси кыргыз тилиндеги мыл атоочтун *-оо, -уу* формасынын жатыш жөндөмөсүн руп, баяндоочтук маанини билгизгенине толугу менен келет. Мисалы, *тынтыкты жактоочулардын саны* — кыймыл-аракеттин азыркы мезгилде узакка созулуп процессин билдирет. Кыргыз тилинде *-мак* формасы кудай мүмкүндүккө ээ эмес.

## II ЖАКТАЛЫШТЫН ТОЛУК ЭМЕС ТҮРҮ

Жакталыштын толук эмес түрү этиштик баяндоочко мүчөлөрүнүн кыскарган формасынын жалганышы менен нөздөлөт. Жакталуунун бул түрүнө этиштин төмөнкү лары кирет:

### шарттуу ыңгайдын жакталышы

Этиштин толук эмес жакталышына баяндоочтук позиц турган шарттуу этиш да кирет. Азыркы тирүү түрк тилде де мунун морфологиялык белгиси болуп *-са* мүчөсү эсепт Бу мүчө жалганган этиш жөнөкөй сүйлөмдө да, багыны татаал сүйлөмдө да дайыма баяндоочтук милдет аткарат. нөкөй сүйлөмдө этиштин бул формасы аркылуу тилектик ни берилсе, багыныңкы татаал сүйлөмдө натыйжанын чы шы үчүн болгон шарт жана баш сүйлөмдүн баяндоочунун гили көрсөтүлөт. Мындай маани грамматикалык бир форма кылуу болгону менен, жогорку эки маанинин кайсынысы берилгени баш сүйлөмдүн баяндоочунун формасы аркылуу б гилүү болот. Ошентип, *-са* мүчөсү баш сүйлөм менен багын туу сүйлөмдүн грамматикалык мүчө аркылуу байланышуусу составына кирет. Ошону менен бирге *-са* мүчөсү жалган этиш баяндоочтун гр мматикалык субъектисин да көрсөтөт.

*Келсем* жоксуң, *келсем* жоксуң, жалжалым,
Текке элирттиң тентек сүйүү кандарын (А. Осмонов). Азы

кы түрк тилдеринде, келтирилген бул мисалдагыдай бол этиштин шарттуу ыңгайы *-са* мүчөсү аркылуу түзүлөт да, жак мүчөнүн кыскарган түрү жалганат.

Натыйжанын чыгышы үчүн болгон шарттын мүнөзүнө ж раша шарттуу оборот реалдуу жана ирреалдуу болуп эки бөлүнөт. Ушуга карата шарттуу ыңгай учур чак жана өтк чак болуп эки түрдүү чак менен берилет. Эгерде натыйжан чыгышы үчүн коюлган шарт чындыкка карама каршы келб

[1] В. М. Насилов. Грамматика уйгурского языка, 109—110 бет.



арылууга мүмкүн болсо, обороттун бул түрү реалдуу бо- эсептелет да, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу учур чак рмасында, баш сүйлөмдүн баяндоочу окуянын мүнөзүнө жа- ша келер чак, буйрук, тилек, ниет ыңгай формасында кол- нулат:

Ал *келсе*, мен барам
Ал *кетсе*, мен келермин (келер чак)
Ал *окуса*, бул жазсын (буйрук ыңгай)
Ал *келсе*, биз бара турганбыз (келер чак).
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

үрк тилдеринде шарттуу ыңгайдын чактык мааниси анчалык к эмес. Кыргыз тилинде шарттуу ыңгайдын өткөн чагы ... н + *болсо* аркылуу берилет. Түрк тилдеринин кээ бир илдөөчүлөрү этиш + *са* + *жак* мүчө (*алсам*) сыяктуу фор- маани жагынан „шарттуу учур чакты гана эмес, шарт- у келер чакты" көрсөтсө да, аны шарттуу ыңгайдын учур ты деп эсептешет (Кононов боюнча учур-келер чак). Би- к кыргыз тилинде жогоркудай конструкциянын учур чак- билгизген мааниси эч сезилбейт. Мааниси жагынан алар лечектеги шартты же тилекти көрсөтөт. Ошондуктан „учур ак" деген термин мында шарттуу түрдө гана алынды.

Шарттуу ыңгайдын учур чак формасы төмөнкүчө жак- алат.

*Оң форма*

*жекелик түрү*

| | |
|---|---|
| 1 *жак* | *мен барсам* |
| 2 *жак* | *сен барсаң* |
| | *сиз барсаңыз* |
| 3 *жак* | *ал барса* |

*көптүк түрү*

| | |
|---|---|
| 1 *жак* | *биз барсак* |
| 2 *жак* | *силер бар аңар* |
| | *сиздер барсаңыздар* |
| 3 *жак* | *алар барышса* |

*Тескери форма*

*жекелик түрү*

| | |
|---|---|
| 1 *жак* | *мен барбасам* |
| 2 *жак* | *сен барбасаң* |
| | *сиз барбасаңыз* |
| 3 *жак* | *ал барбаса* |

*көптүк түрү*

1 жак *биз барбасак*
2 жак *силер барбасаңар*
*сиздер барбасаңыздар*
3 жак *алар барышпаса.*

Шарттуу ыңгайдын учур чагынын жакталышы боюнча гыз тили казак, өзбек, уйгур, турция тилдеринен эч маланбайт. Түрк тилдеринин бул бөлүгүнөн өздөрүнүн чөлүгүнө байланыштуу экинчи жактын көптүк түрү б башкыр тили (*ал-һа-гыз*) жана биринчи жактын көптүк т дө эки форманын (*бар-за-быс, бар-зак*) жана экинчи жа көптүк түрүндө-*гар* (*бар-за-гар*) формасынын колдону боюнча алгай жана шор тилдери кескин түрдө айрылат.

Эгерде коюлган шарт натыйжанын чыгышына ка каршы келсе, же болбосо аткарууга мүмкүн болбосо, ша обороттун ирреалдуу (б. а. реалдуу эмес) түрү болуп телет. Коюлган шарттын ирреалдуулугу атоочтуктун *га* масына „болсо" деген связканын кошулушу аркылуу „ болсо", „келген болсо" сыяктуу болуп аналитикалык жо нен түзүлөт да, жалпы жонунан мындай конструкция туу обороттун өткөн чак формасы болуп эсептелет. Мы учурда баш сүйлөмдүн баяндоочу көбүнчө өткөн чак ( *элем, б рат эле*) формасында колдонулат. Мисалы: э тил материалдык байлыктарды *өндүрө ала турган болс* да келжиректер дүйнө жүзүндөгү эң эле бай кишилерде лор эле (Сталин).

Шарттуу ыңгайдын өткөн чак формасы төмөнкү тар өзгөрөт.

*Оң форма*

*жекелик түрү*

1 жак *мен барган болсо-м*
2 жак *сен барган болсо-ң*
*сиз барган болсо-ңуз*
3 жак *ал барган болсо*

*көптүк түрү*

1 жак *биз барган болсо-к*
2 жак *силер барган болсо-ңор,*
*сиздер барган болсо-ңуздар*
3 жак *алар барган бол-уш-са*



*Тескери форма*

*жекелик түрү*

1 жак *мен барбаган болсо-м*
2 жак *сен барбаган болсо-ң*
*сиз барбаган болсо-ңуз*
3 жак *ал барбаган болсо*

*көптүк түрү*

1 жак *биз барбаган болсо-к*
2 жак *силер барбаган болсо-ңор*
*сиздер барбаган болсо-ңуздар*
3 жак *алар барбаган болушса.*

Этиштин-*са* формалуу түрүнүн жак мүчө менен өзгөрүшүндө тюркологиялык адабияттарда бирдиктүү пикир жок. Көпчүлүк тюркологдордун (Н. К. Дмитриев, А. Н. Кононов, И. А. Батманов ж. б.) пикири боюнча, шарттуу ыңгай таандык мүчө менен өзгөрөт деп карашат. Башкача айтканда, жогорку мисалдардагы-*са* мүчөсүнөн кийинки-*м*,-*ң* дарды жак мүчө эмес, таандык мүчө деп эсептешет.[1]

Ал эми байыркы түрк тилдеринде азыркы-*са* мүчөсү-*сар* болуп баштапкы формасында, ал эми жак мүчө болсо азыркыдай кыскарган-*м*,-*ң* формасында эмес,-*ман*, -*мен* болуп атоочтук баштапкы формада колдонулган (бул жөнүндө жогоруда толук айтылды).

Шарттуу ыңгайдын учур чагынын түзүлүшү бардык түрк тилдеринде бирдей болгон менен, өткөн чагынын түзүлүшү башкача. Өткөн чагынын түзүлүшү боюнча өзбек, башкыр, айрыкча, турция тили көпчүлүк түрк тилдеринен (кыргыз, казак тилдери) кескин айрылат.

Турция тилинде шарттуу ыңгайдын өткөн чагы этиштин-*са* формасына өткөн чактын мүчөсүнүн (-ды<иди—эле) жалганышы аркылуу түзүлөт да,-*са* менен -*ды* нын ортосуна „у" кошулат. Мисалы, *уазсаудим* (*уаз·са у-ди-м*)—эгерде мен жазган болсом ж. б. Өзбек, башкыр тилдеринде болсо шартуу ыңгайдын учур чагына (Кононовдуку боюнча „азыркы-келер чак") жардамчы этиш „эдинин" (башк. „ине") кошулушу аркылуу түзүлөт. Бирок башкыр тилинде шарттуу ыңгайдын өткөн чагында жак мүчө бирде жардамчы этиш „ине" ге, бирде-*са* мүчөлүү этишке жалгана берет. Жак мүчөнүн мындай эркин жалганышы башкыр адабий тилинде бул форманын биротоло бир калыпка келе электигин көрсөтөт.

---

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 167 бет.
А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка, 157 бет.
И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. III,14 б.

Мисалы, өзбекче: *ёз-са-м эди*—эгер мен жазган болсом,
башкырча: *алҺа инем*-эгер мен алган болсом.

Биздин тилде турция тилиндегидей конструкциянын
лиши эч мүмкүн эмес. Кыргыз тилинде да-*са* формасы
бек, башкыр тилиндегидей кылып элени кошуп айтууга
күн. Бирок ... са + эле“ деген конструкцияда баш сүйл
баяндоочу өткөн чак формасында туруп, орус тилине ко
ганда гана өткөн чак менен берилбесе, кыргыз тилинде
чактык маанини билгизбейт. Мисалы, китебим *болсо эле*
берер элем. Мындай учурда „болсо эле“ мааниси жа
„жок. эгерде болсо эле“ дегендин эквиваленти болуп эсеп
„Болсо эле“ дегенди мааниси жагынан „жокко барабар“ деп
тесек, ал баш сүйлөмдөгү баяндоочтун маанисине карама-к
келип, коюлган шарттын аткарылууга мүмкүн эмес эке
көрсөтүлөт. Айрым учурда „эле“,„болсо“ нун маанисин кү
үчүн да колдонулат. бирок мында да өткөн чактык маа
рилбейт. Кыргыз тилинде шарттуу ыңгайдын өткөн чагы
да жана анын ирреалдуу түрү үчүн да шарттуу ыңгайды
литикалык түрү (. . - *ган болсо*) колдонулат. Ушинтип,
гыз тилинде“ . . - *ган болсо*“ башка түрк тилдериндеги
матикалык эки түрдүү маанини билдирет; жак мүчө
аналитикалык түрдүн экинчи компонентине жалганат. Мис
*алган болсом* ж. б.

Этиштин башка формасынын жакталышынан шарттуу ың
дын жакталышынын бир өзгөчөлүгү болуп, шарттуу ы
сүйлөмдө өз алдынча баяндоочтук кызмат аткарып, ага
мүчө жалганып турса да, жак мүчөдөн кийин дагы мүч
жалганышына жол бериши эсептелет. Мисалы, *барсам*
*келсем-чи* ж. б. Мындай учурда-*са* мүчөсү-*чы* мүчөсүнүн
шулушу менен шартты же тилекти эмес, өкүнгөндүктү би
рет. Ал эми диалог иретинде айтылган учурда суроо ма
син билдирет. Мындай учурда-са + чы конструкциясы к
рүңкү үн менен айтылат да, басым-*са* мүчөсүнө түшөт.
салы, ал *келсéчи*? мен *барсáмчы*? ж. б.

-*са* формалуу этиш баяндоочтук позицияда бардык уч
эле жак мүчө менен айтыла бербейт. Жак мүчөсүз айты
учуру да, кээде составдык баяндоочтук милдет атка
сөзгө жак мүчөнүн эки түрү (толук, толук эмес формасын) ж
ганган учуру да болот. Составдык баяндоочто *са* формасы
гы биринчи компонент шарттуу ыңгайдын учур чак формас
да болот да, ага толук эмес формадагы жак мүчө жалга
Экинчи компоненти атоочтуктун келер чак формасында бо
да, ага толук формадагы жак мүчө жалганат. Конструк
мааниси жагынан күнөмдөнүү, болжолдоо, айырмасыздык
билдирет. Мисалы: *барбасам барармын, барсаң бар*
*сың* ж. б.

Кыймыл-аракеттин субъектиси экинчи компонент аркыл
эле белгилүү болгондуктан, биринчисинде жак мүчөнүн бо



тил үчүн артык баш келип, оозеки речте-*са* формасында-
биринчи компонент жак мүчөсүз айтылышы да мүмкүн.
салы: *барса барармын, барса барарсың* ж. б. . . өз акы-
нда *элестесе элестер*, бирок бүт боюу менен митаамдыктын
айына баткан кары киши деп түшүнбөйт аны (Сыдыкбеков).
ндай бир эле сөздүн кайталанып келген формасы „да“ бө-
чөсү менен айтылган учурда экинчи компонентке жогор-
дай толук формадагы жак мүчө эмес, кыскарган формадагы жак
чө жалганат. Мисалы, *билсем билбесем* да ж. б.-*са* форма-
ндагы этиш төмөнкү учурда да жак мүчөсүз айтылат. Окуя-
н же кыймыл-аракеттин аткарылышы сүйлөөчү үчүн ачык
лбосо же болучу кыймыл-аракет ан үчүн баары бир айыр-
сыз болсо. мындай учурда адегенде шарттуу этиштин фор-
сы (жак мүчөсү), андан кийин этиштин буйрук ыңгайынын
рмасы колдонулат. Мисалы: *кетсе кетсин, келсе келсин,*
*азса жазайын.*

Шарттуу ыңгай „экен“ жана „бол“ деген жардамчы этиш-
р менен да кошулуп айтылат. Булдардын жакталышы жө-
ндө төмөндө айтылат.

### Өткөн чактын -*ды* формасынын жакталышы

-*ды* мүчөсү аркылуу этиштин айкын өткөн чагы түзүлөт.
акталыш схемасы төмөнкүчө.

*Оң форма*

*жекелик түрү*

| | | |
|---|---|---|
| 1 *жак* | *мен барды-м* | |
| 2 *жак* | *сен барды-ң* | |
| | *сиз барды-ңыз* | |
| 3 *жак* | *ал барды* | |

*көптүк түрү*

| | | |
|---|---|---|
| 1 *жак* | *биз барды-к* | |
| 2 *жак* | *силер барды-ңар* | |
| | *сиздер барды-ңыздар* | |
| 3 *жак* | *алар барышты* | |

*Терс форма*

*жекелик түрү*

| | | |
|---|---|---|
| 1 *жак* | *мен барбады-м* | |
| 2 *жак* | *сен барбады-ң* | |
| | *сиз барбады-ңыз* | |
| *жак* | *ал барбады.* | |

*көптүк түрү*

1 *жак* *биз барбады-к*
2 *жак* *силер барбады-ңар*
*сиздер барбады ңыздар*
3 *жак* *алар барышпады.*

Кыргыз тилиндеги өткөн чактын *-ды* формасынын жа шы көпчүлүк түрк тилдеринен айырмаланбайт. Түрк ти нин жакталыш системасы бирдей болгону менен, кээ лөрү айрым жак мүчөлөрү боюнча өзүнө тектеш ти экинчи жактын жак мүчөсүнүн көптүк түрү боюнча жав дык мүчөсү боюнча айырмаланат. Салыштыр:

| кумыкча | башкырча | алтайча | кырг |
|---|---|---|---|
| *бардың*<br>*бардыгыз*<br>*атың*<br>*атыгыз* | *бардың*<br>*бардыгыз*<br>*атың*<br>*атыгыз* | *чыктың*<br>*ч -ктыгар*<br>*адың*<br>*адыгар* | *чыктың*<br>*чыктың*<br>*атың*<br>*атыңар* |

Ушинтип, „г“ тыбышы азыркы кээ бир түрк тиллеринд чи жактын көптүк түрүндө гана колдонулса, байыркы тилдеринде баяндоочтук мүчөнүн экинчи жагынын же көптүк түрүндө жана таандык мүчөнүн экинчи жагыны келик түрүнө да жалганган.

*жекелик түрү*

Мисалы: *йаңылтыг-жаңылдың,*
*бардыг-бардың,*
*кылдыг-кылдың*
*өлтүг-өлдүң*

*көптүк түрү*

*эртигиз-элеңиз*
*бардыгыз-бароыңыз.*

Байыркы түрк тилдеринде бул „г“ форма менен бирг мүчөнүн азыркыдай „ң“ формасы да кездешет.

1) *эрдиң*-эдин, элен,
*титдиң*-жоготтуң ж. б.
2) *эртиңиз*-эдиңиз, элеңиз
*бартыңыз*-бардыңыз
*болтуңузлар*-болдунуздар
*өтүндүңүзлер*-өтүндүңүздөр.



Байыркы түрк тилдеринде экинчи жактын таандык мүчө-нүн азыркыдай *-ң, -ың* формасы менен бирге *-г, -ыг* формасы-н да болгондугу байкалат. Мисалы:

1) *едгуг*—(сенин) ийгин,
*буңуг*—(сенин) мунун,
2) *кан-ың*, сөңүк-үн,—сөөг-үн.
*көңүл-үңүз, улусуңузлар* (сиздин өлкөңүз).

ирок байыркы түрк тилдеринде экинчи жактын таандык мү-өсүнүн жекелик түрүнүн „г“ формасынын закондуу күтүлгөн өптүк түрү-*ыгыз* (*атыг-атыг-ыз*—атын-атыңыз) формасын ке-иктире алганыбыз жок.

Тюркологиялык адабияттарда „ң“ тыбышы жөнүндө неги-инен бизге эки пикир белгилүү.

Алтай грамматикасынын авторлору „ В притяжательной риставке множественного числа второго лица (в тюркском-ңар) носовой „ң“ всего чаще изменяется в „г“ (*-ыгар*)“ деп көрсөтсө, түрк тилдерин изилдөөчүлөрдүн экинчи бирөөлөрү „Түрк тилдериндеги мурунчул „*ң*“ „*н*“ менен „*г*“ тыбышынын элементтеринен (*н* + *г*) тургандыгы XIII кылымда эле араб филологу тарабынан белгиленген; бул пикирдин тууралыгы татар тилинин Казан артындагы жана Парангин говорунун материалдары менен да ырасталат“[1] дейт. „*ң*“ тыбышынын ордуна „*н* + *г* тыбыштарынын айкалышынын колдонула тургандыгын проф. Н. К. Дмитриев тарабынан кумык тилинин буйнак диалектисинен да белгиленген“[2].

„г“ тыбышынын байыркы түрк тилдеринде жана азыркы кээ бир түрк тилдеринде да „н“ тыбышынын ордуна колдонулушу мурунчул „ң“ тыбышы өзүнүн тыбыштык жаратылышы боюнча „н“ менен „г“ нын айкалуушусунан турган болуу керек деген жогорку ыктымал божомолдоого алып келет. Кийин ал „н“ жана „г“ деген составдык элементтерге бөлүнүп кеткендиги азыр кээ бир түрк тилдеринде „ң“, кээ бирөөндө „г“ тыбышынын колдонулушунун жача булардын ордуна кээ бирөөндө „н + г“ тыбыштарынын айкалуушусунун колдонулушу менен ырасталышы мүмкүн. Азыркы түрк тилдериндеги „ң“ менен „г“ формасын берген архетип крым-татар тилинен кезигет (*атынгыз*). Бул айгылгандарды схема боюнча төмөндөгүдөй кылып берүүгө болот.

*атыңыз*: ң ← *н* —+ *г* ——→ г: *атыгыз*
*бардың* ↑ *бардыг*
*атынгыз*

[1] Л. Заляй. Средний диалект татарского языка (автореферат докторск. диссерт.) 1954, 13 бет.
[2] Н. К. Дмитриев. Грамматика кумыкского языка, 38,71 бет.

*бардыңыз*
*бардыңар* *барды*
*барды*

Көпчүлүк түрк тилдеринде жана кыргыз тилинде ( жактын көптүк түрүнүн морфологиялык мүчөсү болуп телет. Ал эми алтай тилинде болсо биринчи жактын түрү-*быс* жана-*к* болуп эки түрлүү форма менен берил салы, бис *чыкты-быс*, бис *чыкты-к*. Байыркы түрк тилде жак мүчө катары өзүнчө атайын колдонулбаган. Анын *-мыз* гана колдонулган. Мисалы, *тогдумуз эртибиз*—т *келүртүмүз*-биз алып келдик.

Тюркологиялык адабияттарда-*к* мүчөсүнүн чыгышы дөгү маселе биротоло чечиле элек жана ал тууралу логдордун арасында бирдиктүү пикир да жок.

Байыркы түрк тилинде-*дык* (варианты менен) мүчөс луу этиштик атооч (отглагольное имя) түзүлгөн. Миса *дук-тийүү*, кол салуу, *билмедүк*-билбөө ж. б. Буга о сөздөр этиштик жана атоочтук касиетке ээ. Ага атоочтор туу сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн жалганышы мүмкүн; эт сыяктуу жатыш жөндөмөсүндө турганда чакты да бил Ошондуктан кээ бир изилдөөчүлөр аны атоочтук (прич деп карайт.[1]. Мисалы, байыркы түркчө *тегдүктө*— жет *ертирдүкте*—аткарганда. Бул-*дык* форма азыркы турц линде да сакталган жана ал жогоркудай эле мааниде к нулат[2].

Байыркы түрк тилинде жана азыркы турция тилин жатыш жөндөмөсүндө бул-*дык* формасынын чактык ма бериши айкын өткөн чактын (-*ды*) негизине кыскарган этиштик атоочтун ушул-*дык*,-*дүк* формасы жаткан болуу деген ыктымал болжолдоого алып келет. Эгерде иш ушу болгон болсо, анда байыркы-*дык*,-*дүк* мүчөсүнүн айры составдык бөлүкчөсү-к баштапкы толук формасы боюнча рок грамматикалык эки башка функцияда-*ды* чак,-к жак катарында өткөн чактагы жана шарттуу ыңгайдагы ат тук жак мүчөнү сүрүп чыгып, анын ордуна биринчи жа көптүк түрүндө жак мүчө катарында колдонулуп калган кароого туура келет. Ушинтип, айкын өткөн чак менен ш туу ыңгайдын биринчи жагынын көптүк түрүнүн мүчөсү ган жак мүчөлөрүнөн өзүнүн чыгышы жагынан да айры

Кыргыздын адабий тилинде өткөн чактын-*ды* формасы үч чү жактын көптүк түрү үчүн өзүнөн кийин-*лар* мүчөс жалганышына жол бербейт.

Башка кээ бир түрк тилдеринде айкын өткөн чактын к түк түрү үчүн үчүнчү жакта-*лар* мүчөсү колдонулат. Миса

---

[1]. С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 188 б.
[2]. А. Н. Кононов. Грамматика турецкого языка, 241—155 бет.



бекче *ёз-ди-лар*. Кыргыз тилинде үчүнчү жактын көптүк ү кош мамиле этиштин-*ыш* мүчөсү аркылуу берилет. Ми ы, алар *барышты*-ыш мүчөсү үчүнчү жактын көптүк түрүн дайыма эле колдонула бербейт, кээде-*ыш* мүчөсү кошул дале айтыла берет. Бирок сүйлөмдүн ээси көптүк түрдө гандыктан, баяндоочу жекелик түрдө турса деле көптүк аниде түшүнүлөт.

Н. К. Дмитриев башта үчүнчү жактын жекелик жана көп ү үчүн бир эле форма колдонулган дейт, мисалы: *алды* $\frac{\text{он}}{\text{они}}$ взял яли[1] Демек, буга караганда кыргыз тилиндеги *-ыш* ормасынын көптүк мааниде колдонулушун кийинки кездеги булуш деп карооого туура келет. Башка кээ бир түрк тил ринен кыргыз тили айкын өткөн чактын экинчи жагынан птүк түрүндө-*лар* мүчөсүнүн башкы „л" тыбышынын түшү боюнча да айрылат. Салыштыр: кыргызча силер *ал-ды-ң-ар*, закча *алдыңдар*. Адабий тилде „алдыңар" болгону менен, Чүй орунун оозеки речинде „алдыңдар" болуп-*лар* мүчөсү то к формада да колдонулат. Бул толук форманын колдону шу „казак тилинин таасирине байланыштуу болуу керек".[2]

### Этиштин учур чагынын жакталышы

Кыргыз тилинде этиштин учур чагы көбүнчө чакчылдар н $\frac{-а}{-е}$ -й жана $\frac{-ып}{-ип}$ формасына жардамчы этиштердин кошу ушу аркылуу түзүлөт. Мунун жакталыш схемасы төмөнкүдөй.

*Оң форма*

*жекелик түрү*

1 *жак* *мен жазып жат-а-м*,
2 *жак* *сен жазып жат-а-сың*.
*сиз жазып жат-а-сыз*,
3 *жак* *ал жазып жат-а-т*.

*көптүк түрү*

1 *жак* *биз жазып жат-а-быз*
2 *жак* *силер жазып жат-а-сыңар*
*сиздер жазып жат-а сыздар*
3 *жак* *алар жазып жатыш-а-т*.

---

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 143 бет
[2] Б. Орузбаеванын аталган эмгегинин 14 бетин кара.

*Терс форма*

*жекелик түрү*

1 жак *мен жазып жаткан-ым жок*
2 жак *сен жазып жаткан-ың жок*
*сиз жазып жаткан-ыңыз жок*
3 жак *ал жазып жаткан(-ы) жок*

*көптүк түрү*

1 жак *биз жазып жаткан-ыбыз жок*
2 жак *силер жазып жаткан-ыңар жок*
*сиздер жазып жаткан-ыңыздар ж*
3 жак *алар жазып жатышкан (ы) жок.*

Кыргыз тилинде учур чактын жана айкын келер үчүнчү жагынын жекелик түрү үчүн „тур“ деген этиштин тук формасы „турурдан“ кыскарган т колдонулат. Кээ тилдеринде бул архетип-*дур*,-*ды* болуп толугураак форм талса, кээ бирөөндө таптакыр жоюлуп кеткен. Мисалы, *ал-а-ды, бер-е-ди*, кыргызча, *ал-а-т*, бер-е-т, кавказ-т тилинде *бар-а-дур*, турцияча *уазмакта-дир*—он пишет тояно,—длительное время), *түрк-түр* — ал түрк, баш татарча *киле, ала* ж. б.

Учур чактын аналитикалык бул түрүнөн төмөндөгүд ра келбегендикти байкоого болот. Оң форманын биринч гынын жекелик түрүндө экинчи компонентке жак мүчө лук эмес формасы жалганып турса, биринчи жактын түрүндө жана экинчи жакта жак мүчөнүн толук формас ганып турат. Бирок оң форманын жекелик түрүндөгү к ган (толук эмес) форманы биротоло калыпка келген д роого жарабайт. Кыргыз тилинде муну менен бирге жа чөнүн толук формасы да колдонулат (*жазып жатамын* Жак мүчөнүн кыска формасын тилде кийинки кездеги кубулуш деп карооо туура келет. Жекелик түрүндө формага караганда жак мүчөнүн кыскарган формасы көб колдонулат. Буга караганда анын (кыскарган форманын) чеги кең деп карооо туура келет.

Оң форма менен терс форманын жакталышынын орто да айырма бар.

Эгерде оң формада жакталууучу экинчи компонент ча дар формасында болуп ага жак мүчө жалгана турган терстик маани „жок“ деген сөз аркылуу берилишине ныштуу экинчи компонент атоочтуктун өткөн чак фор кабыл алат да, жак мүчөнүн ордуна таандык мүчө колдо Салыштыр: алтайча *саткам* (*сатканым*). Мындай учур сүйлөмдүн ээсинин атооч жөндөмөдө тургандыгына байлан



ндык мааниде эмес, жак мүчө катарында колдонулат. Сүй- мдүн ээси, беттеме атооч, илик жөндөмөсүндө турса, анда *азып жатканым*“ кыймыл-аракеттин атын же болбосо процессин билдирип калып, сүйлөмдүн баяндоочу болбостон, ээлик лдет аткарып калмак. Учур чактын терс түрүнүн жогоркуй формасын көпчүлүк түрк тилдеринен (казак, өзбек, алтай) зиктире алганыбыз жок. Муну кыргыз тилинин өзгөчөлүгү тарында карооо туура келет.

Учур чактын аналитикалык түрүнүн терс формасы кээде ргыз тилинде *-ба* мүчөсү аркылуу да берилет. Мындай учур- биринчи компонентке *-ба*, экинчи компонентке жак мүчө жалнат. Мисалы, *алып жатам, албай жатам* ж. б.

Учур чактын терс формасынын бул түрү өзбек, алтай тилринде да мүнөздүү. Мисалы: алтайча *мен алып дьадым* (мен ып жатам), мен албай дьадым (мен албай жатам); өзбекче *иб турибман—ёз-ма-й турибман* ж. б.

Учур чак адабий тилде жогоркуча берилгени менен, „Талас- Ысык-Көлдүн оң жак жээгинде жана Чүй боорунда“[1] жармчы этиштин *-ыр* формасы аркылуу да түзүлөт. Бул *-ыр* мүсү аркылуу алтай, кыргыз, өзбек, казак тилдеринде учур чак зүлөт. Башка жардамчы этиштерден „жат“, „отур“, „тур“, ур“ деген төрт этиштин айырмасы—булар өзүнчө туруп учур кты түзүшөт. Буларга жак мүчө толук формада кыргыз тинде учур чактык негизден кийин тике жалганат; *-ыр* мүчөсү лук составда „жат“ деген жардамчы этиште гана сакталган. лган үчөөндө *-ыр* мүчөсүнүн „р“ тыбышы түшүп калган (*жаыр, жүрү, туру, отуру*). Булардын толук формасы болуп *атыр, турур, отурур* жана *жүрүр* эсептелет. Бул *-ыр*,*-ир* нен *-ар*,*-ер* генетикалык жагынан бир. Биринчиси учур чак үн, экинчиси келер чак үчүн колдонулуп калган. Казак тинде да *-ыр* мүчөсү „жат“ деген этиште гана сакталган. Калн үчөө үңгү түрдө гана колдонулат да, жак мүчө ага тике лганат. Мисалы: *жолыгып турмын, жолыгып жүрмин*—кырзча *жолугуп турумун, жолугуп жүрүмүн.* Азербайжан линде „тур“ да турур болуп башкы формасында сакталган.

Кыргыз тилинде жогорку төрт этиш татаал этиштин состанда эмес, өзүнчө туруп учур чакты берген учуру да болот. ерде булар жатыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү башкарып айлса, анда учур чакты билдирет. Мисалы, *үйдө жатырмын* б. Эгерде булар барыш жөндөмөсү менен айтылса, анда лер чакты билдирет. Мисалы, *төргө жатам* ж. б. Жатыш барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айтылуусуна карата лар бирде учур чак, бирде келер чак формасында аяктарын төртүп кубулуп турат. Жатыш жөндөмөсү менен айтылганда, көбүнчө жак мүчөнүн толук формасы жалганат.

И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. III, 54 бет. 1843

Кыргыз тилинде этиштин учур чагы жогоркулардан -*оо* жана -*уу* мүчөлөрү аркылуу түзүлгөн кыймыл атооч жатыш жөндөмөсүндөгү формасы аркылуу да түзүлөт. чактын бул түрү жак мүчөнүн толук формасы боюнча ө

### Тилек ыңгайдын жакталышы

Кыргыз тилинде тилек ыңгай -*гай* мүчөлүү этишке жар этиш *эле* нин кошулушу аркылуу түзүлөт. Тилек ыңга мүчөнүн толук эмес формасы боюнча өзгөрөт. Жакталы масы төмөнкүдөй.

*Оң форма*

*жекелик түрү*

| | |
|---|---|
| *1 жак* | *мен бар-гай эле-м* |
| *2 жак* | *сен баргай эле-ң* |
| | *сиз бар-гай эле-ңиз* |
| *3 жак* | *ал бар-гай эле* |

*көптүк түрү*

| | |
|---|---|
| *1 жак* | *биз бар-гай эле-к* |
| *2 жак* | *силер бар-гай эле-ңер* |
| | *сиздер бар-гай эле-ңиздер* |
| *3 жак* | *алар бар-ыш-кай эле.* |

*Терс форма*

*жекелик түрү*

| | |
|---|---|
| *1 жак* | *мен бар-ба-гай эле-м* |
| *2 жак* | *сен бар-ба-гай эле-ң* |
| | *сиз бар-ба-гай эле-ңиз* |
| *3 жак* | *ал бар-ба-гай эле* |

көптүк түрү

| | |
|---|---|
| *1 жак* | *биз бар-ба-гай эле-к* |
| *2 жак* | *силер бар-ба-гай эле-ңер* |
| | *сиздер бар-ба-гай эле-ңиз* |
| 3) *жак* | *алар бар-ыш-па-гай эле.* |

Кээ бир түрк тилдеринде (өзбек, ногой) тилек ыңгай жа чы этиш кошулбай эле этишке -*гай* мүчөсүнүн жалганыш луу түзүлөт. Ушуга байаныштуу аларда тилек ыңгай жа чөнүн толук формасы боюнча өзгөрөт. Мисалы, ног *баргай-ман, баргайсың, баргай* *баргай-мыз, баргай-сыз, баргай-лар*. Ал эми тилек ы дын өткөн чагы болсо жардамчы этиш „эди“ аркылуу тү



кыргыз тилиндегидей эле жак мүчөнүн толук эмес түрү боюнча өзгөрөт. Мисалы, *баргай эдим*, *баргай эдиң* ж. б. Алтай тилинде да тилек ыңгай жардамчы этишсиз -гай мүчөсү аркылуу түзүлөт. Бирок аларда жак мүчөсүнүн туруктуу формасы (-*ым*, -*ың*: *баргай-ым* ж. б.) менен бирге айрым говорлорунда *баргайсың* жана „бар-гай-ыбыз“ дын кыскарган формасы „баргай-ыс“ формалары да кездешет. Алтай тилинде тилек ыңгайдын терс формасы -*ба* мүчөсү аркылуу түзүлөт (*барбагайым*). Айрым учурда мунун терс формасы келер чактын -*пас*,-*бас* формасы менен да алмашып кетет.[1]

Түрк тилдеринен келтирилген жогорку материалдарга караганда башта тилек ыңгай жардамчы этиштин кошулуусуз эле -*гай* мүчөсү аркылуу түзүлгөн болуу керек. Ал эми -*гай*+*эле*, -*эди* менен келген түрүн болсо тилектик маанини же болбосо анын чактык (өткөн чак) маанисин тагыраак көрсөтүү үчүн колдонулган тилдеги кийинки кубулуш катарында кароого туура келет.

### Этиштин буйрук—каалоо ыңгайынын жакталышы

Сүйлөмдө баяндоочтук милдетти этиштин буйрук—каалоо ыңгайы да аткарат. Булар да өздөрүнүн ээлери—беттеме ат атоочтор менен сан жана жак боюнча ээрчишет. Бирок сүйлөмдө аракеттенүүчү жакты жана баяндоочтукту билдирүүчү мүчө боюнча этиштин буйрук—каалоо ыңгайы калган бардык ыңгайлардан кескин түрдө айрылат. Этиштин ыңгайларынын ичинен айкын өткөн чактын, шарттуу ыңгайдын биринчи жагынан көптүк түрүнүн мүчөсү (*бар-ды-к*, *бар-са-к*) жана учур чак менен айкын келер чактын үчүнчү жагынын мүчөсүн (-т) эсепке албаганда, калган ыңгайлардын жак мүчөлөрү чыгышы жагынан ат атоочтор менен байланышат. Ал эми этиштин буйрук ыңгайынын жак мүчөлөрүнүн бардыгы тең ат атоочтон чыккан деп айтууга мүмкүн эмес.

Көрүнүктүү болсун үчүн анын жакталыш схемасын алып көрөлү.

*Оң форма*

*жекелик түр*

| | |
|---|---|
| *1 жак* | *мен ал-айын* |
| *2 жак* | *сен ал-гын* |
| | *сиз ал-ыңыз* |

[1] Н. П. Дыренкова. Грамматика ойротского языка, 163 (примечание I).

*3 жак    ал ал-сын*

*көптүк түр*

*1 жак    биз ал-алы (к)*
*2 жак    силер ал-гыла*
*сиздер ал-ыңыздар*
*3 жак    алар ал-ыш-сын*

*Терс форма*

*жекелик түр*

*1 жак    мен ал-ба-йын*
*2 жак    сен ал-ба-гын*
*сиз ал-ба-ңыз*
*3 жак    ал ал-ба-сын.*

*көптүк түр*

*1 жак    биз ал-ба й лы (к)*
*2 жак    силер ал-ба гыла*
*сиздер ал-ба ңыздар*
*3 жак    алар ал-ыш-па-сын.*

Буйрук-каалоо ыңгай этиштин калган ыңгайларынан мүчөлөр боюнча айырмалуулугу келтирилген жакталуу пар[illegible] мадан эле көрүнүп турат. Буйрук-каалоо ыңгайдын жак б[illegible] ча башка ыңгайлардан айырмалуулугу анын негизги маан[illegible] байланыштуу. Ал (буйрук-каалоо ыңгай) сүйлөөчү тара[illegible] кыймыл-аракеттин каалоо, буюруу, өтүнүү, түрткү, су[illegible] чечим түрүндө үч жактын бирине карата айтылганын к[illegible] төт.

Демек, буйрук ыңгайды жалаң гана „буйрук[1] деп ка[illegible] жарабайт“ деп, проф. Н. Т. Сауранбаев казак тилинин ма[illegible] лынын негизинде бул ыңгайдын маанисин туура көрсөткө[illegible]

Кыймыл-аракет кандай мааниде жана кайсы жакка ка[illegible] айтылганына ылайык буйрук-каалоо ыңгайдын жак мүчө[illegible] (жекелик, көптүгүнүн) башка ыңгайлардын жак мүчөлөр[illegible] гана эмес, өз ара да ар түрдүү.

Көпчүлүк тюркологдордун пикиринче буйрук-каалоо ы[illegible] дын биринчи жагынын жак мүчөсүнүн (*-айын,-алык*) соста[illegible] дагы *-ай* жана*-а* элементтеринин негизине тилек ыңга[illegible] мүчөсү *-гай* жаткан деп эсептелинет.

Мисалы, *барайын, жазалык* ж. б. Кээ бир түрк тилдер[illegible] этиштин ыңгайынын бул түрү жак мүчөсүз колдонулат, [illegible] жагы сүйлөмдүн ээси—беттеме ататоочтун жагы аркылу[illegible] белгилүү болот. Кыргыз тилинде жак беттеме ат атооч[illegible]

---
[1] Н. Т. Сауранбаевдин жогорку аталган макаласынын 36 б.



эмес, сүйлөмдүн баяндоочу болуп түшкөн сөздүн өзү (-айын:
*барайын*) аркылуу да белгилүү болот. Тилек ыңгайдын *-гай*
мүчөсүнүн башындагы „г“ тыбышынын түшүшүнө байланыш-
туу кыргыз тилинде *-ай* элементи баштагы *-гай* формасында-
гыдай болуп өз алдынча ыңгайды түзүүчүлүк функциясынан
ажырап,*-ын* менен биригип тилдин узакка өсүш тарыхында
этиштин башка түрү—буйрук-каалоо ыңгайдын биринчи жа-
гынын жекелик түрүн көрсөтүүчү жак мүчөгө айланган. *-айын*
мүчөсүнүн составындагы экинчи элемент *-ын* кыскарган фор-
мада жак мүчө катарында колдонулган*-мен,-ман* деген ат
атооч болушу керек.[1] Демек, бул жогорку айтылгандарга кара-
ганда азыркы *-айын* мүчөсүнүн архетиби деп -гайман форма-
сын эсептөөгө туура келет: *бар (г) ай (м) ан> барайын. -ай* жана
*-ын* элементтери генетикалык жагынан башта өз алдынча бол-
гон эки башка мүчө болсо да „г“ жана „м“ түшүп, фонети-
калык өзгөрүүгө учуроонун натыйжасында, таанылгыс абалга
жеткен жана азыр бири биринин ажыратылгыз составдык бө-
лүкчөсү катарында кабыл алынат да, буйрук-каалоо ыңгайдын
биринчи жагынын жекелик түрүн көрсөтүүчү морфологиялык
формант катарында кызмат кылат. Ушинтип, кыргыз тили кээ
бир түрк тилдеринен (өзбек, уйгур) биринчи жактын жекелик
түрүндө (*-айын* дын составында) кыскарган формада болсо
да, ат атоочтук мүчөнүн (*-ын*) сакталышы боюнча айрылат.

Буйрук-каалоо ыңгайдын биринчи жагынын жекелик түрүнүн мүчөсү *-айын* байыркы түрк тилдеринен да кездешет. Мисалы, *йүз иашайын, йолукайын, кулайын*[2]—кыргызча жүз жашайын, жолугайын, кылайын. Келтирилген тарыхый материлдарга караганда буйрук-каалоо ыңгайдын биринчи жагынын жекелик түрү байыркы архетиби *-гайман* дан орхон-енисей жазууларынын мезгилинде эле (V—VIII к.) азыркы колдонулуп келаткан формага (*-айын* га) өткөн болуу керек.

Буйрук каалоо ыңгайдын биринчи жагынын жекелик түрү менен бирге анын көптүк түрүнүн мүчөсү жөнүндө да айта кетүү керек. Көпчүлүк түрк тилдеринде көптүк түрүнүн мүчөсү болуп *-алык* эсептелет. Бул мүчө да составы жагынан татаал, эки мүчөдөн турат. Мунун морфологиялык биринчи компонентинин негизине да кыскарган формада жогорку айтылган тилек ыңгайдын *-гай* мүчөсү жаткан.[3] Мунун мындай экендигин өзбек, алтай жана кыргыз тилинин түштүк диалектисинин материалдары боюнча да ырастоого болот. Мисалы: өзбекче *ёзай-(л) ик*, алтайча *баралы, барайлы*, кыргызча (түштүк диалект) *чечишейли, кайтайлык* ж. б. Бул ыңгайдын *-а* жана *-ай* формасы жогоруда айткандай чыгышы жагынан этиштин *-гай* формасы менен байланышат.*-гай* мүчөсүнүн башындагы „г“ тыбышы

---
[1] А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка, 195 бет.
[2] С. Е. Малов. Енисейская письменность тюрков, 26, 66 беттер.
[3] И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып, III, 48 бет

жалпы эле туруксуздугуна байланыштуу түшүп калып, тилдеринин бирөөндө *-ай*, бирөөндө *-а* болуп кыскарып шына толук мүмкүнчүлүк бар. Салыштыр шорчо -галак/-гелек *галак*) жана кыргызча *элек*; казакча -галы/-гели (*баргалы*) турцияча -алы/-ели ж. б. Кээ бир түрк тилдеринде *-гай* сында да -ын (-айын)дын ордуна*-ым* колдонулат. Салышт тайча *мен баргай-ым* жана башкырча *алайым* -кырг. *йын* ж. б.

Бул ыңгайдын биринчи жагынын көптүк түрү башк линде, кыргыз тилинин оозеки речинде мүчөдөгү „л" ты түшүп айтылган сыяктуу, *-ык* аркылуу берилет. Мисалы, *ал* Салыштыр кыргызча *барайык*, *жазайык* (адаб. тилде *лык*, *жазалык*). Бул мүчөнү (*-ык* ты) Н. К. Дмитриев дык мүчөнүн варианты деп эсептейт. *-ык* мүчөсүн (кырг. минтип таандык мүчө деп кароодон көрө И. А. Батман „*-лык* ты -лы+к" деп экиге бөлүп, мындагы *-к* ны көп мүчөсү деп эсептегени байыркы түрк тилдеринин матер рына туура келет. Азыркы -к формантынын (*бардык*) о байыркы түрк тилдеринде -мыз,-миз (*бардымыз*) колдо сыяктуу азыркы -лык (*баралык*, *барайык*) формасынын о байыркы уйгур тилинде *-лим*,*-лум*, *алум*,*-елим* мүчөлөр донулган.[1] Мисалы: *болмалум*,*-сөзлелим* (өзбекче *сөзла* кырг. *сүйлөйлүк*, *болбойлук*). Бул*-лим*,*-алум*,*-елим* мү рүн С. Е. Малов каалоо ыңгайынын мүчөсү деп көрсөт *-лум* мүчөсүн *-лу+м* деп бөлөт. С. Е. Маловдун минтип шүнө жана азыркы *-лык* мүчөсүндөгү -к нын ордуна ба түрк тилдеринде -м (*-лым*) формантынын колдонулушу раганда *-лык* мүчөсүн составдык элементтерден турган де роого туура келет. Мындай факт байыркы түрк тилинде (*бол-ма-лу-м*, *сөз-ле-ли-м*) биринчи жактын көптүк *-мыз* дын кыскарган формасы болууга керек жана ал өткөн чактагы-мыз (*барды-мыз*) кийин -к тарабынан сүрү сыяктуу, -(*ыз*) дин ордуна биринчи жактын көптүк мүче колдонулуп калган болуу керек деген ыктымал болжол алып келет.

Кыргыз тилинде экинчи жактын жекелик сылык түр азыр составдык бөлүктөргө ажыралгыс элемент катарында донулган менен, башта ал да составдык элементтерден дигин башка түрк тилдеринин материалдары менен салы рып билүүгө болот. Өзбек тилинде *-ыңыз* мүчөсү бол Сүйлөөчү жалгыз адамга кайрылганда *-ың* колдонулат: *жазың*, *бошлаң* ж. б. Булардын көптүк түрү сылык форм жекелик түрүнө көптүктүн байыркы мүчөсү -ыз элеме

---

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности 172,



кошуу аркылуу түзүлөт.[1] Бирок ал (*-ыңыз*) сылык түрдө бир кишиге да, бир канча кишиге кайрылганда да колдонула берет: *ёзиңиз*, *укиңиз* ж. б. Өзбек тилиндегидей *-ң* формасы экинчи жактын жекелик сылык түрү үчүн байыркы түрк тилинде да колдонулган. Мисалы, *кулмаң—кылба* (*ң*). Мында *-ң* экинчи жактын жекелик маанисинде которулуп турат. П. Мелиоранскийдин „Памятник в честь Кюль-Тегина" деген эмгегинде болсо *-ң* экинчи жактын көптүк түрүнүн белгиси болуп колдонулат деп көрсөтүлгөн. Мисалы, *билиң—билиңиздер*, *эсидиң—угуңуздар*. Мындай форма В. В. Радловдун „Образцысынын" V томунан жана түштүк диалектиден кезигет (Мисалы, *келе бериң* V,31 бет). Кыргыздын адабий тилинде беттеме ат атооч „сиз" экинчи жактын сылык формасы үчүн жекелик мааниде колдонулгандыгына байланыштуу *-ыңыз* ажыралгыс түрдө анын жекелик түрүнүн жак мүчөсү катарында колдонулат. Көптүк мааниде болгондо ат атооч „сизге" да жана анын жак мүчөсү *-ыңыз га* да *-лар* мүчөсү жалганат: *алыңыздар*(<*ал-ың-ыз-лар*) ж. б.

Кыргыз, казак, алтай тилдеринде экинчи жактын одоно түрүнүн жекелигинин жак мүчөсү үчүн *-гын*, көптүгү үчүн *-гыла* колдонулат (*алгын*, *баргыла*. 1) Ал эми байыркы түрк тилдеринде мунун ордуна *-гыл* мүчөсү колдонулган.

Мисалы: *катыглангыл*, *баргул*, *уккул*—кырг. *катуулангын*, *баргын*, *уккун*. Азыркы түрк тилдеринен экинчи жактын мүчөсүнүн бул формасы -гын формасы менен бирге өзбек тилинде сакталган: *ёзгил*, *укигил*, *боккил*—кырг. *жазгын*, *окугун*, *баккын* (баш баккын).

Көпчүлүк түрк тилдеринде үчүнчү жактын жак мүчөсү катарында *-сын* колдонулат (*барсын*). Түрк тилинин кээ бир изилдөөчүлөрү *-сын ды* үчүнчү жактын таандык мүчөсүнүн аягындагы „н" тыбышы менен тургандыгы баштапкы формасы деп муну таандык мүчө менен байланыштырышат да, таандык мүчөнүн (-сы нын) өзүн „образ, изображение" деген маанидеги „сын" деген сөз деп карашат. Бул гипотезага караганда, менимче, бул жөнүндө проф. Березиндин болжолдоосу чындыкка жакыныраак.

## ЖАК МҮЧӨЛӨРҮНҮН МААНИСИ

Ээ менен баяндооч сүйлөмдү уюштуруучу негизги мүчөлөрдөн болуп эсептелет. Сүйлөмдүн ээсине баяндооч грамматикалык жагынан жак жана сан боюнча ээрчишүү менен багынат. Сүйлөмдүн баяндоочу ээге багынганы менен составындагы сөздөрдү башкаруу аркылуу аларды өзүнө да багындырат. Ээ менен баяндооч болбосо, сүйлөм түзүлбөйт. Сүйлөмдүн түзүлүшүндө асыресе баяндооч негизги ролду ойнойт. Анткени жак

---

[1] А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка. 161-162 бет.

мүчөлөр предикативдүүлүктү гана билдирбестен, ошону бирге, аракеттенүүчү жакты—сүйлөмдүн ээсин да көрс Ушинтип, ээ менен баяндооч сүйлөмдүн негизги элемент луп эсептелсе, жак мүчө „баяндоочтун фундаменти" эсептелет. Кыргыз жана башка түрк тилдериндеги жак лөр чыгышы жагынан бирдей эмес. Биринчи эки жактын лик жана көптүк түрүнүн мүчөлөрү генетикалык жа негизинен беттеме (жактама) ат атоочтор менен байла үчүнчү жактын мүчөсү этиш менен байланышат. Ал эм кын өткөн чактын жана шарттуу ыңгайдын биринчи жаг көптүк мүчөсү болсо этиштик атоочту же болбосо атооч уюштуруучу мүчө менен байланышат. Бул кийинки эки м эсепке албаганда түрк тилдериндеги жак мүчөлөр монго линдегидей болуп негизинен ат атоочтордон түзүлгөн де роого туура келет; жазма эстеликтердеги ат атоочтук мүчөлөр бул сөздүн так мааниси боюнча алганда мүчө атала албайт[2] дейт проф. П. Мелиоранский. Мисалы кутлуг бага тарткан өге *буйруку мен*-куттуу бага тарх буйрукчусумун[3]. Мындагы *буйруку мен* деген баянд „*мен*" деген сөз айрым жазылышы гана эмес, үндөштүк нуна багынбаганынын өзү эле орхон-енисей жазуулар мезгилинде жактама ат атоочтор азыркыдай болуп жак м толук өтө электигин көрсөтөт. Жогорку экинчи сүйлөмдө деген эки ат атооч бар. Бирөө ээнин зонасында, экинчиси доочтун зонасында. Тилдин өсүш тарыхында бул ат атоо бирдей калыпта туруп эле кайталануунун натыйжасында доочтун зонасындагысы үндүүлөрдүн ээрчишине байланы тыбыштык комплексинин облигин өзгөртүп, баяндоочту чөгө айланган да, тилде жогоркудай грамматикалык ма колдонулуп калган. Ушентип, жак категориясы ат атооч генетикалык жагынан тыгыз байланышта. Үчүнчү жакты чөсүн эсепке албаганда, канча жактама ат атооч болсо, мүчөлөрү да ошончо деп айтууга болот. Үчүнчү жактын мүчөсү бардык эле учурда боло бербейт. Ал азыркы үчүн менен айкын келер чак формасындагы этиш баяндоочтук дет аткарган учурда гана колдонулат. Атоочтук жана эт баяндоочтор калган учурда үчүнчү жакта грамматикалык ө лениеге ээ болбойт.

Кыргыз тилиндеги жак мүчөлөр тыбыштык комплексин рата толук жана толук эмес болуп экиге бөлүнөт. Жак нүн бул эки түрүнүн ортосунда формалык жагынан гана аткарган грамматикалык функциясы боюнча да айырма Жак мүчөнүн толук формасы этишке гана жалганып пре

[1] В. В Виноградов. Русский язык (Грамматическое учение о 1947, 452 бет.

[2]. Памятник в честь Кюль-Тегина. Зап. Вост. отделение Имп. рус об-ва, том XII, вып. II-III, 51.

[3]. С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности,



тивдүүлүктү билдирбестен, атооч сөздөрдүн да баяндооч болушуна грамматикалык каражат болуп эсептелет. Атооч сөздөрдө баяндоочтук касиет лексико-семантикалык жагынан жок болгондуктан, атоочтордун баяндоочтук милдет аткарышы үчүн жак мүчөлөрдүн болушу шарт. Экинчи жагынан, жак мүчөнүн толук формасы да жана толук эмес формасы да генетикалык жагынан ат атооч менен байланышканы менен, жак мүчөнүн толук түрү тыбыштык комплекси жагынан баштапкы формасы толук болгондуктан, өзү жалганган сөзгө карап өзгөрөт. Ал эми жак мүчөнүн экинчи түрү болсо тыбыштык толук составдан башкы тыбышына чейин кыскарганына байланыштуу толук түрү сыяктуу болуп өзгөрбөйт, өзгөрө турган анын варианттары да жок. Үчүнчүдөн, жак мүчөнүн толук эмес түрүнүн баяндооч болуучу сөздөргө жалгануу сферасы да тар. Алар жалаң гана этиштик баяндоочторго жалганат. Баяндоочтук маани этиштин лексико-семантикалык мааниси аркылуу эле берилгендигине байланыштуу жак мүчөнүн толук эмес түрү „предикативдик мааниге ээ эмес, жак менен санды"[1] гана көрсөтүү үчүн колдонулат.

Сүйлөмдө жак мүчөлөр предикаттын субъектисин көрсөтүшөт. Биринчи жактын мүчөсү сүйлөөчүнүн кыймыл-аракетин, сүйлөөчүнүн өзү кирген коллективди же болбосо алардын кыймыл-аракетин көрсөтөт (*мен бардым, биз бардык, мен студентмин, биз студентпиз*). Экинчи жактын формасы тыңдоочунун кыймыл-аракетин же болбосо алардын группасын билгизет. Биринчи эки жак менен үчүнчү жактын жак мүчөлөрүнүн ортосунда чыгышы жагынан гана эмес, колдонуш мааниси жагынан да айырма бар. Бирок бул айырма жак мүчөлөргө эмес, аларды багындыруучу грамматикалык жактын өзүнө байланыштуу. Айырма мында турат. Биринчи жана экинчи жак адамга гана колдонулат. Ал эми үчүнчү жак болсо жандууга да, жансызга да колдонулат. Ошондуктан үчүнчү жактын жак мүчөсү жандуунун да, жансыздын да кыймыл—аракетин көрсөтөт да, анын субъектиси конкреттүү болбойт. Кыймыл-аракеттин ким тарабынан иштелгени сүйлөмдүн контекстинен гана белгилүү болот. Мисалы, *агат*. Мында *-т* мүчөсү жалпы эле үчүнчү жакты көрсөтөт. Бирок бул боюнча турганда мунун субъектисин билүүгө мүмкүн эмес. *Адам агабы*, *айбан агабы* же болбосо *суу агабы* бу белгисиз. Эмне агат? муну сүйлөмдүн контекстинен гана билүүгө болот. Ушинтип, үчүнчү жактын субьектиси жак мүчө аркылуу белгилүү болбогондугуна байланыштуу көпчүлүк учурда сүйлөмдүн ээси катарында үчүнчү жак менен берилүүчү заттын атынын өзү колдонулат. Кээ бир этиштер өздөрүнүн лексикалык маанисине байланыштуу үчүн-

[1] Н. Т. Сауранбаев. „О категории лица повелительного наклонения", 33 бет.

чү жактын формасы менен гана айтылат. Мисалы, *роо шыңгырайт, куш канаты менен учат, куйру конот*.

Биринчи жактын мүчөсү туруктуу жана ал аркылуу субьектиси даана көрсөтүлсө, экинчи жактын мүчөсү кээде конкреттүү эмес „субьекти“ да көрсөтүлөт. *эмне эксең, ошону аласың*. Бул сүйлөмдө экинчи жакт масы конкреттүү тыңдоочуга карата болгон мамилесин жалпылаштырылган маанини билгизип турат.

Ушинтип, жогоркуларды жыйынтыктаганда мындай болот.

Этиш сөздөр баяндоочтук позицияда турганда үч формасы боюнча же болбосо үчүнчү жактын формасы гана айтылат. Өзүнүн мааниси жана колдонушу жагы ринчи эки жактын мүчөсүнөн үчүнчү жактын мүчөсү жак да) айырмалуу. Кыргыздын адабий тилинде ато дөрдүн баяндоочтук милдет аткарышы үчүн жак мү дүн болушу шарт. Бул жагынан алганда кыргыз тили текташ тилдерден (алтай, татар ж. б.) кескин түрдө лanat.

Этиштин башка ыңгайларына караганда буйрук-каалоо дын маанисинин өзгөчөлүгүнө байланыштуу мунун жак лөрүнүн оформлениеси түрдүүчө. Ошондуктан жак мү жөнүндө айтуу үчүн маанисине да токтоло кетүү керек. Б жагынын жекелик түрүнүн мүчөсү *-айын,-йын*. Биринчи тын жекелик түрү сүйлөөчү өзүнө кайрылып кыймыл-ар иштөө үчүн болгон ыкласын, ошол ишке өзүн өзү чек гин, түрткөндүгүн көрсөтөт. Мисалы, *барайын*, *санайын* Биринчи жагынын көптүк формасы *-алык*, тигил же бу иштөө үчүн сүйлөөчү өзү кирген коллективге чакырык кайрылгандыкты билдирет. Өзүнүн мааниси жагынан бу каалоо ыңгай менен тилек ыңгайга жакын. Буйрук-каало гайда күмөн саноо, ишенимсиздиктин элементи жок. А тилек ыңгайда болсо кыймыл-аракеттин аткарылышына с чүнүн көзү жетпейт; кыймыл-аракет сүйлөөчү үчүн пот луу мүнөздө болуп эсептелет.

Экинчи жагынын жекелик түрү кыргыз тилинде *-гын* аркылуу берилет. Бул форма аркылуу тыңдоочуга кыйм кетти иштетүү үчүн сүйлөөчүнүн кайрылуусу күчөтүлү тоятельно) көрсөтүлөт. Көптүк түр экинчи жактын же түрүнө (*-гын* га*) -лар* мүчөсүнүн кошулушу аркылуу түз төн, этиштин унгусуна же негизине -гыла мүчөсүнүн жал шы аркылуу түзүлөт. Бул форма сүйлөөчүнүн тыңдоо группасына кайрылганын көрсөтөт. Бул ыңгай да экинчи сылык форма менен айтыла берет. Эгерде одоно түрүндө руу мааниси үстөмдүк кылса, сылык формада кыймыл-ара иштетүү үчүн болгон туруктуулук басымдуулук кылат.



Үчүнчү жактын мүчөсү *-сын*. Бул форма аркылуу кыймыл- кетти сөзгө катышпаган үчүнчү жак иштөө үчүн ага сүйлөө- нүн чечим, ниет, буйрук түрүндө экинчи жакка кайрылганы рилет. Мисалы: Кызматчыларды отун менен камсыз кылуу и месткомго *тапшырылсын* (чечим). Абышка айт, китепти алып *келсин* (буйрук), Согуш отун тутандыруучулар *жо- лсун* (эрик). Ишиң *оңолсун* (тилек). Буйрук ыңгайдын үчүн- жагы алкыштык мааниде көп колдонулат. Айтканыңыз *кел-* ж. б.. Мааниси жагынан бул мүчөлөр ыңгайдын жана анын к мүчөсү да болуп эсептелет. Мында жак мүчө менен ыңгай- к мүчө биригип кеткен да, бири биринин составдык элементи тарында кабыл алынат (Салыштыр.: *алайын—алгайман*). Буйрук-каалоо ыңгайдын мүчөлөрү кээ бир ыңгайлар сыяк- у -чы мүчөсү менен да кошулуп айтылат да, буйрук жум- ртылат, өтүнүү мааниси берилет. Мисалы, *мен кетейинчи*, *келсинчи* ж. б.

## Баяндоочтук позициядагы сөздөрдүн „экен“, „эле“, „эмес“ жана „бол“ деген этиштер менен айкалышы

Жардамчы этиш „эле“, „экен“ жана анын атоочтуктук терс формасы „эмес“ реалдуу мааниге ээ эмес. Булар атоочтук баян- оочтордо связкалык милдет аткарат да, этиштик баяндоочтордо ын составдык элементи катарында кызмат кылып, негизги ааниге кошумча оттенокту киргизет. Булар байыркы түрк илдеринде да ушундай жардамчы мааниде колдонулган, би- рок булар азыркы тилдерде фонетикалык баштапкы түрүн өз- рткөн. Азыркы кыргыз тилинде булар этиштин туунду фор- масы катарында эч сезилбейт.

Кыргыз адабий тилинде „эле“, түштүктө „эде“, башка түрк илдеринде „эде“, „эди“, „ине“ формасында колдонулат. Мунун ана „экен“ менен „эместин“ баштапкы формасы болуп „эрти“, эркен“, „эрмес“, „эрмиш“ (кырг. эмиш, имиш) эсептелет. Байыркы „эр“ быть деген этиштин туунду формалары бизге нгудагы „р“ тыбышы түшкөн формада жеткен. Мындагы фо- нетикалык өзгөрүүнү графика менен төмөндөгүчө кылып берүү- гө болот:

*эди* ‖ *еде* ‖ *эле* (<*эр-ти*; *-ти* өткөн чактын мүчөсү);
*экен* ‖ *икан* (< *эр-кен*; *-кен* атоочтун мүчөсү);
*эмиш* ‖ *имиш* (<*эр-мыш*; *-мыш* көпчүлүк түрк тилдериндеги *-ган* дын ордуна түштүк түрк тилдеринде колдонулуучу атоочтуктун мүчөсү);
*эмес* (<*эр-ма-с*; *-ма* этиштин таңгыч түрү *-ба* нын варианты; *-с* атоочтуктун -ар формасынын таңгыч түрү). Азыркы түрк тилдеринин ичинен жардамчы этиш *э-* башкы толук формасында

Синьцзяндагы уйгур тилинде „эрмек“[1] жана литвада...
тилинде сакталган: „идук эрди-мы посылали прежде...

Ушинтип, кыргыз тилинде жардамчы этиш *э (р)*... *эде, экен, эмес,* жана *эмиш* деген) туунду формалар... ган.[3]

Жардамчы этиш э(р) дин туунду формалары (эмиш... касы) өз алдынча колдонулбайт, баяндоочтун состав... менти катарында кызмат кылышып, ээ менен жак... боюнча ээрчишет. Булардын ичинен *экен, эмес* ж... (*имиш*) так мүчөнүн толук формасы боюнча, „эле“ т... форма боюнча өзгөрөт.

Айрым учурда өзгөрбөй турган кээ бир сөздөр да... даражада өзгөрүп кетиши мүмкүн. Мисалы, тоого ба... *мен ганамын.* Ушу сыяктуу эле формасы жагын... дамчы этиш *эле*‘ ге окшош келген бөлүкчө „эле“ да б... тун составдык элементи катарында кызмат кылып өзгө... рок булардын ортосунда айырма бар. Биринчиден, бөлү... жак мүчөнүн толук формасы боюнча өзгөрөт. Ал эми... чы этиш „эле“ болсо толук эмес форма боюнча өзгөрө... чиден, жардамчы этиш баяндоочтун негизги компонент... тык маани берет. Ал эми бөлүкчө „эле“ болсо бул... ээ эмес; мындай учурда ал чектөөлүк маани берет.

Жардамчы этиш „эле“ этиштин төмөнкү ыңгайлар... айкашат:

1) өткөн чактын *-ды* формасы менен: *бардым эле,*
2) өткөн чактын *-ган* формасы менен: *барган элем,*
3) өткөн чактын *-ыптыр*: *барыптыр элең,*
4) өткөн чактын *-чу*: *барчу элем,*
5) келер чактын *-ар*: *барар элем,*
6) келер чак $(\frac{а}{е}$ -й$)$: *барат элем,*
7) тилек ыңгай менен: *баргай элем,*
8) ниет ыңгай менен: *бармак элем.*
9) атоочтук баяндоочтун өткөн чак формасы: мен ... *элем:*

---

[1] В. М. Насилов. Грамматика уйгурского языка, 85 бет.

[2] В. В. Радлов Ярлык Токтомыша, 8 бет.

[3] Булардын ичинен морфологиялык жагынан өтө ийкемдүү... „*эле*“ менен „*экен*“ эсептелет. Жардамчы этиш „*э (р)*“ жана аны... формалары тюркологиялык адабияттарда жетиштүү даражада иштел... формасы өзүнүн негизги (быть-бол...) маанисинен башка конструк... мент катарында чоң роль ойнойт. Анын жардамы аркылуу өткө... бир канча татаал формалары жана этиштин ыңгайлары түзүлөт.

„*Экен*“ формасы да „*эле*“ сыяктуу ар түрдүү кошумча маани... формалардын түзүлүшүндө грамматикалык жардамчы элемент... чоң роль ойнойт. Мындан башка ал негизги маанидеги этиш менен... кыймыл-аракеттин иштелгендиги сүйлөөчү үчүн өзү эмес, башка... белгилүү болгонун көрсөтөт. Ошону менен бирге „*экен*“ *оказыва...* *жется* деген сыяктуу модалдык мааниде да колдонулат.



...ул көрсөтүлгөндөрдүн ичинен өткөн чактын *-ды* формасын-... ...на жак мүчө негизги баяндоочко жалганат да, анын ко... ...ча элементи грамматикалык оформлениесиз айтылат. Кал... формаларда, тескерисинче, жак мүчө составдык элемент... ...ге жалганат да, баяндоочтун негизги бөлүгү оформление... айтылат. Бирок оозеки речте өткөн чактын *-ды* формасы ...рмлениесиз айтылып, жак мүчө *эле* ге жалганган учур да ...т. Мисалы, *мен барды элем.* Кээде биринчи эки жак... экөөнүн тең составдык элементтерине жалганат. Мисалы, *бардык элек*; мен бардым элем.

...Жогорку көрсөтүлгөндөрдүн ичинен аракеттенүүчү жактын ...фологиялык форманты составдык компоненттин кайсыны... жалгангандыгы боюнча айкын келер чактын „эле“ ме... келген түрү өзгөчөлүү. Мында аракеттенүүчү субъект ...нчи жак болсо да „мен барам эле“ же болбосо „бара ...“ болуп келүүнүн ордуна негизги компонентке үчүнчү ...тын мүчөсү, кошумча элементке биринчи жактын мүчөсү ...ганат.

Жардамчы этиш „эле“, „экен“ баяндоочтун түзүлүшүнө ...шуу менен бирге аларга кошумча маанилерди берет. Атооч... ...баяндоочтордун составдык элементи катарында айтылганда, ...га өткөн чактык маани, ал эми этиштин өткөн чагынын *-ган,-чу* формалары менен айтылган учурда байыркы өткөн ...тык маанини берет. Мисалы, *мен жумушчумун* (учур чак), *...мушчу элем* (өткөн чак) ж. б. Айрым учурда „эле“ баян... ...чтун маанисин бекемдөө үчүн да колдонулат. Мисалы, *бара... ...ган жерибиз алыс эле тезинен жөнөйлүк.* Атоочтуктун ... формасы, айкын өткөн чактын, айкын келер чактын жана ...р чактын „эле“ менен келген түрлөрү эгерде кийинки кый... ...-аракет көрсөтүлбөй калган болсо, анда жогорку форма... ...дагы сүйлөм бүткөн ойду билгизбей калат да, тактоону, ко... ...мчаланууну талап кылат. Мисалы: *бара жатат элем, ба... ...н элем, бардым эле* ж. б.

Жардамчы этиш „экен“ менен этиштин төмөнкү формалары ...ашат:

1) өткөн чактын *-ган* формасы *барган экен,*
2) шарттуу ыңгай *барса экен,*
3) атоочтук баяндооч *студент экен,*
4) өткөн чактын *-чу* формасы *барчу экен,*
5) ниет ыңгай менен *бармак экен,*
6) айкын келер чак менен *барат экен.*

Составдык баяндоочтун „эле“ менен келген түрүнөн жар... ...чы этиш „экен“ менен келген түрү мааниси жагынан, бирин... ...ен, бүткөн ойду билгизгени менен айрылат. Экинчиден, ...ен“ башка бирөө аркылуу алынган жана сүйлөөчүү үчүн ...үлбөгөн кыймыл-аракетти билгизсе, „эле“ сүйлөөчүнүн өзү ...рөн, билген кыймыл-аракетти көрсөтөт. Жардамчы этиш

„эле“, „экен“ өздөрү бирге айтылган этиштин ыңгайлар
на атоочтук баяндоочторго башка да оттенокторду бер
Атоочтук тангыч „эмес“ менен төмөнкүлөр айкаша

1) атоочтук баяндооч: *окуучу эмесмин*,
2) өткөн чактын -*ган* формасы: *барган эмес*,
3) өткөн чактын -*чу* формасы: *барчу эмес*,
4) ниет ыңгай -*мак* : *бармак эмес*,
5) атоочтуктун -*ар* формасы: *барар эмес*.

Бул формалар баяндоочтук позицияда турганда „эме
дын терс элементи катарында кызмат кылып, жак мүчөнү
формасы боюнча өзгөрөт. Булардын терс формасы „э
кылуу кээ биринде кыймыл-аракетти иштөөчү танылса,
ринде иштөөчү жана кыймыл-аракет танылат. -*чы* жа
формаларында кыймыл-аракет эмес, аны иштөөчүнүн өз
лат. Мисалы: *Мен барчу эмесмин, Асан барчу. Тоого м
мак эмесмин, Акмат бармак*. -*ар* формасында кыймы
танылат. Мисалы, *сен кетер эмессиң*.

Жардамчы этиш „эмиш“ (имиш) баяндоочтук поз
төмөнкү формалар менен айкашат:

| | | |
|---|---|---|
| 1) | атоочтук баяндооч менен | *студент имиш*, |
| 2) | атоочтуктун -*ган* формасы | *алган имиш*, |
| 3) | $\frac{-а}{-е}$ - й + -т | *барат имиш*, |
| 4) | -*мак*, -*макчы* | *бармакчы имиш*, |
| 5) | -*ар* | *барар имиш*, |
| 6) | -*чу* | *жазчу имиш*. |

Составдык баяндоочтун бул түрү жак мүчөнүн толук ф
боюнча өзгөрөт. Жардамчы этиш „имиш“ негизги ба
формасындагы сөзгө сүйлөөчүнүн күмөндүүлүгүн, ага
ишенбегендигин же болбосо фактынын башкалардан ал
дыгы жөнүндөгү оттенокту киргизет.

Кыргыз тилинде жардамчы этиш „бол“ атоочтор менен
этиштин ар түрдүү ыңгайлары менен айкашып, татаал
(баяндоочту) түзөт.

Жардамчы этиш „бол“ төмөнкү формалар менен ай

1) -*са*: *барсам болот*,
*барсам болмок* (*экен*),
*барсам болду*;
2) -*чу*: *барчу болдум*,
3) -*ган*: *барган болдум*,
4) -*мак* (-макчы): *бармак(чы) болдум*,
5) атооч: *жумушчу болдум*.

„Бол“ шарттуу ыңгай формасындагы баяндоочтун сос
элементи катарында айтылганда жак мүчө биринчи комп
ке жалганат. Калган учурда биринчи, негизги, компонент
лениесиз айтылат да, жак мүчө составдык экинчи компо



л‘ го) жалганат. Бардык учурда тең „бол“ катышкан баян-
чтор жак мүчөнүн толук эмес формасы боюнча өзгөрөт.
Жардамчы этиш „бол“ грамматикалык формаларына кара-
-*са* формасындагы баяндоочтук негизги компонентине төмөн-
өй ар түрдүү кошумча маанилерди берет.

Шарттуу этишке „бол“ айкын өткөн чак же болбосо ай-
н келер чак формасында туруп кошулуп айтылышы аркы-
тилеген иштин аткарылышына канааттангандык же болбосо
иштүүлүк маани берилет. Мисалы: *Сен барбай эле кой,*
*н барса болот*. Асан барса болду.
-*са* (+ *м*, + *ң*) + *болот* кээде мүмкүндүктү да билгизет:
*барсам болот* ж. б.

Шарттуу этишке жардамчы этиш „бол“ дун ниет ыңгай
рмасындагы кошулушу аркылуу болуп өткөн кыймыл-аракет-
сүйлөөчүнүн өкүнгөндүгү билдирилет:

мен *барсам болмок*,
сен *барсаң болмок* ж. б. Мындай конструкцияга кээде „экен“,
е“ деген жардамчы этиш да кошулушу мүмкүн. Мында
нүү мааниси мурдагыдай эле сакталат, бирок ага кийинки
рдамчы этиштердин кошулушу аркылуу дагы кошумча от-
ок киргизилет. Эгерде „мен *барсам болмок*“ дегенде жал-
эле өкүнүү мааниси берилсе, „мен барсам болмок экен“
ен барсам болмок эле“ дегенде өкүнүүгө (өткөн ишке) сүйлөө-
тарабынан дагы башка оттенок берилет. Мындай учурда
ен“ фактынын башка жактан алынганын эмес, болгон ишке
лөөчүнүн чактык мамилесин же болбосо модалдык оттенок-
да билгизиши мүмкүн.

Шарттуу ыңгай формасында турган жардамчы этиш бол‘ го
мүчөсү жалганып, ал атоочтуктун терс формасы менен ко-
лган учурда арман, өкүнүү мааниси берилет.

Ат *арыбас болсочу*,
Жаш *карыбас болсочу*,
Жигит менен кыз өлсө,
Жерге *көмбөс болсочу* (Токтогулдан).

Жардамчы этиш „бол“ ниет ыңгайдын -мак формасы менен
айкашып айтылат. Мындай учурда кыймыл-аракет иштелүү
н чечилгендиги көрсөтүлөт. Мисалы, мен *жазмакчы бол-*
*м*.

Жардамчы этиш „бол“ атоочтуктун -*ган* формасы менен
ге айтылган учурда кыймыл-аракеттин тийиштүү даражада
телбегендигин, же болбосо куулангандыкты көрсөтөт: *этти*
*ген болду*.

Атоочтук баяндоочтордун составдык элементи катарында ай-
ганда, аларга келер чактык же болбосо өткөн чактык маани
рет. Мисалы, *жумушчу болдум, инженер болот* ж. б.

## III ТААНДЫК КАТЕГОРИЯСЫ

Ээленүүчү затты жана ээлөөчү жакты көрсөтүүчү гр матикалык категория таандык категориясы деп аталат. Таанд категориясы аркылуу ээлөөчүнүн ээленүүчү затка карата б гон мамилеси көрсөтүлөт. Мисалы, *менин китебим.* Мы илик жөндөмөсүндө турган беттеме ат атооч ээлөөчү (имя ладатель), буга жараша анын грамматикалык формасын каб алып, биринчи жактын таандык мүчөсү уланып турган сөз ээ нүүчү зат (предмет обладания) болуп эсептелет. Ушунт таандык мүчө бир жагынан ээленүүчү затты көрсөтсө, экин жагынан ээлөөчүнүн жагын жана санын көрсөтөт; синтакс тик жагынан алганда таандык категориясы аныктооч мен аныкталгычтын ээрчишүү боюнча болгон байланышын кө сөтөт. Таандык категориясы ушу ролу боюнча, б. а. сүйлө дөгү сөздөрдүн синтаксистик мамилесин билдирүү аркы сөз өзгөртүү системасындагы грамматикалык категориялард катарына кирет.

Заттын бир жакка таандык экендигин көрсөтүүчү мүчөл болуп төмөнкүлөр эсептелет:

| | жекелик түрү | көптүк түрү |
|---|---|---|
| *1 жак* | *-м,-ым* | *-быз,-ыбыз* |
| *2 жак* | *-ң,-ың* | *-ңар,-ыңар* |
| | *-ңыз -ыңыз* | *-ңыздар,-ыңыздар* |
| *3 жак* | *-ы,-сы* | *-ы,-сы* |

Үндүүлөр менен бүткөн сөздөргө жалгануучу биринчи жа тын көптүк түрү *-быз* формалдык жагынан бул жактын ба доочтук мүчөсү менен окшош. Мисалы, *биздин балабыз,* б *балабыз*. Бул форманын баяндоочтук же болбосо таандык мү катарында колдонулгандыгын төмөнкүдөн байкоого болот:

1) аныктоочтук айкашууда илик жөндөмөсүнүн мүчөсү тү пөйт, тескерисинче, таандык мүчө түшөт: *биздин айыл* (*ыбыз*



2) жогорку аныктоочтук айкашууда басым аныкталгычтык уңгунун аяккы муунундагы үндүүгө эмес, таандык мүчөгө түшөт: *биздин балабыз.* Ал эми баяндоочтук айкашууда болсо басым жак мүчөгө эмес, уңгунун аяккы муунундагы үндүүгө түшөт: *биз балабыз*: Башкача айтканда, таандык мүчөгө басым түшөт, ал эми баяндоочтук жак мүчөгө болсо басым түшпөйт.

Биринчи эки жактын таандык мүчөсүнүн чыгышы жагынан бирдиктүү пикир болгон менен, үчүнчү жактыкы боюнча тюркологиялык адабияттарда бирдиктүү пикир жок. Анын үстүнө үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланган сөздөр жөндөмөлөр боюнча башкача болуп өзгөрөт.

Кыргыз тилинде үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганган сөздөр жөндөлгөндө, жатыш жана барышта уңгу менен жөндөмө мүчөнүн ортосунда „н" тыбышы пайда болот. Кээ бир түрк тилдеринде да ушундай. Мисалы, алтай тилинде[1] барыш жөндөмөсү *балазына* жана *балазынга* болуп эки түрдүү формада колдонулат. Булардын ичинен биринчисин кыскарган, экинчисин таандык мүчөнүн толук формасы катарында кароого туура келет. Кыргыз тилинде мунун биринчи формасы гана колдонулат. Алтай тилиндеги бул форманы эсепке алганда „баласына" деген сөздө барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү деп аяккы -а ны гана эсептөөгө туура келет.

Алтай тилинде чыгыш жөндөмөсү да ***энезинен*** жана ***энезиннен*** болуп эки түрдүү формада колдонулат. Ал эми көпчүлүк түрк тилдеринде болсо булардын биринчиси гана колонулат. Алтай тилинин материалына караганда, тюркологдордун арасында талаш болуп келаткан „н" тыбышын таандык мүчө болуп колдонулуп жүргөн азыркы -ы жана -сы нын составдык элементи катарындагы баштапкы форма деп кароого болбос беле? Биздин пикирибизче, алтай тилинен келтирилген факт О.Бетлингдин „*ын*" жана „*син*" башта ат атооч болуп, кийин таандык мүчөгө айланган деп көрсөтүп, ага В. В. Радлов да макул болгон[2] пикирди кубаттайт жана азыркы таандык мүчөнүн баштапкы формасын көрсөтөт деп эсептөөгө болот.

Үчүнчү жактын таандык мүчөсү кээ бир сөздөрдө кабатталып да келет. Мисалы, ***бириси*** (*бир-и-си*), ***кимиси*** (*ким-и-си*) ж. б.

Биринчи эки жактын жекелик жана көптүк түрүнүн мүчөсү көпчүлүк тюркологдордун пикири боюнча чыгышы жагынан ат атооч менен байланышат жана бул жөнүндө талашда жок. Азыркы түрк тилдеринде колдонулуп жүргөн таандык мүчөлөр (*-ым, -ың* ж. б.) байыркы түрк тилдеринде да кезигет. Мисалы: ***сизиң оглум, күчүм, чокумуз*** (наше пламя)—кырг. чогубуз;

[1] Н. П. Дыренкова. Грамматика ойротского языка, 113—109 бет.
[2] W. Radloff. Die alttürkischen Jnschriften der Mongolei, Neue Folge, СРб, 1897, 74, 82-83 бет.



7—1843

*йрлукуңузча, улусуңузлар*; *каның, уры оглың* кул болты, *оглың* куң болты ж б. Мындагы бир айырма өткөн чак экинчи жагынын жекелик түрүндө *-ң* (*барды-ң*) менен бир *-г* (*өлти-г*, кырг. сен өлдүң) формасы да колдонулган сыяк таандык мүчөнүн экинчи жагынын жекелик одоно түрүндө горку *-ң* менен бирге *-г,-ыг* (мүчөсү да) колдонулат. Таанд мүчөнүн бул формасы аркылуу байыркы түрк тили азыркы ти дерден кескин түрдө айырмаланат. Мисалы, *эдгүг-* (*сенин*) *гиң, буңуг—муңуң*[1].

Таандык мүчөнүн бул түрү өткөн чактын *-ды* формасын экинчи жагынын көптүк түрүндө кезиккен тилдерде учура Башкыр тилдеринде экинчи жактын жекелик түрү *-ң* бол менен, көптүк түрүндө*-ыгыз*. Мисалы, *ат-ың, ат-ыгыз* ж. б. салыштыр алтайча *адың*—сенин атың, *адыгар*—силердин ат ңар ж. б.

Тюркологдор арасында таандык мүчөлөр чыгышы жагын ат атооч менен байланышат деп көрсөтүлгөнү менен, анын к дайча болуп мүчөгө айланганы көрсөтүлбөгөн. Биздин пи рибизче, турция тилинде жак мүчө ат атоочтук баштапкы фо масынан өзгөрүп, биздин таандык мүчөгө окшоп калганы сы туу фонетикалык өзгөрүүлөрдүн негизинде азыркы форм келиши мүмкүн. Ат атоочтун жак мүчөгө айланыш жолу ж нүндө А. Н. Кононов мындай дейт: „Биринчи жактын жекел түрүнүн мүчөсү-*(у)* i*м*, *(у)*..i*м* беттеме ат атооч „бен“ (мен) де төмөнкүчө жол менен келип чыккан: башкы үнсүз б > v > w > Бул орто тилчил жумшак спирант (у) үндүү менен бүткөн гизге жалганган учурда сакталат, ал эми үнсүз негиздерге жал ганган учурда түшүп калат. Ушунтип, жогорку көрсөтүлгө схема мындай түргө келген: *бен түркүн*, андан кийин үчү эринчил уяң „н“ дин тарыхый жагынан алганда эринчил огл совкасынын басымдуулук кылышынын натыйжасында „н“ эр мурунчул спирант м'ге өткөн. Ушу сыяктуу болгон кубулуш алтай жана шор тилдеринен да байкоого болот. Биринчи жак тын жекелик түрү „бен“ кээ бир тилдерде артка эрчишүүнү натыйжасында „мен“ болгон сыяктуу буларда ат атоочту жак мүчөнүн (*-мын*) башкы „м“ тыбышынын таасири астын анын аягындагы „н“ эрин-эринчил м′ ге өтүп (*полганмым*), ан жак мүчөнүн башкы „м“тыбышы түшүп (*полганым*), формалды жагынан таандык мүчөгө окшоп калган.

Орхон-енисей эстеликтеринде жак мүчө ат атоочтук калы бынан алыстабай жана азыркыдай нагыз мүчө катарында ко донулушу анчалык болбосо, таандык мүчө катарында колдону лушу азыркы тилдердегиден айырмаланбайт. Буга караганда ат

---

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 28, 31 бет.
[2] А. Н. Кононов. Грамматика турецкого языка, 44 бет.



атоочтун жак мүчөдөн көрө таандык мүчөгө айланыш процесс мурун болгон болуу керек.

Кыргыз тилинде таандык категориясы үч түрлүү жол менен берилет:

1) таандык мүчөлөр аркылуу. Мисалы, *китебим*. Таандык категориясынын калган түрлөрүнөн бул түрдүн айырмасы илик жөндөмөсүндө туруучу ээлөөчү айтылбаса деле, ал таандык мүчө жалганган сөз аркылуу белгилүү болуп турат. Ушунтип, морфологиялык бир эле форма аркылуу ээлөөчүнү жана ээлүүчү затты да берүүгө болот. Бул жагынан алганда таандык категориясы жак мүчөлөргө окшош. Мисалы, *кыргызмын*. Орус тилинде таандык категориясынын бул түрү таандык ат атооч аркылуу эки сөз менен берилет: *моя книга*;

2) илик жөндөмөсүндө турган сөз менен таандык мүчө жалганган сөздүн кошулушу аркылуу. Мисалы, *менин балам*. Маанисы жагынан таандык категориясынын бул түрү биринчи түрдөн айырмасы жок, экөө тең ээлөөчүнүн ээленүүчү затка болгон мамилесин көрсөтөт. Бирок, ошенткени менен, бул экөөнүн ортосунда колдонулуу учурларына карата болгон айырма бар. Анын үстүнө таандык категориясынын экинчи түрүнө караганда биринчисинин грамматикалык ролу чоң жана ал морфологиялык жол менен берилет. Ошондуктан муну кээ бир изилдөөчүлөр таандык категориясынын „негизги тиби“ деп да эсептешет. Таандык категориянын экинчи түрү көбүнчө ээленүүчү затты бир өңчөй башка ээленүүчү заттардан ажыратуу максатында „менин“ деген түшүнүктү билдирүү үчүн колдонулат. Мисалы, *божырагым келдиңби*? деди Айша. Бирөөнүн ээлигиндеги зат айтылгандан кийин мындан кийинки сүйлөөчү өзүнүн ээлигиндеги затты ага окшогон бир өңчөй заттардан ажыратып, белгилөө үчүн, сөзсүз, таандык категориясынын экинчи түрү менен—илик жөндөмөсүн кошуп айтат. Ушунтип, таандык категориянын биринчи формасында көңүл ээлөөнүүчү затка бурулса, экинчисинде ээлөөчүнүн өзүнө бурулат. Таандык категориясынын экинчи түрүндө илик жөндөмөсүнүн түшүп калган учуру да болот;

3) таандык категориясынын үчүнчү түрү *болуп -ныкы* формасы эсептелет Мисалы, *меники*.

Бул форма илик жөндөмөсүнүн кыскарган формасы менен *-кы* мүчөсүнүн жалганышынан турат. Азыркы көпчүлүк түрк тилдеринде ал баштапкы толук формасында эмес, *-ныкы* болуп кыскарган формада колдонулат. Мунун баштапкы формасы азыркы кээ бир тилдердин алгачкы жазма эстеликтеринде жана турция тилинде сакталган. Мисалы, байыркы өзбекче *„сенинки“*, турцияча *сенинки, онунки* ж. б.

Таандык категориясынын бул формасы аныкталгычы мурун же кийинки сүйлөмдөрдө келип калып, аныктооч ансыз айтылган учурда же болбосо биринчи жактын таандык мүчөсү жал-

ганган аныкталгычтын баяндоочтук кызматынын ордуна ко-
донулган учурда колдонулат. Мисалы:

1) жайылган кимдин кою?
*колхоздуку*,

2) *бул менин атым* дегендин ордуна *бул меники* ж. б.

Таандык категориянын *-ныкы* формасы мааниси жагынан ээ-
лөөчүнү гана эмес, *-ки* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу түш-
калган ээлеңүүчү затты да ичине алат. Сүйлөм тизмегинде *-ны-*
*кы* формасы көбүнчө баяндоочтук милдет аткарат. Ушинти-
таандык категориясынын экинчи түрү аркылуу „аныктоочту-
аныкталгычка болгон мааниси берилсе, бул форма аркылуу су-
бъектинин предикатка болгон мамилеси[1]“ берилет. Синтаксисти-
мындай функциясына карап кээ бир изилдөөчүлөр аны „пре-
дикативдүү таандык[2]“ форма деп да аташат.

Таандык категориясынын калган түрү менен *-ныкы* форма-
сынын ортосунда төмөнкүдөй айырма бар.

1. Диалогдук речтин айрым оборотторунда беттеме ат атооч-
тун биринчи жана үчүнчү жагына экинчи жактын таандык мү-
чөсү жалганышы мүмкүн. Мисалы:

Эшик тык-тык
—сен ким?
„мен, эже, ачыңыз.
—*Мениң* ким (Бизд. заманд. кишил.).
*Аның ким*?. Биринчи мисалда эшикти

тыкылдаткан адам өзү үчүн биринчи жак болуп, „мен“ деге-
беттеме ат атооч аркылуу берилген менен, ичтеги адам үчү-
логикалык жагынан тыңдоочу (собеседник) болуп, эчинчи жак
катарында кабыл алынгандыктан ага экинчи жактын таанды-
мүчөсү жалганган. Экинчи мисалда „ал“ деген үчүнчү жактагы
беттеме ат атоочко экинчи жактын таандык мүчөсү жалганган.
Мында үчүнчү жактагы адам экинчи жакка тиешелүү болуп
көрсөтүлгөн: *аның ким—сенин аның ким?* Ушунтип, айрым
оборотторордо гана болбосо, таандык мүчө логикалык жагынан
да, грамматикалык жагынан да ат атооочторго көбүнчө жал-
ганбайт. Эмне үчүн мындай экендиги да түшүнүктүү. Таанды-
мүчө жалганган сөз көбүнчө бирөөнүн карамагындагы ээле-
нүүчү зат, ат атоочтор анын ээлөөчүсү болуп эсептелет; таан-
дык мүчө ат атооочторго жалгана турган болсо грамматикалык
бул касиетин жоготот да, логикалык жагынан туура болбо-
калат.

Ал эми таандык мүчөнүн *-ныкы* формасы болсо ат атоочтор-
го жалгана берет. Анткени андан ат атоочтор өздөрүнүн грам-

[1] Г. А. Абуханов. Семантика и синтакческая функция притяжатель-
ных аффиксов в совр. казахском языке, Автореф. 1950, 5 бет.
[2] Н. А. Баскаков. Ногайский язык и его диалекты, 75 бет.



матикалык ээлөөчүлүк касиетин жоготпойт. *-ныкы* ат атооч-
торго жалгануу аркылуу ээлөөчү жакты гана көрсөтпөстөн,
ээленүүчү затты да ичине алат. Мисалы, *менин китебим—ме-*
*ники* ж. б.

2. Таандык мүчөлөрдүн ар бири белгилүү гана жактын
грамматикалык формасы катарында эсептелинип, өздөрү тие-
шелүү жактын ээлеңүүчү заттарына гана жалганат. Ал эми
*-ныкы* формасы болсо үч жактын үчөөнө тең жак таандык
жана предметтик таандык катарында колдонула берет. Ошон-
дуктан таандык категориясынын башка формасына караганда
мунун колдонулуу диапозону кең.

3. Бул *-ныкы* таандыктын башка мүчөлөрүнөн кийин да жал-
ганат. Мындай учурда жак таандык аркылуу ээлеңүүчү заттын
кимге таандык экендиги көрсөтүлөт; *-ныкы* айтылбай калган
затты ичине алат. Мисалы, *сиздин энеңиз—сиздин энеңизди-*
*ки* ж. б.

4. Булардын ортосунда синтаксистик жагынан да айырма
бар (жогор жакты кара).

Таандык категориясы менен аныктоочтук айкашуу (опреде-
лительное сочетание) тыгыз байланышта. Кээде буларды эски
термин боюнча изафет деп да аташат. Бул боюнча таандык ка-
тегориясында илик жөндөмөсүнүн түшүп калган түрүн изафет-
тин экинчи түрү, түшпөй колдонулган формасын изафеттин
үчүнчү түрү деп да аташат (изафеттин биринчи түрү болуп
ыкташууга негизделген аныктоочтук айкашуу эсептелет: *те-*
*мир жол* ж. б.).

Илик жөндөмөсүнүн түшүп калган түрү бир заттын экинчи
зат менен болгон мамилесин көрсөтүү менен гана чектелбестен,
изафеттин биринчи түрү сыяктуу жаңы сөздөрдүн жасалышы
үчүн да катышат да, сөз жасоо жолдорунун бири болуп эсеп-
телет. Таандык категориясынын бул түрү аркылуу география-
лык, мекемелердин, газета, журналдардын ж. б. атын билги-
зүүчү татаал сөздөр жасалат. Мисалы, *Тянь-Шань тоосу*,
*Фрунзе совхосу*, *Сталин көчөсү*. „*Орто-Сай*“ *колхозу*. „*Му-*
*галимдер газетасы*,“ *Чычкан Башы* (жердин аты, Ысык-Көл
обл., Покровка р-ну). *Ат-Башы*, *элүү-башы*, *кор башы*, *сөз*
*башы* ж. б.

Илик жөндөмөсүнүн мүчөсү жогоркудан башка төмөнкү
учурларда түшүп калат:

1) бир өңчөй мүчөлөрдүн аяккысы гана илик жөндөмөсүнүн
формасында колдонулуп, калгандары мүчөсүз колдонулат. Бул
закон көпчүлүк мүчөлөргө тиешелүү. Советтер Союзуна Гер-
мания, Англия, Индия, *Кытай өкмөттөрүнүн* делегаттары
келди. Булардын ар бирин же болбосо эң аякысын гана илик
жөндөмөгө коюп айтууга болот. Бирок булардын ар бири се-
мантикалык жагынан өлкөнүн энчилүү аттары болуп, ээлөөчү-
лөрдөн экендиги өзүнөн өзү эле белгилүү болуп тургандыктан,
формалдык жагынан муну белгилөөнүн зарылдыгы жок. Мына

ушуга байланыштуу бирөнчөй аныктоочтор илик жөндөмөсүз колдонулган;

2) аныктагыч болуп түшкөн заттын конкреттүү ээлөөчүгө таандык экендиги эмес, аны өзүнө окшош башка заттардан айрууну белги катарында колдонулганда, аныктооч илик жөндөмөсүз колдонулат.

*Ленин жолу* ташка тамга баскан жол
Нечен кыя, белестерди ашкан жол (Жусуп) ж. б.

Эгерде аныкталгыч заттын конкреттүү ээлөөчүгө таандык экендигин көрсөтүү зарыл болсо, анда аныктооч илик жөндөмөсүнө коюлат;

3) убакытка байланыштуу болгон аныктоочтук айкашууларда жана мезгил тактоочтун сенек формасы да илик жөндөмөнүн мүчөсүз айтылат. Мисалы, *жаз мезгили, күз айлары, февраль айы; бир күнү* (күндөрдүн бир күнү), *бүрсүгүнү* (күндөрдүн бириси күнү), *мурда күнү* (күндөрдүн мурда күнү). Бул группага кирүүчү сөздөрдүн ичинен аныктагычтын аныктоочко, убакыттын кайсы мезгилге тиешелүү мамилесин көздөп, аны белгилөө зарылдыгы болсо, кээ бирөнү илик жөндөмөсүнө коюлуп айтууга болот. Мисалы, *кыш күнү—кыштын күнү*;

4) аныктоочтук айкашуу жардамчы атооч менен келген учурда иликтин мүчөсү түшүп калат. Эгерде белгилөө зарыл болсо, буларды да илик жөндөмөсүнүн формасына коюуга болот. Мисалы, *үй ичинде* (*үйдүн ичинде* дегендин ордуна) ж.б.;

5) атоочтуктун таандык мүчөлүү формасы беттеме ат атооч менен келген учурда илик мүчөсүз колдонулат. Мисалы, *мен келгенимде*, сен жаш бала элең ж.б.;

6) айрым фразеологиялык обороттордо үчүнчү жактын таандык мүчөсү биринчи жак менен айтылат. Мындай учурда илик мүчөсүз колдонулат. Мисалы, „дүйнөдөн *көзү* ачык *өтөмбү* ай?“ Кээде үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганып турган сөз (көз) „ал“ жана „анын“ дегендин да маанисин берип калат. Мындай учурда да илик жөндөмөсүндөгү сөз түшүп айтылат. Мисалы, *көзү* жокто, *көзү* жок жерде ж.б.

Кыргыз тилинде илик жөндөмөсүнүн мүчөсү гана эмес, таандык мүчө да түшүп калган учуру болот.

Таандык мүчө төмөнкү учурларда түшүп айтылат.

1. Аныкталгыч болуп түшкөн ээленүүчү заттын бирөөгө таандык экендигинин көрсөтүлүшү зарыл болбогон учурда. Мисалы: *биздин колхоз, силердин колхоз, биздин айыл* ж.б. Мындай түшүп калуу биринчи, экинчи, үчүнчү жактын көптүк түрүндө гана мүмкүн. Биринчи жактын жекелик түрүндө жогоркудай кылып „менин ат“ сыяктуу кылып түшүрүп айтуу мүмкүн эмес. Бирок проф. Н. К. Дмитриев VIII кылымдагы эстеликтерде жана кээ бир түрк тилдеринде, мисалы, түркмен тилинде таандык категориясынын „мениң ат“ деген формасы да болгондугун айтат. Кыргыз тилинин нормасы боюнча мындай кылып айтууга эч мүмкүн эмес. Ушинтип, жак таан-



дыкта (лично-притяжательное) жак мүчө биринчи жана экинчи жактын көптүк түрүндө жана жекелик сылык түрүндө түшүп калышы мүмкүн.

2. Бир өнчөй предметтик таандык айкашууларда (предметно-притяжательное) же болбосо эл арасында энчилүү ат катарында таралып кеткен айрым „фамилияларда“ да таандык мүчө түшүп калышы мүмкүн.

*Кан Манастын Ажыбай,*
*Алоокенин Коңурбай,*
*Кокон каны Козубек,*
*Маргаландын Малабек,*
*Анжыяндын айры сакал Сынчыбек,*
Ошол үчөө дагы бар (Манас).

*Аманбайдын боз дардаң* ж. б.

Биринчи эки жакка караганда үчүнчү жак адам эмес башка заттарды да көрсөткөндүктөн жана аныктагыч болуп түшкөн сөздөрдүн лексикалык маанисине байланыштуу алардын кимге таандык же болбосо эмне менен катышы бар экендигин дааналап көрсөтүү үчүн ээлөөчүлөрдүн аттары коюлуп, заттык таандык форма боюнча берилет. Ушунтип, үчүнчү жактын баяндоочтук мүчөсүндөгү болгон кубулуш үчүнчү жактын таандык мүчөсүндө да кайталанат. Мисалы, *суунун шаркыраганы, үйдүн мөөрөгөнү* ж. б.

Илик жөндөмөсү жана аны менен бирге үчүнчү жактын таандык мүчөсү да түшүп калган учур болот. Кумык, чубаш тилдеринде таандык мүчө менен айтылганына караганда мүчөсүз айтылган түрү басымдуулук кылат.[1] Кыргыз тилинде, тескерисинче, үчүнчү жактын таандык мүчөсү менен келген учур көп, мүчөсүз айтылган түрү өтө сейрек кездешет.

Мисалы:

*Бакай коргон,*
*Байтерек булак,*
*Күмүшөй булак,*
*Бөкөй бел.*

Таандык категориясы илик жөндөмө менен тыгыз байланышта жана негизинен төмөнкү маанилерди билдирүү үчүн колдонулат:

1. бир заттын экинчи затка таандык экендигин көрсөтөт. Мисалы. *Асандын китеби.* Таандык мүчө заттын бир жакка таандык экенин гана көрсөтпөстөн кээде, тескерисинче, „жактын затка таандык экендигин да көрсөтөт“.[2] Мисалы, *өлкөм, элим* ж. б.;

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка 224 бет.
[2] Э. В. Севортян. Категория принадлежности. Исследования по сравнительной грамматике тюрских языков. II., 1956, 43 бет.

2. бүтүндөн бөлүү маанисинде. Чаргын „Б“ колхозу... белдүү *жигиттеринин бири. Столдун буту, шаардын че-ти* ж. б.;

3. белгилик мамилени билгизүү үчүн. Мындай учурда ло-гикалык жагынан алганда таандык мүчө жалганган сөз ил... жөндөмөсүндөгү заттын белгиси болуп эсептелет. Миса... *кандын ысыгы, кардын актыгы* ж. б.;

4. таандык мүчө жалганган заттын кайсы группага кирер... же тиешелүүлүгүн көрсөтүү үчүн. *Маданий фронттун кы... маткерлери. Июль пленумунун чечими* ж. б.;

5. күчөтүү маанисинде. *Аттын аты, сулуунун сулу... су* ж. б.;

6. конкреттүү ээлөөчү көрсөтүлбөстөн, заттын жалпы... тиешелүүлүгү, ошону менен мамилеси бар экендиги, анык... гыч болуп түшкөн затты башкалардан айыруу үчүн колдо... лат. Мисалы: *кыргыз совет адабияты, кыргыз тили, кыр... адабий тили* ж. б.

Жогорку айтылгандарды жыйынтыктап келгенде кыска... төмөнкүлөрдү айтууга болот.

Таандык категориясы тилге ыраттуу маанилүү мүнөз бе... рүүчү жана аныктоочтук айкашуулардын оформлениеси... каражаттарынын бири болуп эсептелет. Таандык категория... бир заттын экинчи бир затка тиешелүүлүгүн гана билдирбе... тен, аныкталгыч болуп түшкөн сөздөрдү ага окшош бирөнчө... заттардан айруу үчүн да, б. а. бир заттын экинчи бир зат ме... нен болгон салыштырмалуулук мамилесин билгизүү үчүн д... колдонулат. Изафеттик конструкциянын экинчи түрү бол... эсептелген таандык категориясы кыргыз тилинде татаал сө... дөрдүн түзүлүшүндө да сөз жасоочу каражат катарында чо... роль ойнойт.



## IV. ЖӨНДӨЛҮШ ТИПТЕРИ[1]

...Сүйлөм тизмегинде атоочтордун башка сөздөргө карата ...болгон мамилесин билдирүүчү грамматикалык форма жөндөмө-...лөр деп аталат. Сүйлөмдүн тизмегинде атоочтор жана этиштин ...түндү формалары (атоочтук, кыймыл атоочтор) синтаксис-...тик функциясына карата этиштер жана жандоочтор тарабынан ...башкарылып, жөндөмөнүн тийиштүү формасын кабыл алат. ...Ошентип, жөндөмөлөр категориясы синтаксистик байланыштын ...бир түрү — башкаруунун негизи болуп эсептелет. Жөндөмөлөр ...категориясы сүйлөмдүн түзүлүшү үчүн каражат катарында ...эсептелинүүчү сөздөрдү белгилүү грамматикалык формага кел-...тирип, бири-бири менен байланыштыруу аркылуу тилге ыраат-...туу мүнөз берет.

Бир эле сөздүн жөндөмөлөр боюнча өзгөрүшү жөндөлүш ...(склонение) деп аталат. Башка тилдерге караганда түрк тил-...деринде бардык учурда бирдей колдонулуучу жөндөлүш-...түн бир гана түрү бар. Башка тилдерде жөндөлүштүн фор-...маларынын морфологиялык варианттары болсо, түрк тилде-...ринде морфологиялык эмес, анын фонетикалык гана вариант-...тары бар.[2] Түрк тилдеринде атоочтордун көптүк түрү да, ...жекелик түрү да жөндөмөнүн бирдей формасы боюнча өзгө-...рөт. Башка тилдерге салыштырганда жөндөмөлөр менен өзгө-...рүү форма жагынан бир түрдүү болгону менен, жөндөмө ...мүчөлөр атоочко жана этиштин атоочтук формаларына, таандык ...мүчөсү жалганган сөздөргө же болбосо беттеме жана шилте-...ме ат атоочторго жалганганда уңгу, же негиз менен жөндөмө ...мүчөнүн ортосунда, же болбосо жөндөмө мүчөлөрдө фонетика-...лык өзгөрүүлөр болот. Мына ушуга карата кыргыз тилинде же ...да башка түрк тилдери сыяктуу үч түрдүү

[1] Жөндөмөлөрдүн семантикасына арналган адабияттар (И. А. Батманов. Употребление падежей в киргизском языке, Фрунзе — Казань, 1938; Х. Карасаев. Семантика падежей в киргизском языке, Труды ИЯЛИ, Киргиз ФАН ССР, вып. I, 1945) болгондуктан мында жөндөлүш типтери гана берилет.

[2] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 60 бет.

болбосо жөндөмөлөр менен өзгөрүү бар (жөнөкөй, таан… жана ат атоочтук); алардын өзгөчөлүктөрүн төмөндө келтир… ген схемадан да байкоого болот.

## I. Жөнөкөй жөндөлүш

| жөндөмөнүн аттары | үндүү менен бүткөн негиздер үчүн | үнсүз менен бүткөн негиздер үчүн | |
|---|---|---|---|
| | | жумшак | каткалан |
| негизги | | | |
| илик | -нын, -нун / -нин, -нүн | -дын, -дун / -дин, -дүн | -тын -тун / -тин -түн |
| табыш | -ны, -ну / -ни, нү | -ды, -ду / -ди, -дү | -ты, -ту / -ти, -тү |
| барыш | | -га, -ге / -го, -гө | -ка, -ке / -ко, -кө |
| жатыш | | -да, -де / -до, дө | -та, -те / -то, тө |
| чыгыш | | -дан, -ден / -дон, -дөн | -тан, -тен / -тон, -төн |

Мисалдары

| | | | |
|---|---|---|---|
| н.[1] | *бала* | *жаз* | *ат* |
| и. | *бала-нын* | *жаз-дын* | *ат-тын* |
| т. | *бала-ны* | *жаз-ды* | *ат-ты* |
| б. | *бала-га* | *жаз-га* | *ат-ка* |
| ж. | *бала-да* | *жаз-да* | *ат-та* |
| ч. | *бала-дан* | *жаз-дан* | *ат-тан* |

[1] Түрк тилдеринде именительный (атооч) дегендин ордуна „основ… деп алынышы И. А, Батманов тарабынан туура көрсөтүлгөн (Анын „У… ребление падежей в киргизском языке" деген эмгегинин 13 б… кара). Ошондуктан „атооч"тун ордуна бул жерде „негизги" жа… алынды.



Эскертүү: жөндөлүштүн бул түрүндө уңгудагы үндүү менен үнсүзгө карап мүчөнүн өзгөрүшүнөн башка өзгөрүү болбойт. Ошондуктан бул жөнөкөй жөндөлүш деп аталат.

## II. Таандык жөндөлүш

| Жөндөмөлөрдүн аттары | I жана II жактын таандык мүчөлөрүнөн кийин | III жактын таандык мүчөсүнөн кийин | вариант. |
|---|---|---|---|
| негизги | | | |
| илик | -дын, -дун / -дин, -дүн | -нын, -нун / -нин, -нүн | 8 |
| барыш | -а, -е / -о, -ө | -н-а, -н-е, -н-ө | 7 |
| табыш | -ды, -ду / -ди, -дү | -н | 5 |
| жатыш | -да, -де / -до, -дө | -н-да, -н-де, -н-дө | 7 |
| чыгыш | -дан, -ден / -дон, -дөн | -нан, -нен, -нөн | 7 |

Биринчи жана экинчи жактын таандык мүчөсү жалганган сөздүн өзгөрүшү.

| | | |
|---|---|---|
| н. | *атым* | *атың* |
| и. | *атым-дын* | *атың-дын* |
| б. | *атым-а* | *атың-а* |
| т. | *атым-ды* | *атың-ды* |
| ж. | *атым-да* | *атың-да* |
| ч. | *атым-дан* | *атың-дан* |

Эскертүү: Биринчи эки жактын таандык мүчөлөрүнүн жекелик түрү жалганан сөздөр оозеки речте илик, табыш жана чыгыш жөндөмөлөрүнүн башкы тыбыштары түшүп *атым-ын*, *атым-ы*, *атым-ан* болуп да колдонула берет.

Үчүнчү жактын мүчөсү жалганган сөздөрдүн өзгөрүшү

| | | |
|---|---|---|
| н. | *энеси* | *аты* |
| и. | *энеси-нин* | *аты-нын* |
| б. | *энеси-н-е* | *аты-н-а* |
| т. | *энеси-н* | *аты-н* |
| ж. | *энеси-н-де* | *аты-н-да* |
| ч. | *энеси-нен* | *аты-нан* |

Таандык категориясынын *-ныкы* формасы да ушу сыяктуу өзгөрөт:

| | |
|---|---|
| н. | *колхоздуку* |
| и. | *колхоздуку-нун* |
| б. | *колхоздуку-н-а* |
| т. | *колхоздуку-н* |
| ж. | *колхоздуку-н-да* |
| ч. | *колхоздуку-нан ж.б.* |

### III Ат атоочтук жөндөлүш.

Беттеме атоочтор

| | | | |
|---|---|---|---|
| н. | *мен* | *сен* | *ал* |
| и. | *менин* | *сенин* | *анын* |
| б. | *мага* | *сага* | *ага* |
| т. | *мени* | *сени* | *аны* |
| ж. | *менде* | *сенде* | *анда* |
| ч. | *менден* | *сенден* | *андан* |

Шилтеме ат атоочтор.

| | | |
|---|---|---|
| н. | *бу (л)* | *ал* |
| и. | *мунун* | *анын* |
| б. | *буга* | *ага* |
| т. | *муну* | *аны* |
| ж. | *мында* | *анда* |
| ч. | *мындан* | *андан* |

Беттеме жана шилтеме ат атоочтор (*бу*, *ал*) жөндөлгөн учурда кадимки атоочтордун жөндөлгөнүнөн башкача болуп мүчөсү өзгөрбөстөн, уңгусу өзгөрүп жөндөлөт жана алардын жөндөлүшүндөгү өзгөчөлүктөр жөнүндө түрдүүчө болжолдоолор бар. Бирок ал болжолдоолорго бул жерде токтолуп отуруунун зарылдыгы жок.

Кыргыз жана башка түрк тилдеринде беттеме ат атооч „мен“, „сен“ илик жана табыш жөндөмөлөрүндө *менин*, *сенин*,



*...ни, сени* сыяктуу болуп эки „н“ менен айтылуунун ордуна ...р „н“ менен айтылат. Мындай бир „н“ менен айтылуунун ...беби түрк тилдеринин фонетикалык закон ченемдүүлүгүнө ...йланыштуу: „*н+д*, *н+л*“ болгондо ээрчишүү закону боюнча ...тар эки „н“ же „л“ пайда болот да, анын бирөө кээ бир ...лдерде түшүп калган учуру да болот: *-н+д>нн>н*; *л<лл* ...*н+л>нн>н*. Мисалы, алтайча *эне-зи-н+ден>энезин-* ...*н>энезинен*; кумык тилинде *н+л* айтылганда „лл“ болуп ...тылгандыктан чакчыл-ганлы айтылганда *-галлы* болуп айлат, бирок жазууда -ганлы гана болуп жазылат. Чакчыл... ...рдын толук формасы *-ганлы* өзбек тилинде *-ганы* жана ...*ллы* болуп кыскарган формада колдонулат. Баштапкы толук ...орманын мындайча болуп кыскартылышы мындагы *н+л* ты...ыштарынын кошулушу ээрчишүүнүн натыйжасында бирде ...*л>л* (*-ганли>галли>гали*), бирде *нн>н* (*-ганли>ганни>...ни*) өткөн деп түшүндүрүлөт.[1] Бул жана буга окшогон фак...ыларды эсепке алганда беттеме ат атоочтордун илик жана ...абыш жөндөмөлөрүндө кыскарып айтылышын да жогорку ...елтирилген закон ченемдүүлүккө байланыштуу деп кароого ...уура келет. Фонетикалык бул процессти графика боюнча тө...мөнкүдөй кылып көрсөтүүгө болот:

*н+н>нн>н: мен+нын>меннин>менин,*
*сен+нын>сеннин>сенин;*
*мен+ны>менни>мени*
*сен+ны>сенни>сени;*

*л+н>нн>н: ал+нын>аннын>анын*
*бул+нын>муннун>мунун;*
*бул+ны>мунну>муну,*
*ал+ны>анны>аны.*

Ат атооч „ал“, „бул“ жөндөлгөн учурда жатыш менен чы...гыштын жөндөмө мүчөлөрүнүн алдында, *л*‘дин ордуна „н“ ...тыбышы пайда болот. „н“ тыбышынын пайда болушу бул жө...дөмөлөрдөн мурунку турган табыш жөндсмөсүндө „алны“ де...гендин ордуна „аны“ болуп „ан“ „окшоштук“ закону боюнча ...жатыш, чыгыш жөндөмө мүчөлөрү үчүн негиз болуп калышы ...мүмкүн.

Кыргыз тилинде ат атооч „бу(л)“ дун башындагы эрин-эрин...чил „б“ негизги жана барыштан башка жөндөмөлөрдө мүчө...гө жана мүчө уланганда пайда болгон „н“ тыбышынын ...таасири астында мурунчул „м“ ге өтүп кетет. Ушу сыяктуу ...пикирди А. Н. Кононов да айтат.[2]

---

[1] А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка, 213 бет.
[2] Ушул эле эмгек, 127 бет, 2 сноска.

Жогоркудай өзгөрүү барыш жөндөмөсүндө да кезигет. Беттеме ат атоочтун биринчи жагы „бен“, же болбосо артка ээрчишүүнүн натыйжасында „мен“, „ман“, экинчи жак „сен“, „сан“ болгону менен, барыш жөндөмөсүнүн формасы байыркы түрк тилдеринде *менкер, сенкер; маңар, саңар; баңару; баңа, маңа, саңа, аңа; аңар*; азыркы түрк тилдеринде *маган, саган, огон; сенга, менга; уга; мага, сага, ага; маа, саа, аа, оо; маңа, саңа; бана, сана* болуп түрдүү формада айтылат. Кыргыз тилинин диалектилеринде башка түрк тилдериндегидей *маган, саган; маңа, саңа* формалары да кезигет. Ушунтип, беттеме ат атоочтор түрк тилдеринде барыш жөндөмөдө негизинен *-кар,-ар,-га,-а* жана *-га+н* формасы аркылуу берилгендигин көрүүгө болот. Бул формалар *-га* жана *-ра* нын негизинде түзүлгөн *-гару* мүчөсүнүн жана анын составдык бөлүктөрүнүн фонетикалык жагынан өзгөргөн формалары болуп эсептелет.

Эгерде казак тилин эсепке албаганда, азыркы түрк тилдеринде беттеме ат атоочтун жекелик түрүнүн биринчи эки жагы барыш жөндөмөсүндө азерб., турция тилдеринде *мэнэ, сэнэ, она* болуп „н“ менен, түркмен, татар, башкыр, уйгур тилдеринде *баңа, саңа, оңа* деген сыяктуу болуп „ң“ менен, калгандирында *мага, сага ага* болуп „г“ менен берилет.

Огуз группасындагы тилдерде беттеме ат атоочтордун биринчи эки жагында барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү -га кыскарган формада *баңа, саңа*' га катышкандыгын түркмен тилинде артка ээрчишүү боюнча уңгудагы ичке үндүүнүн жоон үндүүгө жана „н“ тыбышынын „ң“ тыбышына өткөнүнөн байкоого болот (*мен+гг>меңга>ıаңга>маңа*). Огуз группасындагы фонетикалык бул кубулушту жана „н“ менен „г“ тыбыштарынын айкалышындагы жалпы эле закон ченемдүүлүктү эсепке алганда, беттеме ат атоочтордун жөндөлүшү көпчүлүк түрк жана кыргыз тилинде да „ң“ баскычы аркылуу, бирок мында тигилердегидей болуп мүчөнүн башкы тыбышы эмес, уңгунун аяккы элементи түшкөн деп кароого туура келет:

*мен+га>(меңга)>маңга>мага,*
*сен+га>(сеңга)>саңга>сага.*

Түркмен тилинде үчүнчү жак негизги жөндөмөдө „л“ менен аяктайт, бирок түркмен тилинде барыш жөндөмө „оңа“, бизде „ага“ болот. Бул формалар да биринчи эки жактагы закон боюнча, бирок мында „л“ мүчөнүн башкы „г“ тыбышынын таасири астында артикуляциялык органы боюнча г'га жакын турган „ң“ тыбышына өтүп, анан „г“ тыбышы түркмен тилинде түшүп калышы мүмкүн (*ол+га>оңга>оңа*) деп болжолдоого караганда түркмен тилинде мындан мурунку турган илик жөндөмөсүндөгү (*оның'* дагы) „он“ „окшоштук“ боюнча негиз сыяктуу кабыл алынып, мындагы „н“ тыбышы г'нын



асири астында ң'га өтүп, анан „г“ тыбышы түшүп калышы үмкүн; кыргыз тилинде да ушундай болуп, илик жөндөмө-ндө „анын“ формасындагы „а“ негиз катарында кабыл алып, ага барыштын мүчөсү *-га* жалганып „ага“ болуп калышы үмкүн деп кароо ыктымалыраак. Анткени л'дин „г“ тыбышын таасири астындан ң га өтүшү азырынча белгисиз.

Үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланган сөздөр биринчи и жактын таандык мүчөсү менен өзгөрүшүнөн башкача боп өзгөрөт. Ошондуктан аларды берки эки жактын жөндөлүүнөн айрым алып кароого туура келет. Кээ бир түрк тилеринде жатыш жөндөмөсүндө уңгу менен жөндөмө мүчөнүн ртосуна „н“ тыбышы пайда болот (мисалы, *баласында* ж.б.) ана анын чыгышы жөнүндөгү маселе боюнча бирдиктүү пиир жок.

Кыргыз тилинин материалы боюнча бул маселеге биринчи олу И. А. Батманов тарабынан көңүл бурулган. И. А. Батманов бул жөнүндө барыш, жатыш жана чыгыш жөндөмө мүөлөрү менен таандык мүчөнүн ортосуна *кыстырынды* „н“ астын мен сыздым-*С.К*) кийрилет; бирок мында барыш, чыыш жөндөмө мүчөлөрүнүн башкы үнсүзү түшөт, жатыш өндөмө үчүн *-нда* || *-нде* || *-ндө* деп көрсөтөт.[1] Ушентип „н“ тыбышын И. А. Батманов кыстырынды деп карап, бөлүштүртөндө аны мүчө жагына оодарат.

Проф. Н. К. Дмитриев мындай бөлүүгө тикеден тике аршы жана аларды составдык бөлүккө төмөнкүдөй кылып бөлүүнү сунуш кылат: „*ат-ын-да*, а не *ат+ы+нда*, как делают школьные грамматики“[2]; үчүнчү жактын таандык мүчөсүнүн баштапкы формасын *-ын -сын* деп эсептейт. Ушул пикирди А. Н. Кононов да кубаттайт. Турция тилинде үчүнчү жактын таандык мүчөсү негизги жөндөмөдө гана *-и, -си* болбосо, калган жөндөмөлөрдө *-ин, -син* болуп баштапкы формасы калыбына келтирет. Мисалы:

| | | |
|---|---|---|
| и. | *китабынын* | (*китаб-ын-ын*) |
| б. | *китабына* | (*китаб-ын-а*) |
| т. | *китабыны* | (*китаб-ын-ы*) |
| ж. | *китабында* | (*китаб-ын-да*) |
| ч | *китабындан* | (*китаб-ын-дан*) |

Азыркы түрк тилдеринен турция жана алтай тилинин чыгыш менен барыш жөндөмөсүндөгү формаларга караганда азыркы убактагы таандык мүчө *-ы* жана *-сы*' нын баштапкы формасы деп *-ын* менен *-сын*'ды эсептөөгө туура келет. Мындай форма байыркы түрк тилдеринин материалынан жана азыркы түрк

[1] И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. II, 30.
[2] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 65.

тилдеринин алгачкы жазма эстеликтеринен да кезигет: *эв кабыгыңа* (<каб-ыг—ын-га), *ичиңе* (<ич-ин-га), *эмгаклеринтин* (<эмгак-лар-ин-ден-от их мучений) (Алтын ярук); *eωинке* келди (<eω-ин-ке), *ичинка* (<ич-ин-ка), *йолинда* (<йол-ин-да), *агизлариндин* (<агиз-лар-ин-ден—из рта (Тефсир). Өзбек тилинде азыр мындай форма жок. Келтирилген бул тарыхый материалдар азыркы алтай жана турция тилинин формаларын кубаттайт жана алар менен биригип, азыркы *-ы* жана *-сы* мүчөсүнүн баштапкы формасы *-ын* менен *-сын* экендигине тийиштүү өлчөмдө күбө боло алат. Кыргыз тилинде „н“ жатыш жөндөмөсүндө гана пайда болот деген пикир кеңири таралган. Бирок чындыгында ал мейкиндик жөндөмөлөрдүн башка формаларында да бар. Бул жөнүндө Алтай грамматикасынын авторлору „үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланган атоочтор барыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрүндө турганда таандык мүчөдөн кийин „н“ тыбышы пайда болот. Бирок барыш жөндөмөсүнүн мүчөсүндөгү түпчүл үнсүз тыбыш түшүп калат: энези, барыш — энезине, жатыш—энезинде, чыгыш—энезинен. Акыркысында чыгыштын мүчөсүндөгү „д“ тыбышы „н“ тыбышына өтөт; Ошентип, анан *кабат келген эки „н“ бир „н“ болуп кыскарып калган*“ (астын мен сыздым -*С.К*) дейт (45 бет).

Бул жобо толугу менен кыргыз тилине да тиешелүү. „Кыстырынды“ *„н“* түрк тилдеринин огуз группаларында негизгиден башка кыйыр жөндөмөлөрдүн бардыгында сакталган да, башка түрк тилдеринде (түндүк тыбыш группасында) мейкиндик жөндөмөлөрдө гана сакталган. Алтай грамматикасынын авторлорунун жана жогоруда келтирилген тарыхый материалдарга караганда кыргыз тилинде „н“ тыбышы жатыш жөндөмөсүндө гана эмес, барыш жөндөмөсүндө да сакталган деп корооого туура келет. Демек ,,баласына“ деген сыяктуу сөздөрдө барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү катарында азыркы бөлүп жүргөндөй *-на* эмес, арткы түпчүл „г“ түшүп калган *-а* болуп эсептелет.

Ал эми чыгыш жөндөмөсүндө болсо алтай грамматикаларынын авторлору айткандай жөндөмө мүчөдөгү „д“ алга ээрчишүү боюнча н‘ге өтүп, анан катар келген эки н‘дин бири кыскарып түшүп калган. Ал эми жөндөмө мүчөлөрүнүн башкы тыбышы үндүү менен бүткөн түштүк түрк тилдеринде кыйыр жөндөмөлөрдүн бардыгында жана алтай тилинде да кыргыз тилиндегидей форма менен бирге барыш менен чыгыш жөндөмөлөрүндө калдык катарында сакталган.

***

Түрк тилдеринде жөндөмөлөр сан боюнча бирдей эмес. Кээ бир түрк тилдеринде он бир (якут), кээ биринде сегиз (алтай, шор), кээ биринде жети (казак), кээ биринде алты (кыргыз, өзбек ж. б.). Алтай жана казак тилинде жандооч *менен*



(<*бирлен)* грамматикализациялашуунун натыйжасында өз алынча бүтүн сөз катарында колдонулбастан, баштапкы толук формасын өзгөртүп *-ла* <*была* || *-биле*<*би* (*р*) *ле* (*н*) жана *мен* || *-бен* || *-пен* болуп мүчөлүк элементке айланган. Бул мүчө аркылуу түзүлгөн жөндөмө алтай, шор тилинде твори-тельно-инструментальный же болбосо совместно-орудийный, казак тилинде „көмектес септеу“ деп аталат. Алтай тилинде бул сөз — мүчө үнсүзү жагынан өзгөрбөй, жазылганда орфографияда дефис аркылуу жазылганы менен үндүүсү боюнча өзгөрөт. Бул жагынан алганда ал мүчөгө окшоп келет. Мисалы, дьлу күндер *келери -ле* дьанган куштар келди. *Таң ада*ы *-ла* дьааш кошо келди. Ал эми шор тилинде болсо *-пыла* уңуга үндүү жана үнсүз тыбышы боюнча да өзгөрөт. Казак тилинде жандооч „менен“ *-мен*, *-бен*, *-пен* сыяктуу формада кыскарып, үндүүсү боюнча өзгөрбөйт да, үнсүзү боюнча өзгөрүп, уңгу менен биригип кеткен. Жазууда да бирге жазылат: *атпен* келдим *жесимен* акылдасты, *Карасаймен* келе жатты, ж. б. Жандооч „менен“ ногой тилинде да казак тилиндегидей болуп кыскарган жана мындан айырмасы үнсүзү менен бирге үндүүсү да жоон жана ичке болуп өзгөрөт ( *-мен*, *-бен*, *-пен*; *-ман*, *-бан*, *-пан*). Кээ бир түрк тилдеринде жандооч *менен*‘дин мындай жөндөмө мүчөгө айланышына жана „тууралу“, „жөнүндө“ деген жандоочтордун орус тилиндеги эквивалентине карап кыргыз тилинде И. А. Батманов[1] буларды „послеложный падеж“ деп өзүнчө жөндөмө катарында бөлгөн; бул жөндөмөнү творительно-соединительный (*менен*) жана предложный (*тууралу*, *жөнүнөө*) деп дагы өз ара бөлгөн. Эгерде кээ бир тилдерде „менен“ грамматикализациялашып жөндөмө мүчөгө айланса, кыргыз тилинде мындай процесс жок. Анткени булар тыбыштык комплекси жагынан бүтүн сөз, басым түшөт жана өздөрү тиешелүү болгон сөздөргө сингармонизм закону боюнча тыбыштык жагынан да багынбайт. Ошондуктан *менен*‘ди да жана *тууралу*, *жөнүндө* деген жандоочторду да өзүнчө жөндөмө деп бөлүүгө азырынча негиз жок.

Тюркологиялык адабияттарда жөндөмөлөр системасын группага бөлүштүргөн классификация да бар. Кээ бир изилдөөчүлөр, мисалы, И. А. Батманов формалдык белгисине карап жөндөмөлөрдү мүчөлүү (аффиксальный), мүчөсүз (безаффиксальный) жана жандоочтук (послеложный) деп үч группага бөлөт. Бул классификация—жөндөмөлөрдүн сырткы көрүнүшүнө гана таянган классификация. Формалдык белги жөндөмөлөрдү туура классификациялоодо жетишсиздик кылат жана группаларга бөлүнгөн жөндөмөлөрдүн грамматикалык мааниси жөнүндө эчтеме бербейт.

Экинчи бирөөлөрү, мисалы, Н. К. Дмитриев, Н. А. Баскаков жөндөмөлөрдү негизги жалпы мааниси жана синтаксистик



[1] И. А. Батманов. Употребление падежей в киргизском языке, 7 бет.

—1843

функциясы боюнча, б. а. грамматикалык белгилердин негизинде классификациялашат да, мейкиндик (барыш, жатыш, чыгыш) жана грамматикалык (негизги, илик, табыш) жөндөмө деп эки топко бөлүшөт. Кыргыз тилине да ушу классификацияны колдонуу ылайык, анткени ал жөндөмөлөрдүн жогоркудай бөлүнүштөрүнө мааниси жагынан туура келет жана аларды жалпы жонунан мүнөздөй алат.

Жогорку айтылгандар менен бирге түрк тилдериндеги жөндөмө мүчөлөрдү да өз ара салыштыра кетүү ылайык. Түрк тилдеринде негизги жөндөмө башка жөндөмөлөрдөн өзүнүн формалдык белгисинин жоктугу боюнча айрылат. Мына буга карап кээ бир изилдөөчүлөр жөндөмөнү классификациялоодо аны мүчөсүз жөндөмө деп жөндөмөлөрдүн өз алдынча тобу катарында бөлүшкөн. Бул жөндөмө башка жөндөмөлөрдүн түзүлүшүнө морфологиялык жагынан негиз болуп эсептелет.

Түрк тилиндеги жөндөмөлөр формалдык белгилери боюнча түндүк жана түштүк болуп эки түргө бөлүнөт. Жөндөмөнүн түштүк тиби түндүктөн грамматикалык жөндөмөлөрдө мүчөнүн үндүү менен башталганы боюнча айрылат. Булардын ичинен илик жөндөмө гана үндүү менен бүткөн сөздөрдө „н“ менен башталат. Түрк тилдеринин түндүк тобунда үндүү жана үнсүз менен бүткөн сөздөрдө илик жөндөмөсүнүн мүчөсү дайыма үнсүз менен башталат. Ушунтип, түрк тилдеринде илик жөндөмөнүн мүчөсү „н“ сиз жана „н“ менен башталуучу байыркы эки тип менен байланышат. Азыркы жана байыркы түрк тилдеринде да илик жөндөмө минтип эки түрдүү формада берилгени менен, тарыхый жагынан экөө бир-бири менен тыгыз байланышта. Илик жөндөмөнүн мүчөсүнүн чыгышы жөнүндө бирдиктүү пикир жок.

Жөндөмө мүчөнүн үндүү, үнсүз тыбыш менен башталышы жагынан огуз группасынан калган түрк тилдери барыш жана табыш жөндөмөлөрү боюнча да айрылат. Түштүк түрк тилдеринде булардын мүчөлөрү да үндүү менен башталат. Табыш жөндөмөсүнүн формасы боюнча байыркы түрк тилдеринен азыркы тирүү түрк тилдери кескин айрылат. Байыркы түрк тилдеринде табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү үнсүздөр үчүн *-ыг*, үндүүлөр үчүн -г формасында колдонулган. Мисалы, *атыг*, *кисиг*, *каганыг*, *будуныг* (бизче атты, кишини, канды, элди) ж. б. Ал эми ат атоочтордо болсо табыш жөндөмөсүнүн азыркыдай формасы колдонулган: *бизни*, *мини*, *буну*, *муну*, *буларну* ж. б. Мына ушуга карап П. Мелиоранский табыш жөндөмөсүнүн азыркы формасы башында ат атоочтордо гана колдонулган да, кийин окшоштук боюнча атоочтордун жөндөлүшүнө да колдонулуп калган деп болжолдоого толук мүмкүнчүлүк бар[1] деген ыктымал пикирди айтат. Ушунтип, атоочтордо колдонулуучу табыш жөндөмөсүнүн формасы (*-ыг*) *-ны* аркылуу сүрүлгөндөн

---

[1] П. Мелиоранский. Памятник в честь Куль-Тегина, 28. бет.



...йин анын колдонулбай калуусу—табийгы иш. Түрк тилдеринде байыркы убакта колдонулуучу табыш жөндөмөсүнүн формасы сыяктуу форма азыркы тирүү тилдерден толук формада монгол тилинде колдонулат. Монгол жана байыркы түрк тилдериндеги -ыг генетикалык жагынан жалпылыкта болуп, кийин ...чүлүк түрк тилдеринде табыш жөндөмөсүнүн -ны формасы ...рабынан сүрүлүп калып, монгол тилинде баштапкы толук ...рмасында, жалпы эле туруксуз элемент катарында аяккы ...түшүп, түрк тилдеринин огуз группасында кыскарган фор...да сакталып калышы мүмкүн.

Табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн чыгышы жөнүндө проф. А. Богородицкий илик жөндөмөнүн чыгышы сыяктуу эле ...пикирди айтат да, беттеме ат атоочтордун аягындагы үңгүлүк ...лемент мүчөгө өткөн да, табыш жөндөмөсүнүн баштагы *-ы* ...ормасы *-ны* га айланган деген пикирди айтат.[1] Ушунтип, ал ...лик жөндөмө менен табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү морфологиялык жагынан алганда экөө бири бирине жакын деп эсеп...йт. С. В. Ястремский табыш жөндөмөсүн кароо менен бирге ...кут тилинин материалы боюнча табыштын илик жөндөмөсү ...енен тектештигине күбө боло турган материалдардын неги...инде Кастренге ссылаться этип, табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү ...лик жөндөмөдөн чыгууга мүмкүн деген пикирге келген.[2] ...шу сыяктуу эле илик жөндөмөнүн *-ын* формасы менен та...быш жөндөмөсүнүн -ны формасы генетикалык жагынан бир ...деген пикирди Э. В. Севортян да айтат.[3]

Үндүү, үнсүз менен башталуу түрк тилдеринин ортосунда ...грамматикалык жөндөмөдөн башка мейкиндик жөндөмөдө (ба...рыште) да кезигет. Байыркы түрк тилинде барыш жөндөмөсү ...өмөнкү формада берилген:

> *-гару* || *геру*: *огузгару* (огузга карай), *эбгеру* (үйгө карай),
> *-ра*: *асра* (астыга карай), *беру* (бери),
> *-ка*: *йирке* (жерге), *йазыка* (жазыга),
> *а*: *баңа*, *саңа*, *маңа*, *саңа*,
> *-йа*: *курыйа* (батышка), *берийе* (түштүккө), *йырайа* (түндүккө).

Бул кийинки эки форма азыркы түрк тилдеринен огуз груп...пасынан гана кезигет. Барыш жөндөмөсүнүн бул формалары...нын ичинен *-гару* жана *-ру* формасы кыргыз тилинде сенек

---

[1] В. А. Богородицкий. Введение в татарские языкознание, 1953, ...–155. бет.

[2] С. В. Ястремский. Падежные суффиксы в якутском языке, 16, бет.

[3] Э. В. Севортян. К истории падежной системы в тюрских языках, ...зап. Военного института иностранных языков, № 6, 1948, 94—95 бет.

тактоочтордо гана калдык катарында сакталган. Масалы, *илгери*, *тышкары*, *ары*, *бери* ж. б.

Айрым фактыларга караганда *-гары* || *-кери* мүчөсү кыргыз тилинде башка сөздөрдө да *-гар* || *-кер* формасы сыяктуу сакталгандыгы байкалат. Мындай ойго төмөнкүдөй факт алып келет:

1) кээ бир түрк тилдериндеги „р" тыбышына кыргыз тилиндеги „й" тыбышынын туура келиши. Тувача „үр" (дуть) -кыргызча үйлө (<үй-ла); якутча „бөкчөгөр" кырг. бөкчөгөй ж. б;

2) тува тилинде *-гары* мүчөсүнүн кыскарган түрү *-гар* жалганган *күнгөр* [1] деген тактоочуна кыргыз тилинин „күнгөй" деген сөзүнүн мааниси жагынан туура келиши. Мындай эки тилдеги сөздүн фонетикалык жана семантикалык жагынан бир-бирине дал келиши кыргыз тилиндеги *-гей* (*күнгей*, тескей) мүчөсүн байыркы *-гары* мүчөсүнүн кыскарган жана фонетикалык жагынан сырткы түрүн өзгөрткөн -гар формасы деп кароого аргасыздан алып келет.

Барыш жөндөмөсүнүн *-гару* жана *-а* формасы монгол тилинде да бар. Түрк тилдеринде барыш менен жатыш жөндөмөсү бири-бири менен алмашып келген сыяктуу монгол тилинде да булардын кийинки формасы XIV кылымда барыш жана жатыш жөндөмөсүнүн формасынын ордуна колдонула берген. Азыркы монгол тилинде ал сейрек, көбүнчө жатыш жөндөмөсүнүн маанисинде колдонулат. Мисалы, *хотана*—шаарда, шаарга. Монгол тилиндеги барыш-жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү *-дур* ||*тур* же болбосо *-ду* || *-ту* көбүнчө *-да* || *-та*, *-де* || *-те* болуп түрк тилдериндегидей формада да кезигет. Мисалы, *йиртинчүде* -на свете (салыштар кырг. таң сүр...; монг. йир -кырг. сүр), *герте* (<*гер*—үй+те—жатыш жөндөмөнүн мүчөсү) үйдө. Ушул эле барыш-жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн жалганышы үчүн база болот да, ал жөндөмө жатыш-чыгыш жөндөмөсүнүн формасы болуп эсептелет. Ушунтип, монгол тилдеринде жөндөмөнүн кабатталып (удвоенный) келген түрү да болот. Мисалы-*даса* (*-да* афф. дательно-местного пад. + *аса*—афф. исходного пад.). Жатыш жөндөмөсүнүн формасы жагынан азыркы түрк тилдери жана байыркы түрк тилдери бири биринен айрылбайт. Келтирилген мисалга караганда түрк тилдериндеги жатыш жөндөмө менен монгол тилиндеги жатыш жана барыш-жатыш жөндөмөсү үчүн колдонулуучу *-да* да генетикалык жагынан байланышта болуу керек.

Түрк тилдери үчүн чыгыш жөндөмөсү да бир түрдүү формада колдонулат. Айрым фактыларга караганда байыркы убакта жатыш менен барыш, жатыш менен чыгыш жөндөмөлөрү, б. а. мейкиндик жөндөмөлөрү мааниси жагынан бири

[1] Н. Ф. Катанов. Опыт исследования урянхайского языка.., 294 бет.



дифференцировать этилбеген сыяктуу. Жатыш
...ринен так дифференцировать этилбеген сыяктуу. Жатыш
...ндөмөсү менен барыш жөндөмөсүнүн бири-бири менен ал-
...шып келүүсү азыркы түрк тилдеринде да, байыркы түрк тил-
...ринен да кезигет. Мисалы, кыргызча *ал шаарда калды—ал*
...*арга* калды. „*Талаага жашап турам*" (Ысык-Көл) *-талаа-*
*... жашап турам*. Салыштыр байыркы түркчө:[1] *үч йетмиш*
*...шымка адырылтым*—мен алтымыш үч жашымда айрылдым
...лдүм) (119 бет); *үч йегирми* (*йашымка*) *адырылтым*—мен
үч жашымда айрылдым (өлдүм) (21).

Байыркы түрк тилдеринде жатыш барыш менен чыгыш
...ндөмөсүнүн да ордуна колдонулганы байкалат. Мисалы:
*...гур йиринте Яглакар кан ата келтим-мен*, Яглакар-хан-
..., уйгур жеринен (// жерине) келдим (84).
*Алтун-шанта келип*—Алту-шандан (// га) келип (68).

...йкиндик жөндөмөлөрүнүн бири-бири менен алмашып кели-
... азыркы түрк тилдеринин мурунку жазма эстеликтеринен
... кезигет. Мисалы, өзбек тилинин XIV кылымдагы жазма эс-
...лигинде илик жөндөмө менен табыш жөндөмөсүнүн, жатыш
...нен барыштын бирдей колдонулушу байкалат. Мында жатыш
...ндөмөсү кээде барыштын, кээде чыгыштын ордуна колдо-
...лат. Мейкиндик жөндөмөлөрүнүн бири-бири менен алмашып
...лүүсү азыркы түрк тилдеринен да кезигет: *юбердик анда*
...барыштын ордуна); мени малга кажатым йоктур—менин...
...лыштыр, кыргызча *Чыйырдынын курсагына эркек бала бар*
*...лсо* (Радлов „Образцы" V, 2 бет). Жогорку келтирген ми-
...лдардан жатыш жөндөмөсү барыштын ордуна колдонулушу
...тизинен мейкиндик жана мезгилдик маанилер боюнча ал-
...шылганын байкоого болот. Мейкиндик маани боюнча жа-
...ш жөндөмөсү барыш жөндөмөсүнүн ордуна колдонулушу
...ын эң байыркы маанилеринин бири болуп эсептелет. Жа-
...ш жөндөмөсүнүн кайда?, кайдан?, каякка? деген суроолорго
...оп берүүчү мейкендиктин үч түрдүү багытында колдонулу-
...у түрк эмес башка тилдерден да кезигет. Жатыш жөндөмө-
...нүн башка жөндөмөлөрдүн (барыш) ордуна колдонулушун
...гачкы убактарда алардын кээ бир семантикалык мааниси
...агынан окшош, бирдейлиги менен же болбосо, так диф-
...ренцировать этилбегендиги менен түшүндүрүүгө болот.

Азыркы түрк тилдери чыгыш жөндөмөсүнүн формасы бо-
...нча бири биринен айрылбайт. Байыркы түрк тилдеринде да
...гыш жөндөмөсү ушул эле -дан, -дин формасы боюнча бе-
...лген. Бирок аларда чыгыш жөндөмөсүнүн ордуна жатыш жөн-
...мөсүнүн колдонулушу басымдуулук кылган да, чыгыш жөндө-
...сү өтө эле сейрек кездешет. Мисалы, *йарыклыг кантан* (*кан-*
*...ын?*) келип (КТ.Б. 23)—жарактуу кайдан келип. *Кыргыз каганта*
...рдуш Ынанчу Чур келти—Кыргыз ханынан Тардуш-Ынанчу Чур

[1] С. Е. Малов. Енисейская письменность тюрков, 1952.

келди (К.Т.Б. 53) (13). Салыштыр түркмөнчө *дөртден эки* — *дөртде эки*. Жогоркудай фактылардын негизинде кээ бир изилдөөчүлөр[1] түрк тилдериндеги жөндөмөлөрдүн ичинен эң жашы (кийинкиси) чыгыш жөндөмөсү деп эсептешет. Мурунку убакта анын функциясын жатыш жөндөмөсү аткарган, ал кийинчирээк — уйгурдун классикалык адабиятынын доорунда пайда болгон деген корутундуга келген. Бул пикир биринчи жолу В. В. Радлов тарабынан айтылган. Мунун кийинки кезде пайда болгондугунда талаш жок. Мүмкүн ал кезде чыгыш жөндөмөсү өзүнчө грамматикалык форма катарында оформить этилүү процессинде (в процессе становлении) жүргөндүр. Бирок „орхон жазууларында ал жок болгон“[2] деген пикир фактыга караганда туура келбейт, анткени анда чыгыш жөндөмөсү кезигет.

Байыркы түрк тилдеринде жогорку көрсөтүлгөн жөндөмөлөрдөн башка инструментальный жөндөмө да болгон. Анын морфологиялык белгиси болуп *-ын* эсептелет. Мисалы: *үнин* кыкыра бертим — мен (үн менен) кыйкыра бердим; *көзин* — көзүм менен, *кылычын* — кылыч менен ж. б. Жөндөмөнүн бул формасы азыркы түрк тилдеринде өзүнчө жөндөмөлүк функциядан калып, сенек формада тактоочтордо гана сакталган. Мисалы, *күнүн-түнүн, кышын-жазын* ж. б. Ал эми кээ бир түрк тилдеринде болсо сенек тактоочтордо сакталуу менен бирге ал жөндөмөнүн түрү өзүнүн маанисине ылайык келген жандоочтор (менен) тарабынан сүрүлгөн, б. а. инструментальный жөндөмөнүн морфологиялык милдеттин кээ бир түрк тилдеринде „менен“ дин кыскарган формасы аткарып калган.

Монгол тилиндегидей болуп, байыркы түрк тилдеринде да жөндөмөнүн кабатталып келгенин көрсөтүүгө болот. Мисалы: *биз-ни-те* — бизден башка, *сиз-ни-тин* — сизден („Алтун йарук“), *огуз-дан-тан* көрүг келти — огуздардан шпион келди (Тоньюкук) (8). Жөндөмөнүн мындай кабатталып келиши азыркы уйгур тилинен жана байыркы өзбек тилинен да кезигет. Мисалы: *мениңдин, сениңдин* (илик жана чыгыш). Кыргыз тилинде мындай кабатталуу жөндөмөнүн сенек формасы аркылуу тактоочко өткөн сөздөрдө кездешет. Мисалы, *жогору — жогортон, эрте — эртеден, бери — беритен, ары — арытан* ж. б.

Сүйлөм тизмегинде негизги жөндөмө ээлик, баяндоочтук, аныктоочтук милдет аткарат. Мисалы: *Мал жайылды. Окуп жаткан — Керим. Айша — студентка. Бул кишини мурда көрбөгөн.*

Илик жөндөмө аныктоочтук гана милдет аткарат. Мисалы, *менин китебим, Асандын баласы* ж. б.

Барыш жөндөмөсү негизинен кыйыр толуктоочтук жана кыймыл-аракеттин кандайдыр бир затка болгон багытын көр-

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 61 бет.

[2] Ушул эле бетте.



төт. Бул кийинки мааниси синтаксистик жагынан толуктооч ана бышыктооч да болушу мүмкүн. Мисалы: Китепти *мага* бер... Студенттер *шаарга* жөнөштү. Ал билим алууга келди ж. б. Табыш жөндөмөсү тике толуктоочтук милдет аткарат. Мисалы, *китепти* столго кой ж. б.

Жатыш жөндөмөсү орун жана мезгил бышыктоочтук милдет аткарат. Мисалы: Чогулуш *мектепте* болот. Директор *...етиде* келет ж. б.

Чыгыш жөндөмөсү толуктоочтук жана бышыктоочтук милдет аткарат. Мисалы: Мал *тоодон* талаага түшүрүлдү. *Нан...н* алыңыз. Үй бышкан *кирпичтен* салынды ж. б.

Жогорку айтылгандарды жыйынтыктап келгенде төмөндө... үдөй корутундуга келүүгө болот:

1. грамматикалык категориялар — тилге ыраатту у, маанилүү ...үнөз берип, адамдын ой-пикирин материалдык тил калыбына ...алууга мүмкүнчүлүк берүүчү грамматикалык каражаттардын ...ири;

2. грамматикалык категориялар абстракциянын продуктусу ...атарында тилдин тарыхый узак өсүшүнүн жана тилдин грамматикалык түзүлүшүнүн жакшыртылышынын (өркүндөшүнүн) ...атыйжасы болуп эсептелет;

3. сөз түркүмдөрү бири биринен мааниси жана грамматикалык оформлениеси боюнча айрылганы менен өздөрүнө тиешелүү болгон жалпы грамматикалык категориялардын негизинде белгилүү группаларга биригишет (мисалы, атоочтор жана этиш).

## МАЗМУНУ

Кириш сөз

1 Сан категориясы

*Бет.*

Жекелик сан

Көптүк сан

Көптүк категориясынын лексикалык жол менен берилиши . . . . . 8
Көптүк категориясынын грамматикалык жол менен берилиши . . . 10
Синтаксистик жол . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10
Морфологиялык жол . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 16

II Жакталыш системасы

1. Жакталыштын толук түрү

1) Атоочтук жакталыш . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 35
Атоочтук баяндоочтун учур чагынын жакталышы . . . . . . . . 35
Атоочтук баяндоочтун өткөн чагынын жакталышы . . . . . . . 41
2) Этиштик жакталыш . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 42
Өткөн чактын -ган формасынын жакталышы . . . . . . . . . 47
Арсар келер чактын жакталышы . . . . . . . . . . . . . . . 54
Айкын келер чактын жакталышы . . . . . . . . . . . . . . . 57
Өткөн чактын--чу формасынын жакталышы . . . . . . . . . 58
Өткөн чактын -ып жана -ыптыр формасынын жакталышы . . . . . 62
Этиштин -мак, -макчы формасынын жакталышы . . . . . . . . 67

2. Жакталыштын толук эмес түрү

Шарттуу ыңгайдын жакталышы . . . . . . . . . . . . . . . . . 70
Өткөн чактын -ды формасынын жакталышы . . . . . . . . . . 75
Этиштин учур чагынын жакталышы . . . . . . . . . . . . . . 79
Тилек ыңгайдын жакталышы . . . . . . . . . . . . . . . . . . 82
Этиштин буйрук каалоо-ыңгайынын жакталышы . . . . . . . 83
Жак мүчөлөрүнүн мааниси . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 87
Баяндоочтук позициядагы сөздөрдүн „экен“, „эле“, „эмес“ жана „бол“ деген этиштер менен айкалышы . . . . . . . . . . . . . . . 91

III Таандык категориясы 97

IV Жөндөлүш типтери 105